ISSN 1694-531X

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ
БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК
УНИВЕРСИТЕТИ

# ИЛИМ жана СТУДЕНТ

(ЖАМУнун студенттеринин илимий басылмасы
2014 - жылдан бери чыгат)
№ 5

**Жалал-Абад – 2017**

## Редакциялык коллегия:

Алыбаев К.С. - башкы редактор, физика-математика илимдеринин доктору, профессор.

Асилова З.А.. - башкы редактордун орун басары, техника илимдеринин кандидаты, доцент.

**Мүчөлөрү:**

Ажыкулов С.М. - педагогика илимдеринин кандидаты.

Шамиев Ж.Б. - техника илимдеринин кандидаты.

Орозбаева Г. - филология илимдеринин кандидаты, доцент.

Аскарова А.К. - экономика илимдеринин доктору, профессор.

Сооронкулов М.Р. - техника илимдеринин кандидаты, профессордун м.а.

Адышева А.А. - химия илимдерини кандидаты, доцент.

Жуманалиева М.Б.. - медицина илимдеринин кандидаты, доцент.

Тампагаров К. - физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент.

Турдубаева Б.М. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент.

**Чыгарылыштын жооптуулары:**

Зупанов С.А. - ЖАМУнун Редакциялык басма бөлүмүнүн башчысы.

Абдразакова Г.А. - улук инспектор.

Атамбекова А.К. - улук инспектор.

Сулайманова Г.К. - Редакциялык басма бөлүмүнүн методисти.

**Ээси:**

Жалал-Абад мамлекеттик Университети

**Редакциянын дареги:**

715600, Кыргызстан Жалал-Абад ш.
Ленин к., 57
тел: (996-3722) 2-16-02
факс:5-49-50

Жалал-Абад мамлекеттик университети, 2017

УДК 514.174

# МАТЕМАТИКА В МИРЕ КРАСОТЫ
# МАТЕМАТИКА СУЛУУЛУК ДҮЙНӨСҮНДӨ
# MATHEMATICS IN THE WORLD OF BEAUTY

***Махамаджанова М.***
***ЖАГУ, ПМТФ***
***группа: М-1-14***
***Руководитель: Ураимхалилова А.***

***Аннотация:*** *Кое-кто, возможно, считает, что различные замысловатые линии, фигуры, поверхности можно встретить только в книгах учёных-математиков. Однако, стоит осмотреться, и мы увидим, что многие предметы имеют форму, похожую на уже знакомые нам геометрические фигуры. Оказывается их очень много. Просто мы их не всегда замечаем.*

***Аннотация:*** *Кимдир бирөө ойлошу мүмкүн, ар түрдүү сызыктар, фигуралар, беттер бир гана белгилүү математиктердин китебинде болот деп, бирок ойлоп көрүлс-, жашоодогу бардык эле буюмдар кандайдыр бир геометриялык фигурага окшойт. Алар аябай көп, болгону биз аларды ар дайым эле сезе бербейбиз.*

***Annotation:*** *Someone, perhaps, believes that different intricate lines, shapes, surfaces can be found only in the books of scientists and mathematicians. However, it is worthwhile to look around, and we will see that many objects have a shape similar to those already familiar to us geometric figures. There are a lot of them. We just not always notice them.*

***Ключевые слова:*** *треугольник, квадрат, геометрия, землемерие, пятиугольник, гексагон, шестиугольник, пентагон, круг, симметрия, кубизм, октаэдр, параллелепипед, шар, чугунное кружево.*

***Ачкыч сөздөр****: үч бурчтук, квадрат, геометрия, жер өлчөө, беш бурчтук, гексагон, алты бурчтук, пентагон, тегерек, симметрия, кубизм, октаэдр, параллелепипед, шар, чугунное кружево.*

***Key words****: triangle, square, geometry, land surveying, pentagon, hexagon, symmetry, octahedron.*

**Введение:**

### *Геометрия у древних людей*

Треугольники, квадраты, ромбы, окружности… каждый ученик сталкивается с ними в школе на уроках геометрии.

Научная формулировка гласит, что геометрия-это раздел математики, который изучает пространственные фигуры и формы.

Еще в эпоху неолита люди составляли на стенах пещер орнаменты из треугольников, ромбов, прямоугольников, кругов. Древние художники тонко чувствовали красоту геометрических форм; наскальные рисунки, выполненные с большой любовью к природе, радовали глаз.




Человек отмечал равенство, симметрию, подобие фигур. Со временем он научился использовать свойства фигур в практической жизни. Геометрия-древнейшая наука, а первые геометры производили расчеты свыше тысячи лет назад.

Земледельцы, жившие на берегах великих рек: Нила, Тигра и Ефрата, Инда и Ганга, искусно делили свои земельные участки. Для проведения замеров были выработаны первые правила новой науки-«геометрии», что в переводе с греческого и означает-«землемерие».



Геометрические фигуры интересовали наших предков не только потому, что помогали решать практические задачи. Некоторые из фигур имели для людей магическое значение. Так, треугольник считался символом жизни, смерти и возрождения; квадрат-символом стабильности. Вселенную, бесконечность обозначали правильным пятиугольником-пентагоном, правильный шестиугольник-гексагон, являлся символом красоты и гармонии. Круг-знаком совершенства.

***Геометрия в быту.***

Стены, пол и потолок является прямоугольниками (не будем обращать внимание на приемы окон и дверей). Комнаты , кирпичи, шкаф, железобетонные блоки, напоминают своей формой прямоугольный параллелепипед.



Посмотрим на паркетный пол. Планки паркета-прямоугольники или квадраты. Плитки пола в ванной, метро, на вокзалах чаще всего бывают правильными шестиугольниками или восьмиугольниками,

между которыми уложены небольшие квадратики. Многие вещи напоминают окружность-обруч, кольцо, вдоль арены цирка.




Арена цирка , дно стакана или тарелки имеют форму круга.




Фигура, близкая к кругу, получится, если разрезать поперек арбуз. Нальем в стакан воду. Ее поверхность имеет форму круга. Если наклонить стакан, чтобы вода не выливалось, тогда край водной поверхности станет эллипсом. А у кого-то есть столы в виде круга, овала или очень плоского параллелепипеда.

Со временем изобретения гончарного круга люди научились делать круглую посуду-горшки , вазы. На геометрический шар похожи арбуз, глобус, разные мячи (футбольный, волейбольный, баскетбольный, резиновый). Поэтому, когда у футбольных болельщиков до матча спрашивают, с каким счетом он кончится , они часто отвечают : «Не знаем-мяч круглый».





Ведро имеет форму усеченного конуса, у которого верхнее основание больше нижнего. Впрочем, ведро иногда бывает и цилиндрической формы. Вообще, цилиндров и конусов в окружающем нас мире очень много: трубы парового отопления, кастрюли, бочки, стаканы, абажур, кружки, консервная банка, круглый карандаш, бревно и др.

***Геометрия в архитектуре***

Дом имеет вид прямоугольного параллелепипеда. В современной архитектуре смело используются самые разные геометрические формы. Многие жилые дома, общественные здания украшаются колоннами.

Окружность как геометрическая фигура всегда привлекла к себе внимание художников, архитекторов.

В неповторимом архитектурном облике Санкт-Петербурга восторг и удивление вызывает «чугунное кружево»-садовые ограды , перила мостов и набережных, балконные решетки и фонари. Четко просматриваемое на фоне фасада зданий летом, в изморози зимой, оно придает особое очарование городу. Особую воздушность придают воротам Таврического дворца (созданного в конце 13в. архитектором Ф. И. Волковым) окружности сплетенные в орнамент. Торжественность и устремленность ввысь – такой эффект в архитектуре зданий достигается использованием арок, представляющих дуги окружностей. Это видим на зданий Главного штаба. (Санкт-Петербург). Архитектура православных церквей включает в себя как обязательные элементы купола, арки, округлые своды, что зрительно увеличивает пространство, создает эффект полета, легкости. Выразительный контраст треугольника и прямоугольника на фасаде привлекает внимание посетителей музея Гронингена (Голландия) Круглая, прямоугольная, квадратная – все эти формы прекрасно уживаются в здании Музея современного искусства в Сан-Франциско (США). Здание центра современного искусства имени Жоржа Помпиду в Париже – сочетание гигантского прозрачного параллелепипеда с ажурной металлической арматурой. Главные элементы здания больницы в Берлине (Германия)-прямоугольники и окружности. Геометрическая форма железнодорожной станций в аэропорту Лиона (Франция) напоминают древнюю гигантскую птицу и при этом сооружение суперсовременно.



А сколько геометрических фигур можно найти в конструкциях мостов. На парапете моста часто укрепляют спасательные круги. Они по форме очень близки к тору.

***Геометрия транспорта***

По улице движутся автомобили, трамваи, троллейбусы. Их колеса с геометрической точки зрения – круги. В окружающем нас мире встречается много различных поверхностей, сложных по форме, не имеющих специальных названий.




Паровой котел напоминает цилиндр. В нем находится пар под высоким давлением. Поэтому стенки цилиндра слегка изгибаются, образуя поверхность очень сложной и неправильной формы, которую инженеры должны знать, чтобы суметь, правильно рассчитать котел на прочность. Сложную форму имеет и корпус подводной лодки. Он должен быть хорошо обтекаемым, прочным и вместительным. от формы корабельного корпуса зависит и прочность корабля, и его устойчивость и скорость. Результат работы инженеров над формой современных автомобилей, поездов, самолетов – высокие скорости движения. Если форма будет удачной, обтекаемой, сопротивление воздуха значительно уменьшается, за счет чего увеличивается скорость. Сложную форму имеют и детали машин – гайки, винты, зубчатые колеса и т. д.



Рассмотрим ракеты и космические корабли. Корпус ракеты состоит из цилиндра (в котором находятся двигатель и горючее), а в конической головной части помещается кабина с приборами или с космонавтом.

***Комбинации в окружающем нас мире***

Телевизионная башня, построенная замечательным русским советским инженером В. Г. Шуховым. Она состоит из частей, которые математики называют гиперболоидами вращения. Хотя сами части кривые, они сложены из прямолинейных металлических балок. Этим Шухов облегчил возведение башни.

Колонны в большинстве случаев-цилиндры, но могут иметь и более сложную форму. А обелиски в память погибших-четырехгранные столбы, сужающиеся к верху.

В 1908 году группу молодых французских художников в шутку прозвали кубистами за то, что они изображали мир в виде комбинаций геометрических фигур-куба, шара, цилиндра, конуса. Из насмешливого прозвища родилось новее художественное направление «кубизм», влияние которого распространилось на весь мир . Одна из таких работ картина Пабло Пикассо «Скрипка». А в таком

«геометрическом» кресле вполне удобно сидеть.



***Природные творения в виде геометрических фигур***

До сих пор рассматривали некоторые геометрические формы , созданные руками человека. Но ведь в самой природе очень много замечательных геометрических форм. Необыкновенно красивы и разнообразны многоугольники, созданные природой . Кристалл соли имеет форму куба.




Кристаллы горного хрусталя напоминают отточенный с двух сторон карандаш. Алмазы чаще всего встречаются в виде октаэдра , иногда куба.



Существует и многие микроскопические многоугольники. В микроскоп можно увидеть, что молекулы воды при замерзании располагается в вершинах и центрах тетраэдров. Атом углерода всегда соединен с четырьмя другими атомами тоже в форме тетраэдра. Одна из самых изысканных геометрических фигур падает на нас с небес в виде снежинок.
Обычная горошина имеет форму шара.




И это неспроста. Когда стручок гороха созреет и лопнет , горошины упадут на землю и благодаря своей форме покатятся во все стороны , захватывая все новые территории.

Горошины кубической или пирамидальной формы так и остались бы лежать возле стебля. Шаровую форму принимают

капельки росы, капли ртути, из разбитого градусника, капли масла, оказавшиеся в толще воды….

Все жидкости в состоянии невесомости обретают форму шара. форму шара. Отчего шар так популярен. Это объясняется одним замечательным свойством: на изготовление шара расходуется значительно меньше материала, чем на сосуд любой другой формы того объема.

***Использование геометрических форм животными.***

Животные, конечно, же геометрию не изучали, но природа наделила их талантом строить себе дома в форме геометрических тел. Многие птицы-воробьи, крапивники, лирохвосты-строят свои гнезда в форме полушара.




Есть архитекторы и среди рыб: в пресных водах живет удивительная рыба колюшка. В отличие от многих своих соплеменников она живет в гнезде, которое имеет форму шара.



Но самые искусные геометры-пчелы. Они строят соты из шестиугольников. Любая ячейка в сотах окружена шестью другими ячейками. А основание, или донышко, ячейки будут наименьшими.



***Вывод:*** В своей работе исследовала какие геометрические фигуры и тела окружает нас, и убедилась, сколько самых разнообразных геометрических линий и поверхностей использует человек в своей деятельности-при строительстве различных зданий, мостов, машин, в транспорте. Пользуются им не из простой любви к интересным геометрическим фигурам, а потому, что свойства этих геометрических линий и поверхностей позволяют с наибольшей простотой решать разнообразные технические задачи.

А природные творения не просто красивы, их форма целесообразно, то есть наиболее удобно. А человеку остается только учиться у природы-самого гениального изобретателя.

Следует отметить до начала работы над темой, не замечала или мало задумывалась о геометрии окружающего нас мира, теперь же не только смотрю или восхищаюсь творениями природы или человеком. Из всего сказанного делаю вывод, что геометрия в нашей жизни на каждом шагу и играет очень большую роль. Она нужна не только для того, чтобы называть части строений или формы окружающего нас мира. С помощью геометрии мы можем решить многие задачи, ответить на многие вопросы.

**Список использованной литературы:**


1. Детская энциклопедия. Т.2-М. «Педагогика» , 1972г.
2. Депман И.Я., Виленкин Н.Я. За страницами учебника математики: пособие для учащихся 5-6 классов средней школы.- М «Просвещение» , 1989г
3. Шарыгын И.Ф. , Ерганжиева Л.Н. Наглядная геометрия: учебное пособие для учащихся 5-6 классов. –М. «мирос», 1995г
4. Энциклопедический словарь юного натуралиста /Сост. А.Г. Рогожкин –М. «Педагогика», 1981.
5. Журнал «Клепа», 1998г.
6. Азевич А.И. «Двадцать уроков гармонии» 1998 год.


* * *

УДК 511

# МАТЕМАТИКАЛЫК АЙРЫМ УКМУШТУУ САНДАР
# НЕКОТОРЫЕ ИНТЕРЕСНЫЕ МАТЕМАТИЧЕСКИЕ ЦИФРЫ
# SOME INTERESTING MATHEMATICAL FIGURES

***Разаева Д.***
***ФКк-1-16 тайпасы***
***Жетекчиси: Кыралиева Г.Б.***
***mail:gulnara.kyralieva@mail.ru***

***Аннотация:*** *Бул статьяда математикалык айрым жөп-жөнөкөй сандардын, ар дайым биз пайдаланып, колдонуп, амал аткарып жүргөн сандардын укмуштуу өзгөчөлүктөрү жөнүндө кыскача берилди.*

***Аннотация:*** *В этом статье рассматривается осовенности некоторые простые и интересные математические цифры,которые мы постоянно воспользуемые ежедневно.*

***Annotation:*** *This article discusses osovennosti some simple and interesting mathematical figures that we constantiy vospolzuemye daily.*

***Ачкыч сөздөр****:* *Математика,сандар, цифралар, дюжина, эсептөө системасы, арифметикалык эсептөөлөр.*

***Ключевые слова:*** *Математика, число, цифра, дюжина, система исчисления, арифметические исчисление.*

***Key words.*** *Mathematics,number,figure, dozen, counting system, arithmetic calculus.*

Биз математиканы окуп үйрөнүп баштаган кезден эле ар дайым озүбүз үйрөнгөн сандар менен амалдар аткарып келебиз. Эң алгач математиканы үйрөтүүдө сандардын жазылыштарын, алардын касиеттерин айтып, балдарды, деги эле математикага кызыккан ар бир адамды жөп-жөнөкөй сезилген сандар дуйнөсунө алып барууга аракет жасайбыз.

Сандар дуйнөсүндөгү укмуштуу сандардын айрымдарына токтололу. Биз төмөндө бир орундуу, эки жана үч орундуу айрым укмуштуу сандардын «тизмегин» карап көрөбүз. Биздин «тизмедеги»

келтирилген кээ бир сандардын кызыктуу өзгөчөлуктөрүнүн сырдуу нерселерге да байланыштырып келишкен.

Француздардын атактуу жазуучусу Виктор Гюго тарабынан айтылган төмөнкү арифметикалык ой жүгүртүү жогоруда айтылган сан жөнүндөгү ырым жырымга мисал боло алат:

1

«Үч- өркүндөтүлгөн сан. Айлана үчүн диаметр кандай керек болсо,бирдик 3 саны үчүн да ошондой керек болот. Фигуралардын ичинде айлана кандай керек болсо, башка сандардын арасында 3 саны да ошондой керек болот. 3 саны борборго ээ болгон бирден бир сан. Калган сандар – эки фокуска ээ болгон эллипстер. Мына ушундан жалгыз гана 3 санына таандык болгон төмөнкү өзгөчөлүктөр келип чыгат. 3 санына калдыксыз бөлүнгөн каалаган сандын цифраларын кошсоңор суммасы ар дайым 3 кө бөлүнөт».

Бул ачык эмес жана терең ойлонтуучудай болуп көрүнгөндөрдүн бардыгы туура эмес. Цифраларынын суммасынын касиети жөнүндөгү эскертүү гана туура, бирок бул касиет айтылгандардан келип чыкпайт, анын үстүнө 3 санынын өзгөчө касиети болуп саналбайт: ал касиет менен ондук системада, ошондой эле 9 саны да, ал эми башка системалар да – негизинен бирге кем болгон сандар да айырмаланат.

Бул статьяда окуучуларды мындай укмуштуу сандардын тизмеси боюнча экскурсия жасоого жана алардын кээ бирлери менен таанышууга чакырабыз. «Тизмедеги» укмуштуу бизди кызыктырган сандар, алардын сырдуу же ачылбаган эч нерселери жок.




Тизмеден эки витрина жасайлы. Биринчи витринада бизге касиеттери менен жакшы белгилүү болгон сандар болсун, экинчи витринада укмуштуу математикалык сандар болсун.

Касиеттери бизге жакшы белгилүү болгон сандар жайланышкан биринчи витринанын жанына токтолбойбуз.

Укмуштуу сандардын тизмесине 2 саны эмне үчүн келгендигин билебиз: ал биринчи жуп

сан болгондугунан эмес, ал эсептөөнүн эң кызыктуу системасынын негизи болгондугунан келген.

Мында 9 санын табуу учун күтүлбөгөн нерсе, «туруктуулуктун символу» катары эмес. Бардык арифметикалык амалдарды текшерүүдө бизге женилдик берүүчү сан катарында каралат. Витринада биз кызыккан сандар турат. Анда 12 санынан баштайлы.

**12 САНЫ**. Бул сан эмне үчүн кызыктуу? Бул бир жылдын ичиндеги айлардын саны жана бир дюжинадагы бирдиктердин саны. Бирок дюжинанын кандай өзгөчөлүгү бар? 12 саны – он санынын ордуна эсептөө системасынын негизги катары аз жерден алынбай калган байыркы сан экендигин баардыгыбыз эле биле бербейбиз. Байыркы Чыгыштын эң маданияттуу эли – вавилондуктар жана аларга өзүнүн маданиятын өткөрүп берген сумериялыктар эсептөөнү он экилик система боюнча жүргүзүшкөн. Ондук система жеңип чыккандыгына карабастан, биз он экилик системага азыр да тиешелүү баа беребиз. Биздин дюжинага жана гросско (Гросс – 12 дюжина. Кутудагы калем учтардын саны – гросс, 144 даана.) шыктуу болгондугубуз сутканы минутага, минутаны ошончо эле секундага бөлүшүбүз, айлананы 30 дюжина градуска бөлүшүбүз, акыр-аягында, футу 12 дюймга бөлүшүбүз – мунун баардыгы жана башка көп сандаган башка нерселер, биздин күндөрдөгү байыркы системанын таасиринин чон экендигине күбө боло алат.

Дюжина менен он санынын ортосунда болгон күрөштө,10 санынын жеңип чыккандыгы жакшы болду бекен? Албетте, 10 санынын эң күчтүү союздашы биздин он манжасы бар колубуз болгон, ал эсептөөчү жандуу машина болгон жана болуп келе жатат.

Эгерде он санынын мындай союздашы болбосо, анда 12 саны онго караганда жогору бааланышы керек эле. Ондук системага караганда он экилик система боюнча

2

эсептөөлөрду жүргүүзүү бир кыйла оңой болот. Анткени 10 саны калдыксыз 2 ге жана 5 ке бөлүнсө,12 саны 2 ге да, 3 кө да, 4 кө да, 6 га да калдыксыз бөлүнөт. 10 санын эки бөлүүчүсү,12 санынын төрт бөлүүчүсү бар. Эгерде он экилик системада нөл менен аяктаган сан 2 ге да,3 кө да, 4 кө да,6 га да калдыксыз бөлүнө тургандыгын элестетсек, анда он экилик системанын артыктыкчылыгы түшүнүктүү

болот. Сандын 1/2,1/3,1/4,1/6 бөлүктөрү бүтүн сандар болууга тийиш болсо, андай санды бөлүү кандай оңой боло тургандыгын ойлоп көрөлү. Эгерде он экилик системада жазылган сан эки нөл менен аяктаса, анда ал 144 кө калдыксыз бөлүнүүгө, демек,144 тун бардык бөлүүчүлөрүнө, башкача айтканда сандардын төмөнкү катарына бөлүнүүгө тийиш:

2,3,4,6,8,9,12,16,18,24,36,48,72,144.

Эгерде эки нол менен аяктаган сандар ондук системада жазылганда сегиз бөлүүчүгө (2,4,5,10,20,50 жана 100) ээ болсо, он экилик системада жазылган сан он төрт бөлүүчүгө ээ болот. Биздин системада1/2, 1/4, 1/5, 1/20 жана ушул түрдөгү башка бөлчөктөр гана чектүү ондук бөлчөккө айланат; ал эми он экилик системада болсо, бөлүмү жок ар түрдүү бөлчөктөрдү бир кыйла көп жазууга болот жана баарынан мурда:

1/2, 1/3, 1/6, 1/8, 1/9, 1/12, 1/16, 1/18, 1/24, 1/36, 1/72, 1/144

бөлчөктөр тиешелүү турдө төмөнкүдөй жазылат.

0,6; 0,4; 0,3; 0,2; 0,16; 0,14; 0,1; 0,9; 0,08; 0,06; 0,04; 0,03; 0,02; 0,01.

Бирок, сандын бөлүнүүчүлүгү эсептөөнүн кандай системасында жазылгандыгына байланыштуу болушу мүмкүн деп ойлоо чоң жаңылыштык болот. Эгерде он экилик системада жазылган сан 6 га же 72 ге бөлүнө турган болсо,анда ал эсептөөнүн башка системасында, мисалы, ондук системада жазылган болсо, ошол эле сандарга бөлүнүүгө тийиш. Он экилик системада 6га же 72ге бөлүнүүчүлүгүн табуу оңой болот (сан бир нөл же эки нөл менен аяктайт).Он экилик системанын мындай артыкчылыктарын билип, математиктердин айрымдары бул системага толук өтүү керек деп айткандары бизди таң калтырбайт. Бирок, мындай реформага макул болбоонун себеби биздин ондук системага өтө көнүп кеткендигибизде болгон.

Бул маселе боюнча француздук атактуу математик Лаплас мындай деген: «Биздин номерлөө системабыздын негизи 3 кө жана 4 кө, башкача айтканда алардын жөнөкөйлүгү боюнча өтө көп колдонулуучу эки бөлүүчүгө бөлүнбөйт. Жаңы эки белгини (цифранын) кошулушу эсептөөнүн системасына бул артыкчылыкты берер эле; бирок мындай жаңылыкты киргизүү, сөзсүз четке кагылар эле. Биз, биздин арифметиканы жараткан артыкчылыкты – атап

айтканда колдун манжалары боюнча саноо мүмкүнчүлүгүн жоготоор элек».

Тескерисинче, бир түрдүү болсун үчүн ошондой эле жааларды ченегенде градустар менен минуталарды колдонуудан жаңы, ондук системага өтүү керек эле.

Францияда мындай реформаны өткөрүүгө аракет кылышкан, бирок ал адатка айланбай калган. Жогору жакта айтылган Лаплас мындай реформаны жактоочулардан болгон. Анын «Дуйнө системасын баяндоо» деген атактуу китебинде бурчтарды ондуктар менен бөлүү ырааттуу түрдө өткөрүлөт; ал градус деп тик бурчтун 90 дөн бир бөлүгүн эмес, 100 дөн бир үлүшүн, минута деп - градустун 100 дөн бир бөлүгүн жана ушул сыяктуу атайт. Ал тургай Лаплас сааттарды жана минуталарды ондукка бөлүүгө сунуш кылган. «Чен системаларынын бир түрдүү болушу күндүн 100 саатка, сааттын 100 минутага жана минутанын 100 секундага бөлүнүшүн талап кылат»- деп жазган ал.

3

Демек жогоруда көргөндөй, дюжинанын тарыхы чоң жана 12 саны укмуштуу сандардын тизмегинен бекеринен орун алган эмес экен.

**13 саны:** Бирок анын кошунасы болгон «шайтан дюжинасы» деп аталган,13 саны ал өзгөчө бир сан болбостон, тескерисинче начар атакка ээ болгону менен эч кандай өзгөчөлүгү болбогондуктан тизмеден орун алган: эч нерсеси менен айырмаланбаган мындай сан ырымчыл кишилер үчүн абдан «коркунучтуу» болгону тан каларлык иш эмеспи?

Бул ырым-жырымдын (байыркы Вавилондо пайда болгон) канчалык таралгандыгын билүү кыйын эмес. Мисалы, падыша бийлиги кезинде Петербургда электр трамвайын жүргүзгөндө №13 маршрутту киргизүүгө батына алышпастан,аны өткөрүп жиберип, № 14 маршрутту киргизишкен: бийликте тургандар мындай «арты жаман» номерлүү вагондорго киши түшпөйт деп ойлошкон. Петербургда квартиралардын 13 – номери ташталып кеткен үйлөрдүн аз болбогондугу кызыктуу. Көп учурларда мейманканаларда № 13 комнаталар болгон эмес. Италияда опера балет театрында 13 орундуктар болгон эмес. Эч нерсеге негизделбеген мындай сан ырым-

жырымы менен күрөш жүргүзүү үчүн Батыштагы кээ бир өлкөлөрдө (мисалы, Англияда) «13 санынын клубдары» да уюштурулган.

**365 САНЫ**. Бул сан, баарынан мурда бир жылдын ичиндеги күндөрдүн санын аныктагандыгы менен кызыктуу. Андан ары, аны 7 ге бөлгөндө калдыкта 1 калат: бул 365 санынын анчалык маанисиз болуп көрүнгөн өзгөчөлүгү биздин жети күндүк календарыбыз үчүн да чон мааниге ээ болот.365 санынын башка өзгөчөлүгү календарь менен байланышкан эмес:

365=10

Бул өзгөчөлүктүн келип чыгышына түшүнүш үчүн, төмөнкү саптарды карап көрүү гана жетиштүү болот:

2. Корн и Г. Корн Т.. Справаочник по математике для научных работников и инженеров.–М.:Наука,1970.
3. Цыпкин А. Г. Под ред. С. А. Степанова. Справочник по математике для средней школы. – М.: Наука, 1980

УДК 796,034.2

# КӨЧМӨНДӨР ОЮНУНУН ФИЛИСОФИЯЛЫК ТАРЫХЫЙ МААНИСИ
# ФИЛОСОФИЧЕСКИЙ ЗНАНИЕ И ИСТОРИЯ РАЗВИТИЯ ИГРЫ КОЧЕВНИКИ
# PHILOSOPHICAL KNOWLEDGE AND THE HISTORY OF GAME DEVELOPMENT NOMADS

***Айтали уулу Э.***
***ЖАМУ, ДТк-2-13 тайпасы***
***Калдарахунов Б.***
***ДТ-1-13 тайпасы***
***Руководитель: Мойдунов Т.***

***Аннотация:*** *Актуалдуулугу: Суверенитеттүү Кыргыз Республикасында кыргыз элинин элдик оюндары жана улуттук спорттук оюндардын түрлөрү жаралуусу боюнча жаңы доор башталды.*

*Борбордук Азия өлкөлөрүндө улуттук спорттук жана элдик кыймылдуу оюндарынын коларити кеңири жайылтуу жана спорттук практикада колдонуу.*

*Көчмөндөр оюнун актуалдуулугу элдик оюндарды жана спорттун түрлөрүн илимий изилдөө иштеринин негизинде жаштарга келечеке тарбиялоо усулдарынын каражаттарын жогорулатуу ошондой эле кыргыз элин дүйнөгө таанытуу.*

***Аннотация:*** *Актуальность темы: В условиях суверенитета Кыргызской Республики подвижные игры, народные игры и национальные виды спорта получили свое второе дыхание, и поэтому наблюдается более широкое использование их в физкультурно - спортивной практике.*

*Очень актуальным являются также научные исследование различных вопросов национального вида спорта и использование народных средств и методов в совершенствование воспитания молодого подрастающего поколения. Проведение «Игры Кочевников» особый импульс дает для нашей страны и стран Центральной Азии проведение «Игр кочевников» в распространение и популяризации*

*национальных игр и видов спорта. С другой стороны эти игры принесли стране большую известность, подняли авторитет Кыргызской Республики в мировой аренде.*

**Annotation:** *Actuality of the theme: In the conditions of the sovereignty of the Kyrgyz Republic, mobile games, folk games and* national *sports got their second wind, and therefore there is a wider use of them in physical culture and sports practice.*

*Very relevant is also the study of various sports and the use of folk remedies and methods in improving the upbringing of the younger generation. Holding the "Nomadic Games" gives special impulse for our country and the countries of Central Asia the holding of the "Nomadic Games" in the dissemination and popularization of sports games and sports. On the other hand, these games have brought the country great fame, raised the authority of the Kyrgyz Republic in the world arena.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Даекчи, саяпкер, сынчы, чертмекчи, ордо, мыкчыгер, кантек, теке чабыш, кандагай, танаба.*

***Ключевые слова:*** *Судья, тренер, лошадей, всяко профессиональный ценитель лошадей, мастер игры ордо, мастер технарь, клюшка, брюки, волос или нитка.*

***Key words:*** *Judge, horse trainer, any professional horse connoisseur, master of the Ordo game, master technician, stick, trousers, hair or thread.*

Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары Кыргызстанда экинчи ирет өтүп жатат. Биринчиси 2014-жылы сентябрь айында, ал эми 2016-жылы 9-14-сентябрда Чолпон-Ата шаарында өткөрүлдү.

Президентибиз Алмазбек Шаршенович Атамбайев көчмөндөр оюнуну жогорку деңгээлде уюштуруп өткөрүүгө демилге көтөрүп ошол эле деңгээлде кыргыз элин дүйнөгө таанытa алды.

Байыркы көчмөн кыргыздардын жашоо шарттарында, турмуш-тиричилигинде жаштайынан ат үстүндөгү ойундарды ойношуп найза, кылыч ойношуп, жаа тартышып, жамбы атышып, улак тартышып улуттук кыймылдуу оюндар менен машыгып келишкен.

“Манас” эпосундагы эчен баатырлар көчмөн кыргыз элдеринин эрдиктерини, атагыны чыгарып ата-бабаларыбыздын руху колдоп келген.

Негизинен көчмөн элдеринен өткөрүлүп келаткан оюндары "Манас" эпосунун жаралган оюндарынын негизинде жүргүзүлүүдө.

Кыргыздардын көчмөндөр оюнуна келип катышкан жалпы баардык улуттардын өкүлдөрүнө, маалымат кызматчыларына, спортчуларына олимпиядалык ийгиликтерди жаратууга ыраазычылык менен тилектештигибизди айтабыз.

Орто кылымдар учурунда "Манас эпосундагы" кыргыз элинин элдик оюндары, дене көнүгүүлөрү, традициялык абалда эл арасында коомчулук арасында элдердин талабын, кызыкчылыктарын кандырып келгендиги чоң маанини ээлеп, жаштарды тарбиялоодогу эң негизги каражат катарындагы көчмөн элдеринин улуттук оюндары дене тарбия процесси өнүктүрүа келген.

Кыргыз элдеринин пробалык тарбия берүүдө улуттук оюндар маанилүү орундарды ээлеп, акыл тарбиясы, дене тарбиясы, эмгек тарбиясы, патриоттук, интерференциалдык, эстетикалык, экономикалык өнүгүүгө жакшы тарбия бере алган.

Теманын актуалдуулугу: Эгемендүү кыргыз элинде кыймылдуу оюндар жана улуттук оюндардын түрлөрү өзүнүн экинчи "дыханиесин ачты" – деп айтсак болот. Азыркы учурда физкультура, спорт актуалдуу проблеманы козгоп, окуу – тарбия иштерини, спорттук машыгуу процессини, илимий изилдөө иштеринде улуттук оюндарды уюштуруу усулдарын бекемдеп, бышыктуу каражаттарын өнүктүрүү. Илим изилдөө иштеринин тарыхы: Байыркы замандап баштап колдонулуп келген улуттук оюндардын философиялык, тарбиялык маанисин жогорулатуу, бетин ачуу жана аларды терең изилдеп чыгуу эң башкы максат болуп саналат.

Азыркы учурда кыймылдуу оюндардын жана спорттук оюндардын тарбичлык ролун мүмкүн болушунча изилдеп чыгуу эң бир актуалдуу проблемалардын бири болуп эсептелет.

Новизна тема – Академиктердин, илимий кызматкерлердин жыйнактарын, корутундуларын, адабий булактарын терең изилдеп чыгуу жана иш тажрыйбаларында колдонуу. Традициялык,элдик оюндардын эрежелерин эл арасында чагылдыруу, улуттук оюндардын жарчыларын атайын кесиптик адистерди көбөйтүп даярдоо. Коомдун талабына жараша тарбиялоо процессини жогорку гармониялык руханий байлыгы кенен эстетикалык акылдуулукка, эмгекке нравалык сапаттуулукка, түптөлүп калыптануусуна тарбиялоо.

Практикалык мааниде: Жалпыга белгилүү улуттук оюндар жаштарды көрөгөчтүүлүккө, тарбиялык иштерди жаштар арасында жүргүзө билүү. Атайын адабияттарды колдоно билүүгө, илимий изилдөөгө, корутундулоого жана чечимди туура чыгарууга уйрөнүү. Жыйынтыгында изилдөө иштерини практикада колдоно билүүгө, теориялык жана практикалык сабактарга маанилүү сабактарын өтө билүүгө даярдоо.

Жогорудагы аткарылган көп тармактуу тарыхый проблемалар “көчмөндөр оюнунун”уюштурууда колдонулуп, өзүнүн тарыхый философиялык маанисин көрсөтө алды.

Байыркы жана орто түрк этномаданиятынын, илим билиминин жана педагогикалык ойлорунун өнүгүү тенденциясынын өзгөчөлүгү улутка чейинки этникалык топтук мүнөзгө жана жашоо ордунун белгилүү бир территориялык туруктуулукта сакталбагандыгы салттуулугуна негизделген. Орто Азиялык, ирандык жана арабдык материалдык жана руханий маданияттардагы интеграциялык процесстерден улам исламдык маданияттын синкреттик түрү келип чыккандыгы маанилүү болгон.

IX-X к.к. аль-Фараби, Жайсаң ырчы, XI к. Йусуф Баласагуни, Махмуд Кашкари, Коркут-Ата, “Огуз-наме”, андан кийин XII к.к. жашап чыгармаларын жараткан Ходжа Ахмад Ясави менен Адиб Ахмад Югнаки, XII-XIII к.к. Кет Бука, XIV-XV к.к. Токтогул ырчы, Толубай сынчы, Кутб Хорезми жана Асан Кайгы, XV-XVI к.к. Алишер Навои жана Бабур өңдүү орток түрк позициясынын өкүлдөрү жашап, чыгармаларын жараткан заманда кыргыздар, жалпы эле кыргыз эли жана уруулары каерде жашаган, аты аталган акындардын кыргыздарга канчалык тиешеси бар деген маселелерди тактап алуу маанилүү болуп саналат. Кыргыздардын байыркы жердеген жери Энесайда, Алтайда, Саян жана Көгмөн тоолорунда жүрүшкөнбү же Жети-Суу, Түркүстан жана Мавераннахрды да жердеп калган беле?

Анткени, тарыхый маалыматтар боюнча аты аталган элдик төкмөлөр да, сарайдык жазгыч акындар да негизинен азыркы Орто Азиянын (Мавераннахр, Түркүстан, Жети-Суу) жана Казакстандын (Алтын Ордо) территорияларында жашап өтүшкөн.

Байыркы жана орто кылымдык түрк уруулары, анын ичинде кыргыз уурулары кайсы динди тутушкан, жалпы дин болгонбу, же арбир этникалык топтун өзүнүн дини болгонбу, буга уруулардын

географиялык абалынын канчалык тиешеси болгон деген суроолорго жооп табуу зарылдыгы келип чыгат. Диний ишеним инсандын рухий өнүгүүсүн калыптандыруудагы эң маанилүү фактор болуп келген. Адамдын курчап турган чөйрөгө, табиятка жан-жаныбарларга жана адамдарга болгон сүйүүсү болмоюнча ишеним да, дин да болбойт.

Белгилүү кыргыз философу А.И. Исмаиловдун пикиринче кыргыздар тарых алдындагы (жапайчылык) мезгилинде дээрлик Азияда, кытайлар менен коңшу жашаган болуу керек. Алардын жарым жартысы Сибирде, Монголияда болуп, жартысы Алатоого келишкен деген божомол бар. Кыргыз эли - жалпы адамзаттын бир бөлүгү. Анын тарыхы жалпы адамзаттын тарыхынан айрылгыс, ажырагыс.

Кыргыз элинин калыптануу процессинде IX-X к.к. энесайлык кыргыздардын Тянь-Шанга массалык көчүүлөрү үзгүлтүксүз жүрүп отурган. Батыш түрк каганатында, түргөштөрдө, өзгөчө VIII-X к.к. карлуктардын мамлекетинде кыргыз урууларын феодалдык өнүгүү жолуна тартуу процесси жүрөт. Бул процесс тянь-шандык кыргыздарга караганда бир топ жогору деңгээлдеги коомдук мамилелерге ээ. Энесайдан келген кыргыздардын көчүп келүүсү менен күчөгөн.

Кыргыздардын байыркы топтору,алардын негизги этникалык уюткусу Энесайдын бассейнинде жергиликтүү динлиндик уруулар мене борбордук азиялык гундардын узак мезгилди камтыган өз ара аралашып отуруусунан улам түпөлгөн. Энесайда кыргыз урууларынын өнүгүү процесси кийинчерээк таптык коомдун келип чыгуу доорунда өзүнүн мамлекетин түзүүгө жана байыркы түрк тилиндеги энесайлык руникалык жазуулардын жаралышына негиз түзгөн. Энесайлык кыргыздар өздөрүнүн малекетинин баштапкы ээлеген ордун бир топ кеңейтишкен, согуштук жүрүштөрдүн мезгилинде алардын бир бөлүгү Тянь-Шанга андагы кыргыздардын чыңдалышына түрткү болгон.

Л.Н. Бернштамдын пикиринче Орто Азияда көчмөн уруулар менен отурукташкан элдердин ортосундагы оз ара аралашып кетүү процессинин натыйжасында түрк уруулары этногенездик жактан жеңүүчү болуп чыгышкан жана жергиликтүү чыгыш ирандык урууларды ассимлациялоо же сүрүп чыгаруу болуп өткөн. Тянь-Шанда түрдүү түрк урууларынын жана элдеринин арасынан акырында жеңүүчү болуп кыргыздар чыккан. Кыргыздардын биринчи жолу

Тянь-Шанда болусун б.з.ч. 49-47 ж.ж.Чжи Чжи Шаньюй баштаган гундардын кошундарынын Тянь-Шанга бастырып кирүүсү жана алардын бир бөлүгүнүн Талас өрөөнүндө калып калуусу менен байланыштырууга болот.

Л.Н. Бернштамдын башка бир эмгегинде да ушул тыянагы бекемделет. Андагы маалыматтар боюнча: “Тянь-Шань мына он беш жүз жылдан бери Енисейлик конокторду кабыл алып келди. Он беш жүз жылдан ашык мезгил ичи кудуреттүү Энесай дарыясынын жээктеринен ак мөңгүлүү тоолордун этегине кыргыздар өздөрү ачкан өлкөгө акырындык менен, бирок токтолбой агылып келип жатты.

Ушул жүз жылдыктар кыргыздардын алгачкы улуу көчүү доору эле. Бул улуукөчүүнүн демилгечиси гунндардын ханы Чжи Чжи Кытайдын алтын-күмүшүнө, жылтыраган чүпүрөк-чапырагына алданып анын кызматын кылып, камчысын чаппай, өзүнүн эркиндигин сатпаган урууларды топтогондо, кыргыздар биринчилерден болуп ага кошулан. Батышка жүрүш Алтай менен Чыгыш Казакстан аркылуу өтүп, Талас дарыясынын түндүк жагынан Тянь-Шанда токтогон. Ошентип кыргыздын уруулары Енисейден Тянь-Шанга орун которуштуруунун эң алгачкы мезгили биздин заманга чейинки доордун 49-47 ж.ж. болуп саналат. Мында алгач көчүп келген кыргыз урууларынын ээлеген мейкиндиги азыркы Талас, Ыссык-Көл аймактары болгон.

Байыркы жана орто түрк доорундагы кыргыздар өз мезгилинин заманбап куралына ээ болуу менен согушта күч-кубаттуу келишкен, алардын кылычы кериктин терисинен жасалган калканды чаап түшүргөн. Кыргыздар бала кезинен куралды мыктап күтүүнү, согушта өзүнүн туруктуулугун жана чечкиндүүлүгүн көрсөтүп,өтө чеберчилик менен согуштук куралды пайдалана билүүгө үйрөнүшкөн. Аларды курал менен эң мыкты согуша билүүгө гана эмес, эл жерин коргоого дайым даяр турган жоокердик духка да даярдашкан. Согуш мезгилинде коркоктук кылган жоокер эң жогорку жазага кириптер болгон.

Кыргыздарда өзүнүн уруусуна бекемдиги эң башкы сапаттардын бири болгон. Байыркы таштагы жазуулардан төмөнкүдөй саптарды окуйбуз: “Бөрү башына иш түшкөндө өзүнүн кичине бөрүлөрүн таштап кетет, ал эми барс эч качан таштабайт”.

Барс күч-кубат менен берилгендиктин символу катары кыргыз урууларынын башчыларынын атына ыйгарылган. Кыргыз жоокери уруштан качса, башы кесилген, милдетин албаган элчинин көргөн күнү да ушундай болгон. Бул жол башчынын эмес, элдин талабынан келип чыккан. Саткындын жазасы өлүм делген. Коркоктук элдешсиз жазаланган. Кыргыздын туусун өйдөлөй бекем туткан, чачылган урууларды бооруна бекем кысып бириктирген Яглакар-хан (Жааганкар-кан) болгон. Аты атап тургандай Яглагар-хандын бороон-чапкынына, күргүштөй урган мөндүрүнө туруштук бере албаган Борбор Азия урууларынын каганына ал зордук сөзүн айтат: " Сенин күнүң бүттү. Мен жакында сенин алтын ордоңду алам, анын алдына атымды байлап, туумду саям. Эгерде согушам десең токтобой кел, болбосо тез жоголгун". Кыргыздын ханынын эскертүү буйругун эрөөн албаган уйгур каганынын көрөөр күнү, ичер суусу түгөнүп, бу замандын тогузунчу жүз жылдыгынынкыркынчы жылы жан таслим болуп, эли түштүк-батыш ылдыйлай сүрүлүптозгон. Бул кез кыргыздын алчы таасы тик турган заманы катары аңыз кеп алган. Кыргыздын өкүмдүгү Энесайдын көз жетпеген жайыттарынан, Саян-Алтай бел-белестерине, моңгол жеринин тоо түздөрүнө, Жети-Суу, Теңир-Тоого жеткен. "Кул феодалдык доор – варварчылыктын анабашы, таптык коомдордун кыргыздардагы башталмасы. Кыргыз турмушунда бул мезгилде жаңы көрүнүш пайда болот. Ал улустар жана хандардын, бектердин анын үстүнөн болгон бийлиги. Хан, бектердин пайда болушу менен аксакалдардын бийлиги алсырай баштайт. Бул мезгил кыргыз турмушундагы феодализм, же айкөл Манастан кийинки учур. Уруктардын, уруулардын кандай өнгөнүн, өскөнүн "Мана" эпосу баяндаса, улустар жөнүндөгү, алардагы уруу уруу болуп алып, туугандар менен туугандардын кырчылдашкан согуштары, кармашуулары тууралуу кабарларды "Семетей","Сейтек" баяндайт. "Жаңыл мырзадагы" окуялар дагы бул тууралуу көп ойлорго көмөк болот".

Кыргыздар байыркы көчмөн элдеринин жашоо шартында көнүшүп, жаштайынан ат үстүндөгү оюндарды ойношуп, найза, копё ыргытып, кылыч чабышып, жаа тартышып, жамбы атышып, улак тартышып, ат үстүндөгү оюндарга тынымсыз машыгып, көнүп келишкен. Мисалы: "Манас" эпосундагы Көкөтөйдүн ашындагы: байге, чабыш, атчабыш, эңиш-күрөш, жамбы атмай, эр сайыш сыяктуу

оюндар акындар тарабынан кандай сүрөттөлүп айтылып келген. Ошондой эле, “Манас эпосундагы улуу баатырлардын элесине арналган мелдештер, байгелер, жөө жүрүштөр өткөрүлүп келген.

“Манас” эпосундагы жогорудагы баатырдык эпизоттор, сүрөттөлүштөр, өткөрүлгөн мелдештер таасири жаштарды патриоттук сезимге табиялоодогу негизги каражаттары катары колдонулуп келген.

Ат чабыш мезгилиндеги Аккуланын элдердин сүрөттөөсүнүн негизинде жеңип чыгуусу, Жолой баатыр, Алмамбет баатырлардын коштоосунун жардамы менен байгеде жеңип чыкты.

Ошондой эле баатырларга беттешүү: Кайылаш Куялы желмогуздун баласы менен каардуу Сарыбай менен каардуу кармашууда Кайылаш Куялы жеңип, ээрден жыгытат.

Ошондуктан “Манас” эпосундагы кыргыз элинин жаралган оюндары баатырларга эл арасында өткөрүлгөн беттешүүлөрү, жаш муундарды келечекте патриоттук сезимге тарбиялоодо өз элин сүйүүгө, коргоого негизги каражат катарында колдонулуп келген.

Эчен кылымдар бою отурукташкан элдер менен көчмөн калктардын тынчтыкта жанаша жашап саясий-экономикалык, социалдык-маданий өз ара байланышта болуп келгендиги карт тарых барактарынан маалым. Кытай жак көчмөн урууларына мамлекеттик дипломатия жаатында көбүрөөк өрнөк көрсөтүп келсе, маданият багытында кытайлыктар көчмөндөрдөн көп нерсени алышкан. Байыркы жана орто түрк доорунда замандаш жашап өткөн атактуу кытай акындарынын поэзиясынан көчмөн түрк уруулар темасын байма-бай учуратабыз. Муну улуу кытай акыны Бо Цзюйдун көчмөндөрдүн боз үйүнө зор эргүү менен берген эң сонун сүрөттөмөсүнөн байкайбыз. Ушундан улам кытай калкы менен көчмөн түрк уруулары бейкут күндөрү колу-коңшулук мамиледе жанаша жанаша эле келгендигин туябыз.

Боз үй ээсинин үстүндөгү үйүнө өтө аяр мамиле жасап, сактап, өзүнөн кийинки муундарга, өмүр көчүн улантуучу урпактарга ыйык ата-эне белегин калтыруусун ушул кытай акынынын миң жылдан ашуун мезгил мурун жазган. Кытай ханзаадаларынын ак сарайларына көчмөндөрдүн боз үйүн алмашпастыгы акындык эргүүдөн, сонуркоодон жана эркин жашоо-турмушка суктангандыктан гана болбосо керек.

Л.Н. Гумилев боюнча кытай акыны орточо оокаттуу көчмөн жашай алгыдай кадимки турак жайды сүрөттөгөн. Хандын боз үйү болсо Влахерн сарайынын жасалгасын көргөн византиялык императордун сарайында иштеген Менандр Протекторду да таң калтырган. Ал алтын тактысы бар чатырды сүрөттөп жазат. Чатыр ушунчалык жеңил болгондуктан аны бир атка жүктөөгө болот.

“Манас” эпосунун доорунан жаралган кыргыздардын элдик оюндарынын зор философиялык мааниси бар. Коомдук жашоо шартындагы элдердин үрп-адаттары көчмөн элдеринин эң байыркы башчыларынан болуп жашап келишкен.

Ошондуктан ар кандай нравалык өлөн-шөөктөр, мелдештер, баатырлар беттешүүлөрү эл арасындагы акыл-эстүүлүккө, дене-маданияттуулукка, патриоттуулукка, эстетикалык коздукка, интернационалдуулук экологиялык тазалыкка жаштарды тарбиялап, көк ала-майдан үстүндө майрамдык мелдештерди уюштуруп өткөзүп келишкен.

“Манас” эпосундагы “кыз куумай” оюндары (андагы аттарды тандоо, камчы тандоо, атайын кооздуктагы кийимдерди тандоо) өткөрүлүүчү жайлар эл арасындагы зор философиялык мааниде жүргүзүлгөн.

Ордо оюну илгертен эле “Манас” эпосуна таандык экендиги белгилүү. Ордо оюнунда түспөлү “хитра” 1100-1200 жылдыздарына таандык экендигин Рашид Адиндин жазмасында баяндалган.

Манас кыргыз элине бийлик кылышына миң жылдан ашык өткөнүнү тарыхчылар белгилеп кетти. Демек, “ордо” оюнуну кыргыз элинин саясий аскер маданиятынын бир үлүшү катары бааласа болот. Андыктан анын тарыхына илимий изилдөө зарыл. Биздин маалыматтарга караганда ордо оюнуну аскердик оюнга эле эмес малекеттүүлүгүнүн макеттерин тургандыгы болуп эсептелет жана философиялык мааниге ээ болот.

Тогуз коргоол оюну өз убагында сактар, гунндар, усундар, кыргыздар байыртан ойноп келишкен. Үч миңинчи жылдардагы тарыхка байланыштуу болушат. Кыргыздарда тогуз коргоол оюну эң негизги улуттук оюндардын бири болуп эсептелет. Ошондуктан тогуз коргоол оюну аң сезимди өнүктүрүүдөгү эң негизги каражат болуп саналат жана анда тарыхый философиянын мааниси зор экендиги айтылат. Тез ойлонуп, логикалык ой жүгүртүүгө, эли-жерди

башкаруучулукка, экономиканы өнүктүрүүгө, эмгекке тарбиялап, саресептүүлүккө үйрөтөт.

Оюндун негизги эрежеси жана жазма иштери белгилүү түрколог Д. Алмаши 1903-жылы Венгрия окумуштуусу диограммасын түзүп берген.

Биринчи чемпионат 1949-жылы башталган. Ошол жылдан бери Кыргыз Республикасынын биринчилиги өткөрүлүүдө. Бул оюнду Кыргызстанда окумуштуулар А. Чылымов, Т. Орозбаков, М. Жаманбаев, А. Иманашев, М. Асаналиевдер жетектешет. Улуттук оюн тогуз коргоол азыркы мезгилде мектеп окуучуларынын программасында, окуу программаларына киргизилген жана окутулуп жатат.

Келечекте жаштарды тарбиялоодо “Манас” эпосунан мурас катары урпактарга калтырылып, керек болсо дүйнөлүк чемпион А. Карпаев “ тогуз коргоол” өңдүү шахматтан кем калышпаган келечекте олимпиада оюндарынын программасына киргизүүгө болорун айтып, эскертип кетти.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Гумилев Л.Н. Байыркы түрктөр. Б., “Кыргызстан-Сорос” фонду, 1999
2. Поэзия народов мира. М., “Детская литература”, 1996
3. Азизбаев С.С., Кулатуу. // Физкультура жана спорт. Энциклопедия. – Бишкек: Мамлекеттик тил жана энсклопедия борбору. 2002. – 100 б.
4. Актан Тыныбек уулу. Кыргызыдын улуттук оюндары // В кн.: Актан. Сост. О.Сооронов – Бишкек: Адабият. – 1991. – С. 189-242.
5. анаркулов Х.Ф. Кыргыз эл оюндары. – Бишкек: Кыргызстан, 1991.-246 б.
6. Айтманбетов Д. Культура киргизов во второй половине XIX - XX века. – Фрунзе: Илим, 1967. – 309 с.
7. Кийзбаев М.С. Улуттук спорт түрлөрүнүн келечеги // В кн.: Материалы международной научно-практической конференции, посвященной 120-летию со дня рождения Кааба уулу Кожомкула. – Бишкек: КГАФКиС, 2008. – С. 117-123.

8. Элдик педагогикалык ойлордун тенденциясын үйрөнүүдө байыркы жана орто түрк доорундагы кыргыздардын этногенезин тактоонун ролу

* * *

УДК 392.5

# КЫТАЙЛЫК КЫРГЫЗДАР МЕНЕН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЫРГЫЗДАРДЫН КЫЗ УЗАТУУ САЛТЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ОСОБЕННОСТИ ТРАДИЦИИ «КЫЗ УЗАТУУ» МЕЖДУ КИТАЙСКИМИ КЫРГЫЗАМИ И МЕСТНЫМИ КЫРГЫЗАМИ DIFFERENCES OF THE TRADITION “КЫЗ УЗАТУУ” BETWEEN CHINESE KYRGYZ AND NATIVE KYRGYZ PEOPLE

***Байзакова Г.***
***ЖАМУ, Филология факультети***
***Атк-1-13 тайпасы***
***Жетекчиси: Жоробекова Н.А.***

***Аннотация:*** *Бул макалада Кытай өлкөсүндө жашаган кыргыздар менен жергиликтүү кыргыздардын кыз узатуу салтындагы өзгөчөлүктөрү баяндалган.*

***Аннотация:*** *В этом статье, сказано об особенностях традиции «Кыз узатуу» между Китайскими кыргызами и местными кыргызами.*

***Annotation****: In this article was shaved differences of the tradition “Кызузатуу” between Chinese Kyrgyz and native Kyrgyz people.*

***Ачкыч сөздөр****: кыз, бала, сөйкө саалуу, үйлөнүү той, сеп, кудаа түшүү.*

***Ключевые слова****: девушка, мальчик, помолвка, свадьба, приданое, посвататься.*

***Key words:*** *girl,boy, propose girl to som asa wafe, wedding party, marriage pation, ask in marriage.*

Кытайлык кыргыздардын руханий маданиятынын бир өзөгүн элдик үрп адаттардан көрүүгө болот. Мисалы: кытайлык кыргыздарда

«Сөйкө салуу» салты кеңири тараган. Бул боюнча бала чоңоюп калган кезде, ата-энеси астыртан белгилүү бир киши менен куда болууга кам урат, эки жак сүйлөшкөн соң, сөйкө салып келүү күнү белгиленет, уулдун ата-энеси жакын көргөн эки-үч кишини ээрчитип, кыздын үйүнө барып сөйкө салат. Сөйкө салганда уул тарап колунан келгенин алып барат. Эки жак келишип, той түшүрөөр күн белгиленген соң, уул тарап калыңга берер малын камдайт. Мында эки жак тең эле журтуна таянат. Атап айтканда, жалпы тууган-урук, дос-тамыр, куда-сөөктөр жана башка алыш-бериш кылган кишилер түгөл кабарланат, алардан жардам суралат. Чакырылган кишилердин ар кимиси өзүнө тиешелүү жакка мал - пул, кыз жакка чапан, көйнөк, жоолук сыяктууларды кошот. Мында деле калыңга түшкөн бир өлчөм болбойт. Бүгүнкө күндө калыңга кошуп, эгерде кызматтагы кыз болсо, мотоцикл, ал эми үйдө олтурган кыздарга велосипед берүү салтка айланып бара жатат. Мезгилдин нугуна карай жогорку окуу жайларын бүтүргөн кыздардын калыңы кыйла жогору экенин байкалган. Кудалашкан адам, жылкыга кебез байлап, бир койду куйкалап (муну куйка кой деп атайт, мунун оң кол, сол бутунун шыйрагын кеспейт) калган калыңдык малды айдап уул тарап кыз жактын үйүнө түшөт. Кыз жак уул тарапка берген калыңына жараша тогуз кийит деп көйнөк, чапан, жоолук берет. Кыз жак өзүнө караштуу кишилерге калыңды жетишинче бөлүп, ырым кылат. Уул тарап дагы куданын берген кийитин жетишинче өз жагына бөлүп берип, ырым кылат. Ал той ушинтип аяктайт. Кудалашканда күйөө менен күйөө жолдош жанбаштык байланып келет. Жанбаштык дегенибиз куржун, ал куржунга боорсок жана кант, бир козунун бышырылган эти, бөйрөк, шыйрак, керчөөсү менен кошо салынат. Күйөө кудага келген элдин артынан кечигип келет. Айылдын чекесинен аны кыздын жеңелери тосуп чыгышат. Күйөө жана күйөө жолдош жүгүнөт, жеңелер аларды алкайт да, айылга алып барып, арналуу үйгө түшүрөт, канжыгадагы жанбаштыкты чечип, бөлүп алышат. Мындай жанбаштык алып баруу кийинки жүз көрүшүү тоюнда да болот. Айта кетерибиз жаштар жеңелердин кылдаттыгын байкоо үчүн жанбаштыкты канжыгага чапан түйүп байлап салышат, аны чечип алуу абдан кыйын. Эгер кыштын күнү болуп калса, чапан түйүлгөн жерге суу куюпташташат, ал тоңуп, аны чечүү ого бетер кыйындайт. Жеңе болгондор чече албай аргасы кеткенде ээр-токумду кошо алып,

үйгө кирип чечүүгө аракеттенишет.Анткени, канжыганы кесип алуу мүмкүн эмес, эгер кесип алса айып төлөйт, ал тургай чоң чыр чыгат. Куйка койго кошуп алы барлар бирден бодо, жогу бирден койду кошо бере турган иш да бар. Муну жыгач бастырар деп коюшат. Бул кийинки тойлордо да боло берет. «Тебетей кошуп кудага өтүүнүн» эки кудага тең байланышы бар.[1.28]

В структуре держателей ГКВ преобладали коммерческие банки с долей в 54,4% от общего объема ГКВ в обращении, что на 3,3 процентных пункта ниже аналогичного показателя 2014 года. В номинальном выражении объем векселей в портфелях банков по состоянию на конец 2015 года сложился в размере 1,8 млрд. сомов.
Количество банков, владеющих ГКВ, повысилось до 15, а индекс концентрации банковского портфеля данных ценных бумаг повысился с 0,23 до 0,28, что эквивалентно разделу рынка между четырьмя банками с равными долями. Уменьшение доли банков с одновременным снижением удельного веса юридических лиц-резидентов с 1,0 до 0,4 процента было вызвано повышением активности институциональных инвесторов, в результате которой их доля увеличилась за год на 3,9 процентных пункта, до 45,2%. В рассматриваемом периоде нерезиденты в аукционах участия не принимали.

На вторичном рынке коммерческие банки активно использовали ГКВ при заключении сделок на условиях репо. В отчетном году объем данных операций по сравнению с аналогичным показателем 2014 года снизился на 15,7%, до 10,2 млрд. сомов. Объем межбанковских операций по покупке-продаже ГКВ до погашения (на

условиях «аутрайт») на вторичном рынке увеличился на 15,5%, составив 96 млн. сомов. Средневзвешенный срок до погашения ГКВ в данных сделках составил 241 день, а средневзвешенная ставка – 13,4% (диагр. 4.).

**Диаграмма 4. Спрос и размещение ГКО**




В рассматриваемом периоде эмитентом предлагались ГКО со сроком обращения на два, три и пять лет.

Общий уровень предложения ГКО был повышен Министерством финансов в 1,9 раза по сравнению с 2014 годом. Таким образом, в отчетном году показатель продаж ГКО составил 5,2 млрд. сомов, увеличившись на 9,4%, что в итоге привело к 40-процентному росту объема данных бумаг в обращении, до 10,0 млрд. сомов. Продажи бóльшей частью были сформированы за счет трех участников рынка, обеспечивших за год в сумме 87,7% всего объема размещения, что указывает на сохранение высокого уровня концентрации рынка ГКО.

В отчетном периоде общая средневзвешенная доходность ГКО составила 16%, повысившись на 1,6 процентных пункта по сравнению с аналогичным показателем 2014 года.

В 2015 году на рынке размещались 7 и 14-дневные ноты. Национальный банк продолжал использовать ноты как инструмент изъятия избыточной ликвидности, регулируя объем их предложения в зависимости от задач денежно-кредитной политики и уровня ликвидности в банковской системе (диагр. 5).

**Диаграмма 5. Спрос и размещение нот НБКР**




За 2015 год Национальный банк в соответствии со стратегическими и тактическими целями в рамках проводимой денежно-кредитной политики по сдерживанию инфляционных процессов снизил годовой объем предложения нот по сравнению с 2014 годом на 5,1%, до 130,5 млрд. сомов. Общий показатель размещения по всем видам нот снизился на 13,7% по сравнению с предыдущим годом и составил 67,9 млрд. сомов (диагр. 6).

Средневзвешенный уровень доходности по всем видам нот по сравнению с данным показателем 2014 года повысился на 3,6 процентных пункта до 9,9%.

**Диаграмма 6. Средневзвешенная доходность по видам нот НБКР**




Объем нот Национального банка в обращении на конец 2015 года составил 2,1 млрд. сомов (+60,5%). В структуре держателей нот доля коммерческих банков составила 97,6%, юридических лиц-резидентов – 2,4%.

Ноты Национального банка находились в активах девяти банков.

В 2015 году удельный вес КО в структуре государственных ценных бумаг снизился до 3,5% (-1,5 процентных пункта). В итоге объем КО в обращении за год снизился на 9,8% составил 594,6 млн. сомов.

Объем переводных векселей в обращении, выпущенных Министерством финансов в процессе переоформления задолженности банков и других финансовых учреждений перед вкладчиками, составил 34,7 млн. сомов, а их доля составила 0,2.

На конец отчетного периода весь объем муниципальных ценных бумаг, размещенных мэрией г. Бишкек в предыдущих годах, был погашен в 2015 году.

В 2015 году на фондовом рынке общий объем торгов с ценными бумагами составил 8,9 млрд. сомов, увеличившись в 2,3 раза. Количество заключенных сделок с ценными бумагами увеличилось на 5,9% по сравнению с аналогичным периодом предыдущего года.

В отчетном году было зарегистрировано 66 выпусков ценных бумаг на сумму 6,3 млрд. сомов.

По состоянию на конец года 23 эмитента прошли листинг на Кыргызской фондовой бирже.

Рынок ценных бумаг в Кыргызстане как основной механизм перераспределения денежных ресурсов еще не сложился, что является одним из сдерживающих факторов развития экономики. На сегодняшний день выявились следующие недостатки:

- преобладание ориентации участников рынка на получение спекулятивного дохода и отсутствие интереса к долгосрочным вложениям;
- необработанность системы взаимодействия органов государственного регулирования фондового рынка, отсутствие системы эффективного регулирования рынка;
- наличие больших пробелов и противоречий в нормативно-правовой базе рынка ценных бумаг; слабый контроль за выполнением уже имеющихся законодательных актов и постановлений по вопросам регулирования рынка ценных бумаг;
- слабая вовлеченность в работу на рынке ценных бумаг отечественных индивидуальных инвесторов.

Кыргызский рынок ценных бумаг имеет большой потенциал развития. Совершенствование рынка ценных бумаг с целью усиления его воздействия на экономический рост в КР возможно, на наш взгляд, за счет усиления государственного регулирования в этой сфере.

К приоритетным направлениям политики государства на рынке ценных бумаг можно отнести разработку единой концепции развития рынка ценных бумаг, для чего необходимо консолидировать все заинтересованные в его развитии стороны, а также обеспечение лучшего доступа к капиталам перспективных промышленных предприятий. Стимулирование внутреннего спроса возможно за счет совершенствования налогового законодательства, снижения уровня рисков, связанных с ценными бумагами.

Необходимо четкое разграничение функций государственных органов, участвующих в регулировании рынка ценных бумаг, создание системы отчетности и публикации макро- и микроэкономической информации о состоянии рынка ценных бумаг.

Перспективной, на наш взгляд, является эмиссия ценных бумаг под развитие инфраструктуры как самого рынка так и производственной инфраструктуры (связи, транспорта).

**Список использованной литературы:**


1. О рынке ценных бумаг [ Текст]: закон Кырг.Респ. о внес. и доп. в Закон Кырг.Респ. от 24 июля 2009// Эркин-Тоо.- 2009. -(3 августа). –С. 9.
2. Об акционерных обществах [Текст]: закон Кырг. Респ. в ред. Законов Кырг.Респ. от 27 января 2006. -№15. –С.3-12.
3. Абдынасыров, У.Т. Стратегия и перспективы развития рынка ценных бумаг в Кыргызской Республике [Текст]/У.Абдынасыров.-Б.: Академия.- 2005. – 468 с.
4. Бектенова, Д. Ч. Финансовые механизмы экономического роста в Кыргызстане [Текст ]/ Д.Ч. Бектенова // Вестник КРСУ.- 2006. – №6.- С. 9-12.
5. Годовой отчет Государственной комиссии при правительстве Кыргызской Республики по рынку ценных бумаг за 2014 год. –Б.: Эрзим.-2015. –С.15-27.
6. Майдунов, М. Рынок ценных бумаг: портрет сегодняшнего дня [Текст]/М.Майдунов.- //Менчик.- Б.- 2006.- № 2.- с.32-34.
7. Мечукаева, К.М. Рынок ценных бумаг и биржевое дело [Текст]: учеб.-Б.: Просвещение.- 2005. -307с.
8. Элебаев, Н. Приоритеты развития фондового рынка в Кыргызстане [Текст]/ Н. Элебаев /Kyrgyzstan brief - Б.- 2007.- №11.- с.18-24.
9. Элебаев, Н. Новые тенденции развития фондового рынка в Кыргызской Республике [Текст]/Н. Элебаев//Менчик. Экономический журнал.-Б. – 2007.-№1.- с.12-16.


* * *

УДК 37.02

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА ЭТИШТИ ҮЙРӨТҮҮДӨ ДИДАКТИКАЛЫК ОЮНДАРДЫН МААНИСИ
# СУЩНОСТЬ ДИДАКТИЧЕСКИХ ИГРЫ ОБУЧЕНИЕ ГЛАГОЛА НАЧАЛЬНОГО КЛАССА
# ELEMENTARY CLASSROOM, THE MEONING OF THE VERB TO TRAINING DIDACTIC GAMES

***Жуман кызы Р.***
***ЖАМУ, П-1-13 тайпасы***
**Ledi.gumankyzy@mail.ru**
***Жетекчиси: Ураимов К.М.***

***Аннотация:*** *Бул макалада башталгыч класстарда этишти окутуунун ыңгайлуу жолдору жана аны жеткиликтүү үйрөтүүдөгү дидактикалык оюндардын мааниси жана оюн аркылуу окуучулардын кебин өстүрүү маселелери жөнүндө сөз болот.*

***Аннотация:*** *В этой статье идти речь об удобных методах обучения в начальных классах глаголов ,значение дидактических игр при эффективном обучении ,а так же о задачах развития речи учащихся с помощью игр.*

***Annotation:*** *In this article, primary school, verb to ensure access to distance learning methods and didactic speech of students on the importance of games and game breeding can talk about the issues.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Кыргыз тили, этиш сөз түркүмү, дидактикалык оюндар, кеп өстүрүү маселелери.*

***Ключевая слова:*** *Кыргызский язык, глагол, дидактические игры, актуальность развитие речи.*

***Key words:*** *Raise the Kyrgyz language, the verb, didactic games it is grooving.*

Башталгыч класстарда кыргыз тилин үйрөтүүдө башкы маселе окуучунун кебин калыптандырып, кыргыз тилинде пикирлешүүгө үйрөтүү болуп саналат.

Этишти салыштырып үйрөтүү аркылуу балдардын кебин өстүрүүдө оюндун мааниси зор. Анткени класста оюн сабактарын

жүргүзүү балдардын курактык өзгөчөлүктөрүнө ылайык келет. Сабакты кыймылдуу, дидактикалык оюн ырааттуу жүргүзүлсө балдардын кебин өстүрүүгө, тил маданиятын калыптандырууга өбөлгө боло алат. Ошондой болсо да оюндар өтүлө турган темага ылайык ,максаттуу жүргүзүлгөндө гана натыйжа бермекчи.

Оюн - биринчиден, баланын, жалпы эле адам баласынын өзгөчө ишмердүүлүгү. Экинчиден, оюндар окуучулардын эмоциялык жактан көңүлдөрүн көтөрүп, чыгармачылыгын жана сабакка болгон активдүүлүгүн жогорулатат.[2, 87]

Оюндун эң негизги максаты – билим берүүчүлүк болгондуктан, аларды баш аламан өткөрүү, көңүл алуучулук , убакыт өткөрүү максаттарын көздөбөш керек, т.а.оюндун максаты балдардын кебин калыптандыруу жана сабактын практикалык баалуулугун өстүрүү. Ал эми милдеттери болуп, алардын фонетикалык, лексикалык, грамматикалык сабаттулугун арттыруу болот.Ошол себептен дидактикалык оюндар максатына жана милдеттерине жараша бир нече типке бөлүнөт: .[4, 21]

1.Тил жатыктыруучу маданиятына;

2.Лексикалык байлыгын өстүрүүчү;

3.Кебин (монологдук, диалогтук) өстүрүүчү кыймылдуу оюндар;

4.Грамматикалык көндүмдөрүн калыптандыруучу;

Оюн жалпы мааниде алып караганда адамдын физикалык интеллектуалдык өнүгүүсү үчүн өзгөчө көнүгүү. Оюндар балдардын этиш боюнча алган билимдерин өркүндөтө алат.Анткени балдар кандай гана тапшырманы аткарбасын аларга өздөрүнүн бүткүл оюн, сөз байлыгын, этиш боюнча алган билимин жана чыгармачылыгын жумшай алышат.

Айрыкча оюн сабагы аркылуу балдарды этиш сөздөрдү үйрөтүү менен кебин өстүрүүгө интерактивдүү мамиле жасоо абдан ыңгайлуу анткени оюн өзү эле коллективдүү мүнөзгө ээ.Мында окуучулар бир максатты көздөп, биргелешип иштеп, бир чечимге келишет. Бири-биринин билимин толуктап, сабакта өздөрүн эркин сезүү менен этиш боюнча алган билимдери тереңделип, бекемделет.

Анда азыр балдарга оюндун айрым түрлөрүн сунуштайлы...

Этиш сөздөрду үйрөнүүдө төмөндөгүдөй грамматикалык оюндарды колдонсок болот: .[3,221]

Мисалы: Ким эмне кылды?

Грамматикалык тема: Кыймыл-аракеттин өткөн чагын билдирүүчү сөздөр.

Дидактикалык максаты: Кыймыл-аракеттерди туура аткаруу менен этиш сөздөрдү эсине сактап , кебинде колдонууга машыктыруу .

**“Туурап бер”** оюну .

Оюндун жүрүшү: Бул оюнда эки окуучу доскага чыгат. Аларга бирден карточка берилет. Биринчи карточкада “тамак ичүү, шым үтүктөө”, деген сөздөр, ал эми экинчи карточкада "Көйнөгүн жуу, “картошка казуу” деген сөздөр жазылган. Окуучулар карточкага жазылган сөздөрдү кыймыл-аракет аркылуу туурашат. Оюнда окуучулардын тартынбастыгы, куудулдугу бааланат .

**Ким бат табат?** оюну

Оюндун жүрүшү: Окуучуларга сүрөт боюнча төмөндөгүдөй суроо берилет: Бул сүрөттөргө карата кандай макалдарды же табышмактарды айтса болот? .[1, 11]

Мисалы :Кыздын китеп окуп жаткан сүрөтү. Бул сүрөткө карата макал жана табышмак айткыла.

1.”Көп окуган көптү билет”

2.”Китеп акыл үйрөтөт”

Табышмак: Өзү сүйлөбөйт, бирок акыл үйрөтөт(китеп)

Оюндун жабдылышы: сүрөттөр

“Тап,тап табышмак ” оюну

Оюндун жүрүшү: Оюнга эки топ катышат. Этиш сөздөр активдүү катышкан табышмактар берилет. Кайсы топ жандырмагын көп, туура тапса, ал топ жеңишке ээ болот. Окуучулар кыйналышса мугалим табышмактын жандырмагынын баш тамгасын жана акыркы тамгасын айтып жардам берет.

Табышмактар: 1.Өзү сүйлөбөйт, бирок акыл үйрөтөт.(китеп)

2.Тамакка салса жоголду, анын даамы оңолду.(туз)

3.Жалтырайт, көңүлдүү белем, карасам өзүмдү көрөм.(күзгү)

Жогорудагы “Ким бат табат”,”Тап, тап табышмак” оюндар балдардын ой жүгүртүүсүн, логикасын өстүрүүчү, тил жатыктыруучу оюндар болуп саналат. Мындан тышкары: ”Менин жомогум”, ”Адам жана жаратылыш”, ”Поэзд”, ”Буйрук бер” - деген ж.б. оюндун түрлөрү бар. Бул оюндарды сабакка пландаштырып ойнотуу зарыл.

Ушуга эле кошумча катары этишти үйрөтүүдө сюжеттик формадагы ар түрдүү тематикадагы сүрөттөрдү пайдаланса болот. [1, 12] Мисалы: Балдардын жашылча – жемиштерди терип жатканын, жаратылыштагы кубулуштардын өзгөрүүсүн, жыл мезгилиндеги айырмачылыктарды, жомоктогу окуяларды ж.б.у.с. кырдаалдарга карата материалдарды пайдалануу натыйжалуу жыйынтыктарды берет.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Касымов А. Сөз өстүрүүдө дидактикалык оюндардын ролу. –Ош, 2007. – 47б.
2. Рысбаев С.К., Исакова Ч. Кыргыз тили окуу китеби. 3-класс үчүн. –Б.: 2009,-168б.
3. Сартбаев К.К., Мураталиева Б., Акунова А. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы. –Б.: 2013. – 321б.
4. Шаелдаева С. Кыргыз тили окуу китеби. 4-класс үчүн. –Б.: 2007,-204б.


* * *

УДК 796.011.1

# ДЕНЕ ТАРБИЯ ЖАНА СПОРТТУН ЖАМУДАГЫ ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫ
# ИСТОРИЯ РАЗВИТИЯ ФИЗИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ И СПОРТА В ЖАГУ
# HISTORY OF THE DEVELOPMENT OF PHYSICAL CULTURE AND SPORT IN JASU

***Ибраимов Б.***
***ЖАГУ, ПМТФ ДТ-2-13 тайпасы***
***Руководитель: Мойдунов Т.***

***Аннотация:*** *- Квалификациялык иштин актуалдуулугу учурдун талабына байланыштуу бүткүл дүйнөлүк студент жаштарыбыздын жарым кылымдык тарбиясына багытталат, баяндама берет. Жаштар кылымынын өнүгүүсү доордогу коомдук кыймылдын аракеттин жана жылдан-жылга дүйнөдөгү эл*

*массасынын дене тарбиясы жана спорт боюнча эл арасында кеңири чагылдырышы, кеңири жайылышы болуп саналат.*

***Аннотация:*** *- Квалифический мир модернизации срочности дела, студент будет сосредоточен на воспитании молодого полвека спустя, отчет. Молодежное движение эпохи века общественной деятельности и массы людей в мире каждый год по физической культуре и спорту охват среди населения широко рассеяны.*

***Annotation:*** *- The qualifying world of modernization of the urgency of the case, the student will focus on the education of a young half-century later, the report. The youth movement of the era of the century of social activity and the mass of people in the world every year on physical culture and sports coverage among the population are widely scattered.*

***Ачкыч сөздөр:*** *FISU федерация ”Универсиада”, даекчи-секундант, президенти доктор Полом Шлеймором, Туин шаар, Францияда Шомоли шаары, ВУЗ- арасындагы “Универсиада” Ольга Шербакова ДТк 1-16 Бразилия олимпиядасынын катышуучусу, Сатарова Гулшанай Борбордук Азия өлкөлөрүнүн 3-жолку чемпионкасы. Асанов Эсен греко-рим күрөшү боюнча дүйнөлүк чемпиону. МКС- Дүйнөлүк студент жаштарын уюштуруу комитети.*

***Ключевые слова:*** *FISU федерация “Универсиада”, секундант, Президент доктор Полом Шлеймором, Город Твин, горд Шомоли в Франции, Среди ВУЗ, “Универсиада” Ольга Шербакова ДТк 1-16 участник Олимпийских игр, Бразилия, Сатарова Гулшанай 3-кратный чемпион страны Центральной Азии. Асанов Эсен чемпион мира по греко-римской борьбе. MKS- оргкомитете студентов мира.*

***Key words:*** *FISU federation “Universiade", second, President Dr. Paul Shleymor, Twin City, Chomolie in France, Universities, "Universiade" Olga Sherbakova DTk 1-16 participant of the Olympic Games, Brazil, Satarova Gulshanay 3-time champion of the country Central Asia. Asanov Esen is the world champion in Greco-Roman wrestling. MKS-organizing committee of students of the world.*

ЖАМУнун кызматкерлери 1993-жылдан баштап эбегейсиз зор жетишкендиктерге жетише алды. ЖАМУда ар тараптан жараткан ийгиликтерди бир эле дене тарбия жана спорт кафедрасынын кызматкерлерининин иштеринин негизинде эле баалап көрүүгө болот.

Башка кафедралар сыяктуу эле 1993-жылдан баштап бир педагогика илимдеринин кандидаты, бир тарых илимдеринин кандидаты, эки ЖАМУнун профессору, 6 дене 2 Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген машыктыруучусу, 2 спорттун чебери жана алардын баарысы 13 дене тарбия спортунун кызматкерлери илимий чөйрө менен машыгышат. 22 жылдан бери дене тарбия жана спорт кафедрасыны п.и.к. ЖАМУнун профессору Мойдунов Таирбек жетектеп келди. Ал эми 2016-жылдан бери Дооронов У.С. жетектеп келе жатат.

Биздин айтылып жаткан сөздөрүбүздү квалификациялык иштин мазмуну менен таанышкан мезгилде толук баяндалат.

- Негизинен илимий изилдөө мекемелеринин кенен жайылышы жана алардын дене тарбия жана спорт боюнча өсүү прогрессинин таасири келечекте жаңы коомдун адамдарын жогорку гармониялуулукта духовный жактан нравалык тарбиядан жаңы көз караштагы, жаштарды эмгеги жана башка сапаттарга тарбиялоо “Универсиада” олимпиадалык дивизиянын негизинде.
- Теманын практикалык мааниси спорттук жаштарды тарбиялоо спорттук уюштуруу сапаттары тарбиялоо усулдук-методикалык жактан алардын өнүгүүсүнө жардам берүү. Илимий практикалык жактан изилденген иш тажрыйбаларыны жаштарды тарбиялоо процессине колдоно билүү.

Студенттик жаштар спортунда тарыхый башталышы 1905-жылы эл аралык мелдештердин негизинде башталат.

1919-жылы Жаном Птитаноя негиздеген биринчи жолу конференция өткөрүлүп студент жаштар уюму түзүлгөн. Ушул түзүлгөн уюмдун коштоосунун демилгеси менен 1923-жылы биринчи жолу Парижде Бүткүл Дүйнөлүк студент жаштардын универсиадасы өткөрүлөт. Андан бир жылдан кийин Эл аралык конференция өткөрүлүп ошол эле студент жаштардын МКС уюштуруу комитети шайланып анын структурасы түзүлгөн. Алардын аракетинин ишмердүүлүгү МКС бир нече жолу мелдештер уюштурулуп жакшы натыйжасын бере баштайт.

Барган сайын мелдентин масштабы кеңейип Европа мамлекеттеринин студент жаштарынын арасындагы эл аралык деңгээлдеги мелдештер өнүгө баштаган. Ошол эле мезгилде Парижде

3 жолу, Финлндияда 2 жолу жана башка малекеттерде өткөрүлө баштаган.

Эл аралык студенттер, спортчулар федерациясына FISU уюштуруу милдети жүктөлгөн. Биринчи жолу FISU анын президенти доктор Полом Шлеймером 1947-жылы Парижде уюшулган.

Ал универсиадага көптөгөн мамлекеттер катышышкан. 1959-жылы аларга жаңы уюмдар кошулуп VIE жана FISU биргелешкен. Ошол эле жылы биринчи жолу Турин шаарында жайкы универсиада өткөрүлгөн. Ал мелдешке 965 спортчу катышкан жана башка континенттерден 45 спортчу келип катышышты. Бир жылдан кийин Францияда Шамони шаарында биринчи жолу кышкы универсиада өткөрүлгөн. Мелдеште 13 медал менен студенттер жаштар сыйланышкан.

А.С.Пушкин атындагы Жалал-Абад педагогикалык окуу жайы 1962-жылдан баштап, атайын орто маалыматтуу "Дене тарбия окутуучусу" деген адистикте адистерди тарбиялап келишкен.

Педагогикалык окуу жайы 1962-жылдан 1993-жылга чейин миңдеген дене тарбия адистерин жана атактуу спортсмендерди тарбиялай алды. Мисалы: спорттун чебери, дүйнөлүк мелдештердин катышуучусу Б. Амиракулов, Кыргыз Республикасына атагы чыккан атактуу спортсмендерди тарбиялап чыгарган.

Ошол мезгилде эмгектенишип, чоң ийгиликтерди жаратып иштешкен окутуучу машыктыруучулар: Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген машыктыруучулары Р.А.Килькеев, Т.Борбукеев, С.Исмаилов, О.И.Исманов, Э.Худайбердиев, А.Ташматов, Т.Мойдунов, А.Халилов, Б.Амиракулов булар "Дене тарбия кызматкерлеринин отличниктери", ошондой эле жаш машыгуучулардын ичинен Салаев Алтынбек дүйнөлүк деңгээлдеги 4 спортчуну даярдап, Кыргыз Республикасынын "Эмгек сиңриген машыктыруучусуна" татыктуу болду.

Окуу жайына кабыл алынган студенттерге университеттин 3 илимдин доктору профессор, 9 илимдин кандидаты, 5 спорттун чебери, 5 эмгек сиңирген машыктыруучулар билим беришет:

1. Худайбердиев Э.Х. Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген машыктыруучусу "Дене тарбия жана спорт кызматкеринин отличниги", "Эл агартуунун отличниги", ага окутуучу;
2. Ташматов А.Т. "Эл агартуунун отличниги" ага окутуучу;

3. Абдыкадыров М.А. м.и.к. профессор;
4. Төрөжанов А.Т. “Эл агартуунун отличниги”, “Дене тарбия жана спорт кызматкерлеринин отличниги”, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген машыктыруучусу;
5. Абдылдаев А.А. м.и.к. профессор;
6. Таштанов М.А. “Дене тарбия жана спорт кызматкерлеринин отличниги”, волейбол боюнча спорттун чебери, доцень;
7. Саркаров Ш.М. “Эл агартуунун отличниги”, “Дене тарбия жана спорт кызматкерлеринин отличниги”, ага окутуучу;
8. Ажибаев К.Т. “Дене тарбия жана спорт кызматкерлеринин отличниги”, “Дене тарбия” кафедрасынын башчысы;
9. Момбаев С.М. “Дене тарбия жана спорт кызматкерлеринин отличниги”, ага окутуучу;
10. Салаев А. к.м.с. грек-рим күрөшү боюнча;
11. Нуржанов Р. Жеңил атлетика боюнча спорт чебери Кыргыз Республикасынын спортакиадасынын 4 жолку катышуучусу призеру;
12. Суленов К. шахмат боюнча машыктыруучу;
13. Камчыбеков А. футбол боюнча машыктыруучу, ага окутуучу;
14. Матов Жапаралы УШУ каратэ боюнча машыктыруучу

ЖАМУда 50дөн ашык кружоктор иштет: “Эне тил”, “Жаш педагог”, “Интеграл”, “Жаш физик”, “Нихол”, “Филолог”, “Биз англис тилин үйрөнөбүз”, “Көпүрө”, “Продвижение”, “Лингвист”, “Жаш журналист”, “Микро биолог”, “Био интелект”, “Экополис”, “Жаш экономист”, “Келечектеги программист”, “Сакура”, “ACVA”, “Geodic” дана башкалар. 1993-жылдан бери ЖАМУнун студенттери Республикалык “Ала-Тоо жазы”, “Ош азем түндөрү”, “Жалал-Абад азем түндөрү”, “Ырдайлы кыргыз ырларын” фестивалдарына катышып, бир канча жолу баш байге “Гран При”ни жеңип алган.

Ошондой эле ЖАМУнун студенттери чет өлкөлөрдө дүйнөлүк, Азия чемпионаттарына жана Кыргызстандын чемпионаттарына катышып, байгелүү орундарды алышты:

- Мирзакеримов Элгазы 2007-жылы Дохада өткөрүлгөн универсиадада бокс боюнча дүйнөлүк чемпионатка катышып, 4-орун алды жана 2007-жылы Чикагодо өткөрүлгөн бокс боюнча дүйнөлүк чемпионатка катышты;

- Жеңил атлетика боюнча Бекнбаев Тилек жана Төрөжанов Акмал Кыргыз Республикасынын терме командасынын катарына кошулду;
- Эргешов А. жана Нышанов Б. теннис боюнча Казакстанда өткөрүлгөн Эл аралык турнирде 2-орунду ээлешти.
- Абылкасымов Кубаныч, Саркаров Замир жана Зулпукаров Өмүрбектер грек-рим күрөшү боюнча Эл аралык чемпионатка катышып 2-3-орундарды ээлешти.
- Асанов Эсен ЖАМУнун Юридикалык факультетинин студенти грек-рим күрөшү боюнча дүйнөнүн чемпиону;
- Сулаймонов Каныбек грек-рим күрөшү боюнча дүйнөнүн чемпиону;
- Токторбаев Тынчтыкбек Туркияда өткөрүлгөн Азия чемпионатынын жеңүүчүсү;
- Абулгасыев Нурбек Борбордук Азия өлкөлөрүнүн чемпиону;
- Салаев Алтын дүйнөнү титиреткен грек-рим күрөшү боюнча Кыргыз Республикасынын "Эмгек сиңирген машыктыруучусу" наамына татыктуу болду. Азыркы мезгилде бир нече студенттерди дүйнөлүк мелдештерге даярдоодо;
- Далибаев Исламбек Азия биринчилигинин жеңүүчүсү, бокс боюнча спорттун чебери;

Ошондой эле, азыркы убакта 3 спортчубуз олимпиада мезгилдерине катышууга жолдонмо алууга даярданууда:

- Гүлсанам Сатарова жеңил атлетика боюнча Борбордук Азиянын бир нече жолку чемпиону;
- Ольга Шербакова Дт-1-16 тайпасынын студенти жеңил атлетика боюнча Бразилияда өткөрүлгөн олимпиаданын катышуучусу

Ошондой эле азыркы убакта спортчуларыбыз олимпиадалык деңгээлге катышууга жолдонмо алышууда.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Өмүзаков Д.О. "Физическая культура// В кн.: Киргизская ССР – Фрунзе: Главная редакция Киргизской Советской энциклопедии. - 1982-Ст.253-283
2. Рзаев К.Т. "Спорт и интернациональное воспитание молодежи"- Баку: Знание, 1982- 50 ст.

3. Саралаев М.К. Азизбаев С.С. Развитие кыргызских национальных видов спорта и народных игр//В учебном пособии: История физической культуры и спорта в Кыргызской Республике.- Бищкек, 2002.С.195-211
4. Саралаев М.К. Воспитание через игры// Учитель Кыргызстана 1989, -№ 77, 22 декабря.
5. Саралаев М.К., Кийизбаев М.С., Мусалиева К.К. “Улуттук дене тарбия боюнча адистерди даярдоо проблемалары// В кн.: Материалы Международной научно-практической конференции, посвященной 120-летию со дня рождения Кааба уулу Кожомкула.- Бишкек: КГАФКиС, 2008.-С.191-195.
6. Саралаев М.К. “Кыргыздын улуттук спортунун түрлөрү”, “Физкультура жана спорт”. Энциклопедия. – Бишкек: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2002.- С.105-106.
7. Саралаев М.К., Мотукеев Б. “Дене тарбия жана спорт тарыхы”. – Бишкек, 1995- 294б.
8. Таникеев М.Т. Мир народного спорта. – Алматы: Адабият, 1999- 240 с.
9. Чухуров М.М. Интернациональное воспитание студентов в процессе занятий физической культурой и спортом // ТиПФК. - №1, 1979.-32 с.
10. Шарабакин Н.И., Курбаналиев Л.Суждение об особенностях и уровне нравственных проявлений студентов-спортсменов // В кн.: Физическая культура и спорт на пороге нового тысячелетия. – Бишкек, 2000. -С. 92-99
11. Шоломицкий Ю.С. Физическая культура и спорт советской Средней Азии и сопредельных странах востока. Авторитет. дисс. докт.... пед.наук. – М., 1972. – 51 с.
12. Абузяров Р.А. Физическая воспитание в школах Киргизии (с периода появления первых дореолюционных школ до Великой Отечественной войны). Автореф.дис. на соиск. учен. степ. канд. пед.наук. –Казань,1980, -18 с.
13. Азизбаев С.С. История развития физической культуры и спорта в Кыргызстане и международное спортивные связи (1924-2008 гг.). Автореф. на соиск. учен. спеп. канд. истор. наук. – Бишкек,2009.- 24 с.

14. Бобовская Т.Н. Исследования эффективности народных средств физческих упражнений. Автореф.дис. на соиск. учен. степ. канд. пед. наук. – Фрунзе, 1967. – 24 с.
15. Абдуллаев М.Т. “Кыргыз элинин акыл өстүрүүчү оюндары // В кн.: Материалы международной научно-практической конференции, посвященной 120-летию со дня рождения Кааба уулу Кожомкула. – Бишкек: КГАФКиС, 2008. – С. 156-162.
16. Анаркулов Х.Ф. Кыргызские народные подвижные игры, физические упражнения и современность. – Бишкек, 2003. -284 с.
17. Абсалямов Г.Ш. Опыт рааботы физкультурных организаций РСФСР по развитию национальных видов спорта // Теория и практика физической культуры. -1962, -№ 6.
18. Азизбаев С.С., Саралаев М.К. Значение международных спортивных связей Кыргызстана в интернациональном воспитании молодежи. // В кн.: Физическая культура и спорт на пороге нового тысячелетия. – Бишкек, 2000. С. 127-132.
19. Визитей Н.Н. Сущность и социальные функции современного спорта. –М.: Советский спорт. 1988. – 78 с.

* * *

УДК 331

# ЖАШТАРДЫ ЖУМУШ МЕНЕН КАМСЫЗДОО ЖАНА АНЫН КӨЙГӨЙЛӨРҮ
# ОБЕСПЕЧЕНИЕ МОЛОДЁЖИ С РАБОТОЙ И ИХ ПРОБЛЕМЫ
# THE YOUTH’S GUARANTEE WITH JOB AND THEIR PROBLEMS

***Канатбек кызы А.***
***ЖАМУ, Майлуу-Суу колледжи,***
***32 АСОИиУ тайпасы***
***Жетекчиси: Осмоналиев И.Р***

***Аннотация:*** *Бул макалада мектепти, окуу жайларды аяктагандан кийинки жумушка орношуу маселелери: жумушсуздук, аны чечүү жана чет өлкөгө жумуш издеп кетип,түрдүү көйгөйлөргө кабылган элибиздин жашоо, турмушу каралды.*

***Аннотация:*** *В этой статье рассмотрены проблемы выпускников средних, высших учебных заведении по трудоустройству и жизненные затруднения за границей молодежи и других граждан Кыргызстана, где оказались из-за безработицы.*

***Annotation:*** *One of the educational institutions' problems of Kyrgyz Youth and the graduators of different colleges is unemployment. That's why the author of the article as the graduator of the college touches this problem and the ways of avoiding of it in her article.*

***Ачкыч сөздөр:*** *жаштар, билим,бүтүрүүчү, жумуш, жумушсуздук, көйгөй,*
*чет өлкөдөгү турмуш.*

***Ключевые слова:*** *молодежь, знание, выпускник, работа, безработица, проблема, жизнь за границей.*

***Key words:*** *the youth, knowledge, graduater, job, unemployment, problem, the life abroad.*

Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгү болгондон баштап кыргыз элибиз көптөгөн кыйынчылыктарды башынан өткөрүп , дагы эле өнүгүп жатабыз. Өлкөбүздүн өсүп-өнүгүшү элибиздин ар тараптан өздөрүн өстүрүүсүнө жана эл аралык деңгээлдеги карым-катнаштарынын таасирдүүлүгүнө жараша болгондуктан, "Келечек жаштардын колунда!"- демекчи, жаштардын билимине көңүл буруу керек.



Учурда Кыргыз республикасынын мектептеринде 1 млн 18 миң (56,3%) окуучу, орто жана жогорку окуу жайларындагы студенттер билим алышууда, үй-бүлөлүк шартына же болбосо дагы башка шарттарга байланыштуу билим ала албагандардын саны арбын , ал эми билим алып, өз кесиби боюнча жумушка орношуп, айлык маянасы төмөн болгонуна карабастан ийгиликтүү иштеп жаткандардын саны 30% ды гана түзсө, калган 70% дагы жаштардын саналуулары ар түрдүү, туш келген жумуштарда иштешип, көпчүлүлүгү жумушсуздардын катарын толукташат.

Адамдын күчү – билимде. Билимдин тамыры ачуу, ал эми мөмөсү таттуу болот. Баарыбызга белгилүү болгондой согушта мылтык кандай керек болсо, жашоодо билим ошондой керек болот. Илимден эмес, билимсиздиктен коркуу керек. Биз эмне үчүн билим алабыз, мен жөн эле тамга таанысам болду же санаганды эле билсем болду деген инсандар да арабызда жок эмес. Билимди ар бир адам, эң биринчи, өзү үчүн, андан кийин гана үй-бүлөсүн, ата-энесин багуу, жакшы жашоонун ачкычын издөө, ой-максаттарына жетүү үчүн, өлкөбүздүн ар тараптан өнүгүүсүнө муштумдай болсо да өз үлүшүн кошсом деген максатта мектептен, андан кийин орто же жогорку окуу жайлардан жана башка чет өлкөлөрдөн билим алышат. « Билим алуу кымбат, бирок билимсиз калуу андан да кымбат » - деп белгилүү философ Сократ айткан. Адам билимсиз калуудан коркуу керек. Билим инсанды бактылуулукка алып барат. Билимдүү адам көйгөйдү көрүп, талдап, чече билет.

Жумушсуздук ар бир адамды ойлондурган, кайсы өлкө болбосун эң бир көйгөйлүү маселелердин бири болуп эсептелет. Жумушсуздук көйгөйү Кыргызстанды кеңири кучагына алгандыгы баарыбызга маалым. Расмий статистикага таянсак өлкөдө катталган калктын саны 6 миллион адам болсо, анын экономикалык активдүү катмарын 2 миллион адам түзөт. Быйыл жумуш берүү кызматында 8,3% же 205, 7 миң адам жумушсуз жаран катталган, алардын 51, 7% ы аялдар. Бишек шаарында–40,8 миң, Жалал-Абад областында - 38, 5 миң, Чүй областында – 35, 9 миң, Ош областында – 3, 2 миң , Баткен областында – 22, 3 миң, Ысык-Көлдө –17 миң, Нарында – 7,7 миң, Ош шаарында – 4, 3 миң ал эми Талас областында – 4 миң жумушсуз адам бар. Мекемелер жыл башынан бери 38 миң адамга жумуш сунуштаган. Бирок бош 1 орунга 13 адам талапкер болууда. Демек,

маселе дагы эле оор бойдон калууда. Өлкөбүздөгү жумушсуздуктун күндөн - күнгө күчөп баратканынын себебин көпчүлүк эл: биринчиден, өкмөттүн жаңы жумушчу орундарды түзүү боюнча иштиктүү аракети болбой жатканын айтып, сынга алышса, экинчиден, жумушсуздардын санын жогорку билими бар адистер да толуктоодо. Ошондой эле жумушсуздуктун башкы себеби катары жаштардын: 99 пайызы айлык маянанын аз болушун; 86 пайызы жумушчу орундарынын жоктугун; 85 пайызы жумушчу орундарга болгон бош орундар жөнүндө маалыматтын жетишсиздигин белгилешет. Мындан тышкары, айрым жаштар жумушсуздуктун кесепети катары өздөрүнүн кесиптик билимдеринин жана иш тажрыйбаларынын жетишсиздигин белгилеп: ар бир мекемедеги , ишканадагы жумуш орундары тааныш – билиштин күчтүүлүгү менен чечилээрин билдиришет.

Узак убакытка жумушсуз жүргөн жарандардын абалы көпчүлүк учурда «жакырчылыка» алып барат. Ошондон улам азыркы кезде жаштарыбыз жумуш издеп, «барсам эле бутума туруп кетем» деген ойдо, бара турган жагындагы жашоодон бейкабар чет өлкөлөргө: Орусияга, Казакстанга жана Турцияга кетип жатышат. Бирок ал жакка баргандардын жашоосу оорлошуп, кайра өз мекенине кетүүнү эңсеп, жумуш жоктугуна байланыштуу келе албай жүрүшкөдөрү да көп.

Азыркы учурда көпчүлүк жаштарыбыз Орусияга кетишүүдө. Жумуш издеп баргандарды кандай гана кыйынчылыктар, кырсыктар күтүп турганын эч ким билбейт. Кырсык айттырбай келет демекчи , Москва шаарында 2016 - жылдын 27 - августунда болуп өткөн өрт коопсуздугун факт катары токтолуп кетсем. Москва шаарынын Алтувиев шоссесинде жайгашкан басмакананын имартынан өрт чыгып, анын кесепетинен акча таап жакындарына жардам берип, бала-чакасын багуу, үй жай алып жаашоосун улантуу сыяктуу тилектери менен Орусияга кеткен 14 мекендешибиз кырсыктан улам кайтпай калды. Кырчындай жаш кезинде жашоосу менен кош айтышкан кыздарга аза күтүү күнү өлкөдө жарыяланган эле.

Эрте мененки саат 8 ге жакын түнкү нөөмөт менен күндүзгү нөөмөт алмашуу учурунда жумушчулар кийим которуучу жайга келишкен, бул учурда чырак жагылып андан чачыраган учкундардан шып өрттөнө баштаган, курман болгондор турган бөлмө жабык

болгондуктан куткаруучулар дубалды талкалап кирүүгө аргасыз болушкан. Өрттөнүп жаткан имараттагы адамдарга өзгөчө кырдаалдар министирлигинин кызматкерлеринен тышкары 6 мекендеш балабыз жардам берген. Орусиялык жалпыга маалымдоо каражаттары өрттүн келип чыгуу себебин электр жарыгынын эскилигинен экендигин маалымдаган. Анда Совет кезиндеги эски лампа болгон, заманбап жаңы лампалар жарылбайт. Мындан тышкары имараттын кошумча чыкмай эшиги толугу менен жыгач менен тосулуп калган. Окуя болгон күндөн баштап, өлкөдө аза күтүү күнү жарыяланып, журт жоготкон кыздарын жоктоп жатат, каза болгондордун уулуусу 45 жашта болсо, эң кичүүсү 17 жашта болгон.

Мындан тышкары, Турцияда жылына каттого алынган кыргыздардын саны 300гө жетсе, чыныгы эсеп боюнча 14 - 15 миң адам бар. Кыргызстан менен Турциянын келишими боюнча кыргыз жараны Турцияга барса, 30 күндөн ашык каттоосуз жүрбөшү керек. Каттоосу бүткөн күнү ал өлкөдөн чыгып кетиши керек болот. Каттоосу аяктаганга чейин ал кайрадан каттоосун жаңылаш керек. Кыргыз жарандары Турциянын Анкара, Стамбул жана Анталия шаарларында көп. Кээ бир кыргыз жарандарын 4–5 күн же болбосо 2-3 ай иштетишип, алдап, ар кыл шылтоолорду айтып, айлык акысын бербей иштен айдап жиберишет. Жашаганга жайы жок, иштегенге иши жок, тамак-ашы жок,





каттоого туруу үчүн документтерин жоготушуп, мекенине кайтууга акчасы жок уулдарыбыз эмгек кулчулугуна айланышат, ал эми кыздарыбыз болсо 18 жаштан 28 жашка чейинкилер сойкулук жолуна түшүүгө мажбур болушат.



Ошондой эле Сириянын аймагында эл аралык террорчулук уюмдар, ар кандай уюшкан топтор согушуп гана тим болбостон, башка жактардан жаш кыздарды алдоо жолу менен ал жака алып кетүүго аракеттерди да жасашууда. Барган кыздардын көбү ал жакта сексуалдык кулчулуктун жана жан кечтиликтин курмандыгы болушууда. Кетип жаткандардын көпчүлүгү 16 – 20жаш курагындагылар. Мындай куракта жаштар абдан ишенчээк, акылы токтоло элек мезгили болот. Ошондой курактан пайдаланып алардын башын айлантып башкаэле бизнес кылуу жебейишти элестеткен жашоону айтып чакырып жатышат. Сирияга аттанган жарандарыбыздынсаныканча экенин айтуу кыйын. Ал эми туугандары арыз менен кайрылып , жакындары тарабынан издөө салынгандар 70тин тегерегинде. Бул да так сан эмес, алардын баарын тең Сирияда жүрөт , тирүү же башка деп айтуу кыйын.

Жумушсуздуктан улам элибиз башка чет өлкөлөрдө гана эмес өзүбүздүн өлкөбүздө да жабыркоодо. Буга ушул эле жылдын 16 - январь күнү Бишкек шаарына караштуу Дача- суу айылында болгон каргашалуу кырсыкты айтсак болот. Ал жерде жашаган элдин көпчүлүгү Талас, Баткен жанан Ош областарынын тургундары болгон. Алар борбор шарыбызга бала - чакасын багу , жакшы жашоону энсеп, жумуш издеп келишип, жөнөкөй жумуштар менен иштешкен. Өзүлөрөнүн жашаган жерлеринде жумуш жоктугунан борбор калага иштегени келишкен. Мамлекетибиз калкты жумуш орду менен камсыздай албагандыгына бул кырсыктар түздөн-түз себепчи.

Жумушсуздук көйгөйү бир эле Кыргызстандын эле баш оорусу эмес. Жыл сайын дүйнөдө ишсиз отурган жаштардын саны 40 миллион адамдын тегерегинде. Мунун кесепети коомдогу

коопсуздукка, дүйнө экономикасына, элдин социалдык абалына терс таасирин тийгизет.

Жыйынтыктап кетчү сөз жумушка орноштурууну тартипке салуу:
-жумушка орноштуруучу жооптуу адамдар статистикалык маалыматтарды так берүүсү;
-так маалыматтарды теле берүү аркылуу жарыялап туруусу;
-жумуш берүү иш кана жаштарды туура кабыл алып, жумушка багыттоосу;
-жумушта жаштарды устаттардын колдоосу;
-жаш кесипкөйлөрдүн жумуштагы тартибинин мыйзам чегинде көзөмөлдөнүүсү;
-ийгиликтүү жумуш жыйынтыгынын белгиленип туруусу;
-жаш адистердин арасында иш тажрыйбасынын жайылтырылуусу сыяктуу иш аракеттер өз учурунда таасирдүү ар кандай формада аткарылып турса, келечектин адистери өз кесиптерин эрте өздөштүрүшүп мамлекеттин экономикалык, социалдык жана саясий, маданий жагдайларынан кабардар болуп эл кызматына өз салымдарын кошушат. Өлкөдө иштеп жаткан жарандардын көпчүлүк бөлүгү улгайган адамдар. Жумуш ордунда эмгектенип, иштеп жатканда негизен алганда эркектер 63ко, аялдар 58 жашка жеткенден кийин пенсия алып, өзүлөрүнүн жумуш ордуларын жаш адистерге бошотуп берүүлөру керек. Ошону менен бирге эгерде өзүбүздүн өлкөбүздө ар төрдүү мекеме, иш каналар, завод, фабрикалар курулуп иштетилсе анда биз элибизди жумуш орду менен камсыздай алмакпыз деген ойдомун.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Макраэкономика: конспект лекций Т.А.Фролова. Таганрог: Изд-во ТРТУ, 2006
2. Зайкин А.Д.Ремизов КС. Экономика - правовая организация оплаты труда при преходе к рынке
3. Ивашековский С.Н. Макроэкономика. И: Дело. 2002 , 360
4. Kabarlar.org, azattyk.org, kg/maalymat, youtube.com, turmush.kg, sputnik.kg.


* * *

УДК 82.0+37.091.31

# Ч. АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ МАҢКУРТЧУЛУКТУН ТАРБИЯЛЫК МААНИСИН ОКУУЧУЛАРГА ЖЕТКИРҮҮНҮН ЖОЛДОРУ
# ПРИЕМЫ ПЕРЕДАЧИ УЧАЩИМСЯ ВОСПИТАТЕЛЬНОГО ЗНАЧЕНИЯ МАНКУРТИЗМА В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ Ч. АЙТМАТОВА
# THE WAYS OF DELIVERING TO THE PUPILS THE UPBRINGINGS OF MANKURT IN CH. AYITMATOV'S WORKS

***Мураталиева К.***
***ЖАМУ, филология факультети***
***Кт-1-13 тайпасы***
***Жетекчиси: Токурова А.***

***Аннотация:*** *Макалада Ч. Айтматовдун мектепте окутулган чыгармаларындагы маңкуртчулук проблемасын окуучуларга кантип жеткирүү боюнча пикирлер камтылган.*

***Аннотация:*** *Статье расскрывается приемы передачи учащимся проблемы манкуртизма в обучении произведении Ч. Айтматова.*

***Annotation:*** *This article deals with Ch. Aitmatovs works which raises the problem ol mankurt an hou tu induite it to the pupils .*

***Ачкыч сөздөр:*** *манкурт, парз, кайдыгерлик, акыл-эс, дүйнө таанымы.*

***Ключевые слова:*** *манкурт, долг, равнодушие, разум, мирово знание.*

***Key words:*** *mankurt, debt, indifference, mind world, knowledge.*

Биз кечээги күнүбүздү эстейбиз, бүгүнкү күнүбүздү көрөбүз, бирок эртеңки күн кандай болоорун билбейбиз. Айрым инсандар өз замандаштарынан айырмаланып акылы, баамдоосу, ойлоосу, көрө билүүсү тарабынан алда канча озуп, эртеңки күндү баамдай алышат.

Мына ошондой инсандардын бири – Айтматов Чыңгыз Төрөкулович. Бул инсан чыгармаларын бөтөнчө бир лирикалык нукта, философиялык терендикте, психологиялык тактыкта жаратат. Ал

чыгармалары аркылуу окурманга өзгөчө эстетикалык ырахат тартуулап, канааттануу берип, учурдун проблемалары туурасында активдүү ойлоонууга аргасыз мажбур кылат.

Маалыматым тагыраак болуу үчүн алгач мен сиздерге Ч.Айтматовдун мектепте окутулган чыгармалары жөнүндө маалымат берип өтсөм:

5-класста -“Атадан калган туяк” аңгемеси- ( 3 саат )

6-класста -“ Биринчи мугалим” повести- (5 саат), “ Бетме-бет”- ( 5 саат).

7-класста -“ Эрте келген турналар” повести- ( 6 саат )

9-класста -“Саманчынын жолу”, Ак кеме” повесттери -(8 саат )

11-класста -“ Жамийла”, “Делбирим”,” Тоолор кулаганда”, “Кылым карытар бир күн”, “Кыямат- ( 20 саат ).

Бүгүн мен сиздер менен бөлүшүүчү ойлорум Айтматовдун мектеп программасына киргизилген чыгармаларындагы маңкуртчулук проблемасын окуучуларга жеткирүү боюнча болмокчу.

Жазуучу өзүнүн чыгармаларына “маңкурт” деген түшүнүктү киргизген. Бул түшүнүктү жазуучу улуу “Манас” эпосубуздан алгандыгы белгилүү.

Анда жаш баланын башына шире кийгизишип, аны акыл-эсинен ажыратышат. Ал эми бүгүнкү күндө башына кийгизилген ширесиз эле маңкурт болгон адамдар арабызда аз эмес. Бул турмуш чындыгы десек жаңылышпайбыз. Жазуучу дээрлик ар бир чыгармасында бул көйгөйдү окурманга жеткирүүгө аракет кылган. М: “Кылым карытар бир күн” романын алалы, анда бапестеп багып чоңойткон атасын, акыркы сапарга узатуудан да өз керт башынын кызыкчылыгын жогору койгон Сабитжан жана өз аброюн жогорулатып, сый-урматка ээ болуу үчүн бир үй-бүлөнүн коломтосун бузуп, бир инсандын өз жанын кыюуга жеткирген Таңсыкбаевдердин образдарынан көрүүгө болот. Кыргыздар эзелтен аманатка кыянат кылбаган, өлгөн адамдын акыркы керээзин кандай шартта болбосун сөзсүз аткарышкан. Айрыкча бул көзү өткөн адамдын перзенттеринин мойнундагы абдан чоң милдети болуп саналат. Сабитжан ал милдетин сезип да койгон жок. Атасы Казанкаптын керээз кылып “менин сөөгүмдү Эне-Бейитке койгула” деген кеби аны эч убайымга салбады, тескерисинче мүмкүн болушунча кайсы жерге болбосун атасынын сөөгүн жашыра салып шаарга тезинен кетүүгө аракеттенди. Ал эми

Таңсыкбаев болсо өз керт башынын кызыкчылыгы үчүн ынтымактуу жашаган бир үй-бүлөнү жок кылып, эки баланы атасыз жетим калтырды. Мындай куру аброй үчүн ар кандай жаман иштерге барган адамдар бүгүнкү күндө коомубузда көбөйгөндүгү абдан өкүнүчтүү. “Маңкурт” деп ушуларды атасак болот.

Мындан сырткары жазуучу “Акыры замандын аталышы” деп атаган чыгармасы “Кыямат” романын мисалга алсак. Бул чыгармада “маңкуртчулук” идеясы өтө жогорку деңгээлде берилген. Адамдардын жаратылышка тийгизген терс таасири, бир бөтөлкө жинди суу үчүн Базарбайдын жасаган акмактык иши, бөлтүрүктөргө кол салышы, Бостондун жашоосун астын- үстүн кылып кыяматка айлантышы жазуучуну өзү канчалык каалабаса да адамдарды эки буттуу айбандар деп атоого мажбур кылган.

Буга кошумча “Ак кеме” повестиндеги Орозкулду да мисалга алсак болот. Ал өз кызматынан кыянаттык менен пайдаланып, жаратылышка аеосуз кол салганы аз келгенсип, колдо бар алтынды баалабаган, туура ой жүгүртө албаган адам. Ал эми “Бетме-бет” повестиндеги Ысмайылдын образы да маңкуртчулукка бир топ жакындап барат. Анткени, Ысмайыл согуштан качканы аз келгенсип, Тотойдун жетим балдарынын эки көзү төрт болуп күтүп жаткан боз уюн уурдайт. Апасынын өлгөнүн көрөт, бирок, апасына топурак сала албайт.

Маңкуртчулук темасын түшүндүрүп берүүдө салттуу жана инновациялык методдорду шайкеш колдонуп, жазуучунун берейин деген идеясын түшүндүрүп берүүгө болот.

Биз педагог болгондуктан биздин максатыбыз коомдогу өзгөрүүлөр, кайдыгерлик менен адилеттүүлүк, маңкуртчулук жана акыл-эс, дүйнө тааным тууралсында окуучулардын ой жүгүртүүсүн өстүрүп, өнүктүрүүгө багытталган.

Билим берүүчүлүк:

Сабакты баштоодон мурун “Акыл чабуулу” оюнун ойнотуу жакшы натыйжа берет. Мында негизинен талкуулоонун эркин формасы болуп, анын негизги максаты-анализдебей жана талкуулабай туруп ойлорду чогултууну камсыз кылуу болуп саналат. Мында тема айтылат жана андан кийин окуучуларга суроо берилет: “Төмөнкү учурда сен эмне кылмаксың...?” Андан кийин окуучулар өз ойлорун сунуш кылышат.

Талкуу уюштуруу аркылуу дагы биз окуучулардын өз ара аракеттенишине, өз ойлорун эркин айтууга, бири-бирин сыйлап, сөзүн угууга үйрөтөбүз.

Мындан сырткары сабактын жүрүшүндө “Синквейн” түздүрсөк болот. Ал аркылуу окуучуларды сөздү таамай-так тандап, ойду кыска жана нуска айтууга жетиштиребиз.

М: 1. Маңкурт

2 .Аң сезимсиз, кайдыгер

3. Жашайт, өзүн гана ойлойт, өткөндү унутат

4. Коомго пайдасынан да зыяны көп

5. Адам

Окуучуларды жуп-жубу менен иштетүүгө да болот. Бул ыкмада алар пикир алышат жана өз ойлорун бөлүшүшүп, натыйжада бир жыйынтык чыгарышат.

М:1. “Кылым карытар бир күн ” романындагы Сабитжан кандай адам?

2.”Кыямат” романындагы Базарбайга кандай баа бере алабыз, анда адамдык жакшы сапаттар барбы?

3. Бүгүнкү күндө коомубузда мындай адамдар барбы, болсо кимдер же кандай адамдар деп ойлойсуңар? деген сыяктуу проблемалуу суроолорду берип, өз алдынча ойлонууга убакыт беребиз, андан соң жуп-жубу менен пикир алышып, бир жыйынтыктуу ой айтууга мүмкүнчүлүк беребиз.

Ал эми топторго бөлүп иштетүү окуучуларды өздөрүн эркин кармоосуна, бири-бири менен пикир алышуусуна, өз ойлорун тартынбай айтуусуна шарт түзөт. Мисалы: окуучуларды төрт топко бөлүп 1-топко “Бетме-бет” повестиндеги Ысмайылдын образы, 2-топко “Кыямат” романындагы Базарбайдын образы, 3-топко “Ак кеме” повестиндеги Орозкулдун, 4-топко “Кылым карытар бир күн” романындагы Сабитжандардын образдарына кластер түзүүнү тапшырма беребиз жана убакытты белгилейбиз. Окуучулар бул мезгилге чейин ар бул каармандардын баары менен таанышышат, ошондуктан буларга мүнөздөмө бере алышат.




Буларды эмне себептен “маңкурттар” деп атагандыгын түшүндүрүшүп, азыркы турмушубуздагы адамдар менен салыштырышат. Натыйжада окуучулар маңкурттуктун кесепетин көрө алышат жана андан туура жыйынтык чыгара билүүгө тарбияланышат. Мындан сырткары бул нерселерди окуучуларга мындан да тереңирээк түшүндүрүп, эстеринде сактоо үчүн кино фильмдерин көрсөтүү да ашыкча болбойт.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Айтматов Ч. 3-том, -Б., 2009.
2. Култаева У. Окуучулардын адабий чыгармачылыгын өнүктүрүү методикасы Б.: Айат-2006
3. Үкүбаева Л. Чыңгыз Айтматовдун каармандарынын көркөм дүйнөсү. Фрунзе., 1984.
4. Муратов А. Адабият- ыйман сабагы. Б., 1993.
5. Ишекеев Н. Көркөм чыгармаларды окутуунун методикасы. Б., 2014.
6. Айтматов Ч. 4-том, -Б.,2014


* * *

УДК 37.091.31

# ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫЕ РЕСУРСЫ ИНТЕРНЕТА В ПОДГОТОВКЕ УЧИТЕЛЕЙ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ
# БАШТАЛГЫЧ КЛАСС МУГАЛИМДЕРИНИН САБАККА ДАЯРДАНУУСУНДА ИНТЕРНЕТ РЕСУРСТАРЫН КОЛДОНУУ
# THE INTERNET EDUCATIONAL RESOURCES IN TRAINING OF ELEMENTARY SCHOOL TEACHERS

***Нажимиддинова У.***
***ЖАГУ, ФПИТ, группа: П 1-15***
***Руководитель: Шишкараева А.К.***

***Аннотация:*** *Современный этап развития начального образования связан с широким использованием современных информационно-коммуникационных технологий (ИКТ) и возможностей, предоставляемых глобальной сетью Интернет. Использование системы порталов позволяет более эффективно организовать работу педагогов, поскольку на порталах собраны и систематизированы наиболее востребованные ресурсы.*
*Используя их, учителя, ученики и родители смогут получить доступ к качественным учебным и методическим материалам, сократить время на поиск требуемой информации.*

***Аннотация:*** *Башталгыч класстарда билим берүү заманбап тенологияларды, интернет ресурстарды колдонуу менен натыйжалуу жана пайдалуу. Антени учурдагы педагогикалык интернет порталдарында сабакты чыгармачылык менен натыйжалуу өтүүдө керектелген эң эффективдүү ресурстарды табууга болот.*
*Аларды колдонуу менен мугалимдер гана эмес, окуучулар жана ата-энелер дагы керектүү маалыматты издөө үчүн убаыты көп коротпой, сапаттуу китеп же методикалык материалдарды ала алышат.*

***Annotation:*** *The current stage of development in primary education is associated with extensive use of modern information and communicative technologies (ICT) and opportunities provided by the internet. The use of a portal system allows more efficient to organize work*

*of teachers, as portals of collected and systematized the most popular resources. Teachers, students and parents will be able to access high quality of education and teaching materials to reduce time for searching the required information.*

***Ключевые слова:*** *Интернет-ресурс - это ресурс глобальной компьютерной сети, образовательные интернет-порталы, интенрент-сайты.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Интернет-ресурс бул – глобалдык компьютер тармагы, билим берүүчү интернет-порталдар, интернет-сайттар.*

***Key words:*** *The Internet resource is a resource of global computer network, educational Internet portals, intenrent-websites.*

## ПОНЯТИЕ И ОСОБЕННОСТИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНОГО ИНТЕРНЕТ-РЕСУРСА

Традиционно в рамках Интернета понятие «образовательный ресурс Интернет» трактуют очень широко. С интернет ресурсами выгодно и полезно во всех деятельностях, и конечно же в образовании начальных классов.

С одной стороны, Интернет-ресурс — это ресурс глобальной компьютерной сети, следовательно, имеется возможность передавать представленную в цифровом формате информацию на большие расстояния посредством сетевого оборудования. К сожалению, скорость передачи информации имеет физические ограничения, что влечёт за собой ограничения на объём передаваемых файлов.

Вместе с тем, развитая инфраструктура Интернет предоставляет такие возможности, как:

1. Охват широчайшей аудитории (не только кыргызстанскую, но и международную).
2. Оперативное обновление информации.
Выбирая светодиодные лампы вы экономите свои средства до 90%. Приобретая лампы накаливания, автомобильные лампы и светодиодные вы поддерживаете промышленность Кыргызской Республики, тем самым даете возможность развиваться электротехнической промышленности и шагать, со временем, в новую жизнь, применять новые технологии в производстве ламп.

Самый широкий выбор светодиодных лампочек выпускаются в электроламповом заводе Кыргызстана, который находится в городе Майлуу-Суу. Этот завод последние годы работает новейшими технологиями, которых привезли из европейских стран. Руководство электролампового завода постоянно сотрудничают с зарубежными странами, таких как Россия, Китай, Австрия, Германия и.т.д.




Заключение; Если мы жители Кыргызстана не будем покупать нашу продукцию, то наша экономика пойдет в убытки. Наш завод - жизнь нашего города и его жителей. Экономика города зависит от завода. Если его не будет, думаю, наш город просто перестанет не только цвести, а существовать. Поэтому, чтоб поддержать экономику завода и жизнь города покупайте отечественные лампы современной технологии нашего завода. Этот электроламповый завод – единственный в Кыргызстане! МЫ ДАРИМ РАДОСТЬ СВЕТА!

**Список использованной литературы:**

1. Основная информация взята из интернета.
2. Режим доступа: http:// YouTube.com

* * *

УДК 656.13

# РАЗРАБОТКА СТЕНДА ДЛЯ ИСПЫТАНИЯ РУЛЕВОГО УПРАВЛЕНИЯ АВТОМОБИЛЯ
# АВТОУНААНЫН РУЛДУК БАШКАРУУСУН СЫНООЧУ СТЕНДДИ ИШТЕП ЧЫГУУ
# DEVELOPMENT OF THE STAND FOR STEERING TESTING OF THE VEHICLE

***Раимов А.***
***ЖАГУ, Естественно-технический факультет,***
***группа: ОБДк-1-13***
***Руководитель: Эргешов Б.Т.***

***Аннотация:*** *В статье рассмотрены испытания и исследования рабочих процессов в рулевых управлениях автомобильного транспорта.*

***Аннотация:*** *Макалада автоунаанын рулдук башкаруусунун иштөө процесстерин сыноо жана изилдөө каралган.*

***Annotation:*** *In the article tests and researches of working processes in steering controls of motor transport are considered.*

***Ключевые слова:*** *стенд, испытание, исследование, рулевое управление, износ, качество автомобиля, конструкция автомобиля, техническое состояние автомобиля, точность определения характеристик, доводка вновь создаваемых конструкций рулевого управления.*

***Ачкыч сөздөр:*** *стенд, сыноо, илимий-изилдөө, рулдук башкаруу, жешилүү, автоунаанын сапаты, автоунаанын курулушу, автоунаанын техникалык абалы, мүнөздөмөлөрдү аныктоо тактыгы, жаъыдан курулган рулдук башкарууну тактоо.*

***Key words:*** *stand, test, research, steering, wear, car quality, car design, vehicle technical condition, the accuracy of the definition of characteristics, fine-tuning of newly created steering designs.*

Автомобильный транспорт в Кыргызской Республике в силу ряда причин приобретает все большее значение. Автомобили широко

используются во всех областях народного хозяйства выполняют значительный объем транспортных работ, а точнее служит для перевозки грузов и пассажиров. Автомобили имеют широкий спектр применения в различных средах и различных климатических условиях и в связи с этим подвергаются нагрузкам. Поэтому техническое состояние автомобиля как и всякой другой машины в процессе длительной эксплуатации не остается неизменным. Оно ухудшается в следствии изнашивания деталей и механизмов, поломок и других неисправностей, что приводит к понижению эксплуатационных качеств автомобиля.

Основным средством уменьшения изнашивания деталей и механизмов и предотвращения неисправностей автомобиля, т.е. поддержание его в должном техническом состоянии, является своевременное и высококачественное выполнение технического обслуживания и ремонта, как капитального так и текущего. Техническое состояние так же зависит от условий хранения автомобиля.

Знание всех факторов и закономерностей изменений технического состояния автомобилей позволяет правильно организовать работы по повышению его мощности и долговечности, путем своевременного и высококачественного технического обслуживания.

Разработка относится к технике испытания и исследований рабочих процессов в автомобильных рулевых управлениях и может быть использовано как в процессе доводки вновь создаваемых конструкций рулевых управлений, так и в процессе эксплуатации и ремонта для контроля и диагностики их эксплуатационных свойств. Изобретение направлено на повышение точности определения характеристик испытуемого рулевого управления и психофизиологических затрат водителя на управление. Сущность: стенд содержит раму сварной конструкции, опирающейся через опору на мост с шинами регулируемого давления и балластным нагружателем моста вертикальной нагрузкой, а через поворотный механизм на ось гидроцилиндров поворота стенда, рулевую колонку, связанную с рулевым механизмом, который через продольную тягу связан с гидроцилиндрами, гидронасос, связанный через клиноременную передачу с электродвигателем и через

распределительное устройство с силовым цилиндром, перемещающимся сиденьем водителя, установленного на тележках со стопорами на раму стенда, электроизмерительную аппаратуру, электрически связанную с датчиками давления жидкости, устройство, задающее угол поворота стенда и отслеживающее устройство.

Недостатком конструкции стенда является несоответствие характеристик изменения угла поворота рулевого колеса реальному из-за наличия гармонического задатчика угла поворота рулевого вала, невозможность исследования психофизиологических затрат водителя на управление автомобилем, изменения кинематической характеристики рулевого управления в широких пределах.

Основная цель изучение разработки повышение точности определения характеристик испытуемого рулевого управления и психофизиологических затрат водителя на управление.

Поставленная цель достигается тем, что стенд для испытания рулевого управления автомобиля, содержащий раму с балластным нагружателем и закрепленным на ней посредством опор мостом с шинами с регулируемым давлением воздуха, систему гидравлического усилителям испытуемого рулевого управления, электроизмерительную аппаратуру, снабжен гидравлической системой, обеспечивающей поворот стенда, механически связанной через механизм поворота со стендом, устройством, задающим угол поворота стенда, и устройством отслеживания угла поворота стенда, электрически связанным с электроизмерительной аппаратурой, а сиденье водителя выполненно перемещающимся и установлено на раме стенда.

На фиг. 1 представлен вид стенда сверху для испытаний рулевых управлений; на фиг. 2 вид сбоку; на фиг. 3 кинематическая схема стенда.



фиг.1



фиг.2



фиг.3

Стенд содержит раму 1 сварной конструкции, опирающуюся через опоры 5 на мост 7 с шинами 4 с регулируемым давлением, балластный нагружатель моста вертикальной нагрузкой 17, поворотный механизм 18 с гидроцилиндрами 6 поворота стенда и осью 12, связанной с рамой 1, на которой установлены подвижные тележки 19 и 20 с фиксаторами положения относительно рамы 1, причем на подвижной тележке 20 установлено сиденье водителя 9, рулевая колонка 10 и рулевой механизм 11 с гидравлическим распределителем 21 испытуемого рулевого управления, который через продольную рулевую тягу 13 связан с гидроцилиндрами 3, гидронасос 15, связанный через клиноременную передачу 16 с электродвигателем 14 и через распределитель 21 с силовым цилиндром 2, механически связанным с гидроцилиндрами 3, электроизмерительную аппаратуру 8, электрически связанную с датчиками давления жидкости 27, устройство 28, задающее угол поворота стенда, и устройство 29 отслеживания угла поворота стенда, электрически связанное с электроизмерительной аппаратурой 8, гидроаккумулятор 22 с

запорным клапаном 26, ограничительные клапаны 23 давления жидкости и дроссельные клапаны 24 и 25.

Стенд работает следующим образом.

Для проведения эксперимента задается положение водителя относительно центра поворота путем перемещения сиденья водителя относительно стенда и последующей его фиксации, в шинах 4 устанавливается необходимое давление воздуха, балластным нагружателем 17 создается необходимая статическая нагрузка, дроссельным краном 24 обеспечивается соответствие стенда реальным динамическим характеристикам автомобиля, включается устройство 29 отслеживания угла поворота стенда, выполненное в виде лазерной указки, на экране 28 включается светодиод, соответствующий заданному углу поворота стенда. При повороте рулевого колеса 10, связанного с распределительным устройством 21, жидкость, нагнетаемая гидронасосом 15, поступает в одну из полостей силового цилиндра 2, шток которого жестко связан со штоками гидроцилиндров 3. Под действием давления рабочей жидкости в силовом цилиндре 2 перемещаются штоки гидроцилиндров 2 и 3, вытесняя жидкость из гидроцилиндров 3 в гидроцилиндры 6 поворота стенда, которые с помощью механизма 18 поворота стенда осуществляют его поворот в ту или иную сторону. С помощью ограничительных клапанов 23 происходит регулирование давления жидкости в магистралях, дроссельным клапаном 25 изменение кинематических характеристик рулевого управления. Данные с датчиков 27 поступают на электроизмерительную аппаратуру 8, где происходит их анализ и обработка. Поворот стенда осуществляется до момента, когда луч лазерной указки 29 совпадает с включенным светодиодом на экзаре 29.

Таким образом, в предлагаемой конструкции стенда обеспечивается исследование кинематической характеристики испытуемого рулевого управления в широких пределах, влияние места водителя на управляемость автомобиля и на психофизиологические затраты водителя на управление.

Стенд для испытания рулевого управления, содержащий раму с закрепленным на ней посредством опор мостом с колесами с переменным давлением, балластный нагружатель моста вертикальной нагрузки, гидросистему испытуемого рулевого управления и

электроизмерительную аппаратуру, отличающийся тем, что он снабжен гидравлической системой поворота стенда, механически связанной через механизм поворота со стендом, устройствами, задающими угол поворота стенда, и устройством отслеживания угла поворота стенда, электрически связанным с электроизмерительной аппаратурой, а сиденье водителя выполнено перемещающимся и установлено на раме стенда.

*Проанализировав данную работу можно сделать следующие выводы.*

*Стенд для испытания рулевого управления автомобиля, содержащий раму с балластным нагружателем и закрепленным на ней посредством опор мостом с шинами с регулируемым давлением воздуха, систему гидравлического усилителям испытуемого рулевого управления, электроизмерительную аппаратуру, снабжен гидравлической системой, обеспечивающей поворот стенда, механически связанной через механизм поворота со стендом, устройством, задающим угол поворота стенда, и устройством отслеживания угла поворота стенда, электрически связанным с электроизмерительной аппаратурой, а сиденье водителя выполнено перемещающимся и установлено на раме стенда.*

**Список исполоьзованной литературы:**

1. Александров А. Техническое нормирование труда на автотранспорте: Учебник для ВУЗов/ А.Александров. -М: Транспорт, 2000.-168с.;
2. Манусаджянц О.И. Автомобильные эксплуатационные материалы: Учебник для вузов/ О. И. Манусаджянц.- М. «Транспорт» 2001.-441с.;
3. Шугуров Л. М. Автомобили страны советов: учебник для втузов/ Шугуров Л. М.- М.: «Издательство ДОСААФ» 2000.-213с.;
4. Гмурман В. Руководство к решению задач по теории вероятности и математической статистике / Гмурман В. -М: Высшая школа, 2001.-97с.

* * *

УДК 635

# МАЛИНАНЫ ӨСТҮРҮҮ АГРОТЕХНОЛОГИЯСЫН ҮЙРӨНҮҮ
# ОБУЧЕНИЕ АГРОТЕХНОЛОГИИ ВЫРАЩИВАНИЯ МАЛИНЫ
# TRAINING AGRICULTURE OF RASPBERRY REDUCTION

***Таалайбек кызы А.***
***ЖАМУ, Табигый -техникалык факультет,***
***Б-1-1-13 тайпасы,***
***Жетекчиси: Б. Ж. Жээнбекова***

***Аннотация:*** *Кийинки убактарда тамак – аш катары колдонулуучу маданий өсүмдүктөр жана алардын негизинде даярдалган азыктарды колдонууга кызыгуу арбын. Калктын маданий өсүмдүктөргө кызыгуунун себеби, аларды колдонууда кошумча терс таасир пайда кылбай, организмге жеңил таасир көрсөтүүчү биологиялык активдүү заттардын болушу, ошондой эле ууландыруучу заттын аздыгы. Демек, биз маданий өсүмдүктөрдү өстүрүү технологиясын үйрөнүүдө, экологиялык жактан таза, сапаттуу жана экономикалык жактан киреше келтире турган азыктарды өндүрүп, жергиликтүү калкка жайылтуу.*

***Аннотация**: В следующий раз, используется в качестве культурной пищи, подготовленный на основе растений и их продуктов используют большой интерес. В дополнение к использованию интерес населения, культурных растений, так как они не оказывают негативного влияния, которые влияют на организм может легко быть биологически активными веществами, а также с низким содержанием токсичных ингредиентов. Таким образом, мы должны научиться культурной технологией производства сельскохозяйственных культур, качество, экологически и экономически жизнеспособной производить продукты, которые могут получить прибыль, распределение местного населения.*

***Annotation:** Next time, used as a cultural food, prepared on the basis of plants and their products use great interest. In addition to using the interest of the population, cultivated plants, since they do not have a negative effect that affect the body can easily be biologically active substances, and also with a low content of toxic ingredients. Therefore, we*

*must learn the cultural technology of agricultural production, quality, environmentally and economically viable to produce products that can profit, the distribution of the local population.*

***Ключевые слова:*** *суперфосфат, малина, фермеры, посадка, вредители, агротехника*

***Ачкыч сөздөр:*** *суперфосфат, малина, фермер, көчөт, зыянкеч, агротехника*

***Key words:*** *Superphosphate, raspberries, farmers, planting, pest control, agronomics*

*2015-жылдын баштап Жалал-Абад,* Чүй, Баткен, Ош *облустарында малина өстүрүлүп,* фермерлери гектарлап өндүрүп, долларлап киреше алып жатканы баарыбызга ачык айкын. Айыл жергесинде бардыгы үй-бүлөөсүн камсыздоо иретинде эрте жаздан кеч күзгө чейин дыйканчылык менен алек. Малина өстүрүшүп, күнүмдүк оокатын таап келери жана да малинадан жашоо шарттары жакшырып, жакшы пайда алып жаткандыгы белгилүү. Алгач тигип баштаганда малинаны өстүрүү технологиясын жергиликтүү калк жакшы өздөштүрө албай келишкен. Азыркы убакта малина өстүргөндө калктын 65 пайызы өстүрүү технологиясы жакшы өздөштүрүп, жолго сала алынган барыбызга белгилүү. Биз сөз кылып жаткан малина – көп жылдык бадал түркүмүнө кирген өсүмдүк. Көлөкөнү көп жактырбайт, жарыкты сүйөт. Кышкысын суукка чыдамдуу. Эгер жер үстүндө калың кар болсо, ал –30 градустан ашык суукка да туруштук бере алат. Күзүндө эки жылдык сабактары жашоосун аяктайт. Анын ордуна жаңы жаш сабактары чыгат. Ал эми бир жылдык жаңы жаш сабактары экинчи жылы түшүм берет. Эскисинин ордун жаңы сабактардын алмаштыруусу 10 жылга чейин улантылат. Бирок 13-15 жылдан соң түшүм бербей калат [1].

***Изилдөөнүн максаты:*** малинаны өстүрүү технологиясын үйрөнүү менен аны жергиликтүү калкка жайылтууну жана экономикалык жактан эффективдүү экологиялык жактан таза, азык-түлүктөрдү өндүрүп, элге жеткизүүнү сунуштоо.

***Изилдөө объектиси:*** Жумаев Мамасали фермерден малинаны өстүрүү технологиясын үйрөнүү.

***Изилдөөнүн милдеттери:***

1. Интернет булактарынан жана илимий –популярдык адабияттардан малинаны өстүрүү технологиясын үйрөнүү жөнүндө материалдар менен таанышуу, топтоо.
2. Фермерлерден малинаны өстүрүү технологиясын үйрөнүү.
3. Жергиликтүү калкка малинаны өстүрүү тенологиясын үйрөнүүнү сунуштоо.

***Изилдөөнүн теориялык базасы:*** илимий адабияттар, семинар, конференциядагы материалдар, илимий макалалар, интернет булактардан алынган материалдар, фермерлердин кеңеши колдонулду.

***Жүргүзүлгөн изилдөөнүн этаптары:***

1. Акыркы 2010-2016 – жылдардагы адабият булактарын салыштыруу, өстүрүү технологиясы боюнча материал топтоо, изилдөө методдорун аныктоо.

2. Тажрыйбанын негизинде изилдөө иштерин жүргүзүү март-ноябрь айлары 2016-2017-жылдары.

3. Алынган маалыматтарды анализдөө, жалпылоо, жыйынтык чыгаруу, май 2017-жыл.

***Изилдөө методдору:*** Биологиялык эксперимент, анализ жүргүзүү.

***Изилдөөнүн жаңылыгы:*** Маданий өсүдүктөрдүн бири болгон малинаны өстүрүү технологиясы боюнча кеңири изилденген эмес.

Биз сөз кылып жаткан фермер Жумаев Мамасали 2010 – жылдан бери малинаны өстүрүп келе жатат. Ушул жыл аралыгында 15 сотик жерден 3 жылы өстүрүп, 30 сотике чейин жеткирип 2015-2016 жылдары 1 млн. таза киреше алган. Ушул жылы да улантылып өстүрүлүүдө. Бул өсүмдүктү өстүрүү агротехнологиясы боюнча сөз кылсак. Малинаны өстүрүүдө көбүнчө чанактуу өсүмдүктөрүнөн кийин өстүрсөк жакшы натыйжа берет. Малинаны өстүрүүдө эң алгач жер тилкесин тандап алуу керек. Малинаны өстүрүүгө жер тилкесин тандоодо:

- ✓ *жарык жакшы тийген,*
- ✓ *нымдуулук жетиштүү болгон,*
- ✓ *борпоң топурактуу, отоо чөбү жок жер тилкеси тандалып алынат.* Бирок 1-1,2 метр терeңдиктеги суу чыккан жерге тигүү

сунушталбайт. Себеби ашыкча нымдуулук өсүмдүктү чиритип жиберет (1-сүрөт).



Даяр болгон жер тилкесине малинаны отургузуу ыкмасы. Малинаны отургузуунун эки ыкмасы бар жазында жана күзүндө. Көчөттөрдү отургузууда көчөттөрдү бүчүрү чыкканга чейин отургузуу керек. Бул негизги талап. Түп кылып отургузууда көчөттөрдүн аралыгы 0,5-0,7 метр, ал эми удаа кеткен катардын ортосу 1,5- метр, болууга тийиш.

**1-Сүрөт. Көчөттөрдү отургузуу схемасы**





Көчөттөрдү отургузуп жатканда чуңкурдун диаметри 40-50 сантиметр, тереңдиги 30-40 сантиметр болот (1-сүрөт). Казылып алынган чуңкурдун жарымын жер семирткич менен *(суперфосфат 10-16 грамм, күкүрт кычкылдуу калий 20-30 грамм же 2-3 килограмм кык 1-чарчы метрге)* толтурулат да, көчөт 2-3 сантиметр тереңдикте көмүлөт.

Жаңы отургузулган ар бир көчөткө 5-6 литр суу куюп туруу керек. Отургузган көчөттү жерден

**2-Сүрөт. Көчөттөрдү отургузуу жана кыркуу схемасы** жогору карай 15-20 сантиметр калтырылып, калган сабак бөлүгү кыркылат *(2-сүрөт).*

*Отургузуу мөөнөтү:*

- *Чүй, Талас облустарында – марттын соңу, апрелдин башы.*
- *Ысык-Көл, Нарын облустарында – апрелден тарта.*
- *Ош, Баткен жана Жалал-Абад облустарында – марттан тарта.*

***Өсүмдүккө кам көрүү***

***Семиртүү жана жумшартуу, сугаруу***

Жазында жана күзүндө жер семиркичтер менен байытып туруу керек. 2-3 килограмм кык же 4-5 килограмм өсүмдүк чириндиси жетиштүү. Жайкысын 4-5 ирет топурагын бошотуп, отоосунан арылтуу зарыл. Малинаны сугарууда орто эсеп менен 4-5 жолу сугарылат. Бирок аба ырайына жараша чара көрүү зарыл. Өтө ысык учурда эрежеге ылайык жумасына бир ирет сугаруу талап кылынат [2,3.].

***Малина зыянкечтери жана оорулары-*** малинанын оорулары көбүнчө нымдуулуктан пайда болгон дат, көк жана малина дидимелласы оорулары менен жабыркайт. Алар сабактарын, жалбырактарын жабыркатып, чиритет. Ал эми анын зыянкечтери болуп**, т**ля, күбө, коңуз – булар өсүмдүктүн негизги душмандары. Алар жаш бутакчаларын, сабагын, жалбырагын, гүлүн жешет. Зыянкеч жана илдеттер менен күрөшүүдө төмөндөгү ыкмалардын негизинде өсүмдүктү коргоп калууга болот:

- *агротехникалык коргоо ыкмалары;*
- *биологиялык коргоо ыкмалары;*
- *химиялык коргоо ыкмалары.*

***Агротехникалык коргоо ыкмалары.***

- *тигүүгө илдетсиз көчөттөрдү колдонуу;*
- *малинаны жакшы шамалдаган жана жарык жерлерге өстүрүү, калың жерлерин суюлтуу;*
- *жер семирткичтерди туура колдонуу же колдонуудан баш тартуу.*

***Биологиялык коргоо ыкмалары.***

- *кык, же атайын даярдалган компосторду колдонуу,*

Мында фермер колдонуу эрежелерин так жана туура аткаруу керек. Ошондой эле чарба жетекчиси ар бир химиялык дарылардын өзгөчүлүктөрүн билип, ошого жараша препараттарды колдонуусу дурус. Анткени химиялык дарыларды көп колдонуудан:

- *айлана-чөйрөнүн булганышы;*
- *өсүмдүктөрдүн күйүп кетиши;*
- *фермерлердин ооруга жана аллергияга чалдыгышы;*
- *өсүмдүктүн түшүмүн жогорулатып, сапатын жоготушу мүмкүн.*

Пестицид жана биопрепаратты колдонуп, илдеттерге жана зыянкечтерге каршы күрөшүүдө белгиленген регламенттерди так колдонуу зарыл [4].

*Түшүмдү жыйноонун өзгөчөлүгү* малинанын жемиштерин терүү маанилүү. Мөмөсү өтө бышып кетүүгө жол бербеш керек, анткени жемиштердин сапаты гана начарлабастан түшүмү да азаят. Күндүз же кечинде жыйноо керек. Шүүдүрүмдө болбойт. Көрүнүшү жакшы болуш үчүн мөмөсүн бир литрлик банкага же анча чоң эмес желим идишке чогулткан оң. Күзүндө катуу суук түшөөргө бир ай калганда малинаны жалбырагын чаап таштоо керек. 5-7 см түбүнө жеткирбей. Алынган эски жалбырактарды тазалап, талаадан чыгарып өрттөп таштоону сунуштайбыз. Анткени эски жалбыракта илдет оорулар, зыянкечтин тукумдар сакталат.

Жыйынтыктоо иретинде малинаны өстүрүү менен жергиликтүү базар экономикасын көтөрү жана кошумча киреше табууга өбөлгө түзүлөт демекчимин. Азыркы убакта Кыргызстанда жер тилкелерин иштетүү эми гана жолго коюлууда. Кыргыз калкы бакубат жашоосу үчүн өсүмдүктөрдү өстүрүү технологиясын үйрөнүү менен экономиканын өнүгүсүнө да чоң салым кошот [1].

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Звонарев Н. М. //Малина, ежевика. Сорта, выращивание. - М., 2011.- 128 б.
2. Пустырский, И.Н. // Земляника и клубника. М., 2000.-34 б.
3. Ястребов И. И. // Приусадебный сад и огород.- Фрунзе, 1990,-114 б.
4. Найзабеков Б. // Практикалык кеңштер: Бакча малинасы.- Бишкек, 2007.-52-115 б.
5. Интернет булактары: http://www.7dash.ru., http:magc-plant.ru

* * *

УДК 577 18

# АНТИБИОТИКТЕР ДЕГЕН ЭМНЕ ЖАНА АЛАРДЫ КАНДАЙ КОЛДОНУУ КЕРЕК?
# ЧТО ТАКОЕ АНТИБИОТИКИ И КАК ИМИ ПОЛЬЗОВАТЬСЯ?
# WHAT ARE ANTIBIOTICS AND HOW TO USE THEM?

***Арстанбек уулу С.***
***ЖАМУ, Табигый техникалык факультет***
***группа: В-1-14***
***Жетекчи: Ташматова А.***

**Аннотация:** *Антибиотиктердин ар бири инфекциянын өзгөчө бир түрүнө жараша ар кандай таасир этет. Бардык эле антибиотиктерди колдонуунун зыяндуу жактары да бар. Бирок кээ бири башкаларына салыштырмалуу өтө коркунучтуу болот. Андыктан антибиотиктерди тандоодо жана колдонууда өтө сак болуңуз.*

**Аннотация:** *Интересные и различные антибиотики, инфекция затрагивает разные по ползти. Все антибиотики имеют опасность в их использовании. Но для некоторых, чем другие могут быть очень опасны. Будьте осторожны при выборе и использовании очень распространенных антибиотиков.*

**Annotation:** *Interesting and different antibiotics, infection affects different according to a crawl. All antibiotics have dangers in their use. But for some than others can be very dangerous. Be careful in choosing and using a very common antibiotics.*

**Ачкыч сөздөр:** *Антибиотиктер, инфекция, пенициллин, эритромицин, тетрациклин, левомицин, стрептомицин, сульфаниламиддер, ампициллин, вирус, инфекция, реакция, бактерия, компресс, зелёнка.*

**Ключевые слова:** *Инфекции, антибиотики, пенициллин, эритромицин, тетрациклин, ампициллин, левомицин, стрептомицин, сульфаниламиды, бактерии, вирусы, инфекции, реакции, компрессы, генцианвиолет.*

***Key words:*** *Infection, antibiotics, penicillin, erythromycin, tetracycline, levomitsin ampicillin, streptomycin, sulfonamides, bacteria, virus, infection, reactions to, compresses, gentian violet.*

Антибиотик (греч. αντι – каршы + βιος - жашоо) – өсүмдүк, жаныбар жана микроорганизмдер пайда кылуучу жана микробдорду олтуруучу же анын өсүшүнө, көбөйүшүнө тоскоолдук кылуучу заттар.

**Келип чыгуу тарыхы.**

1928 - жылы Александр Флеминг оору чакыруучу бактерияларды изилдөө убагында нандын бетиндеги стафилакоктордун колониясын чонойтуп ал кээ бирлери жөнөкөй плесенден уулангандыгына күбө болгон. Ар бир плесендин айланасы чектелип, анын ичинде бактерия болбогондугун анын негизинде Флеминг плесень жаны антибиотик экендигин байкаган. 1929-жылы 13-сентябрда Лондон университетинде, Медициналык изилдөөчүлөрдүн чогулушунда жаны антибиотикти жарыялаган. Бирок ал жарыяланса да, медиктерди кызыктырган эмес. Эмнеге дегенде пенициллин өтө туруксуз болуп, ал кыска убакыттын ичинде сапаты бузулган.

1938-жылы Оксфорд университетиндеги окмуштуулар Говард Флори жана Эрнст Чайн таза пенициллинди ала алышкан. Көптөгөн медикоменттерди кошуунун жыйынтыгында.1943-жылы экинчи дүйнөлүк согуш убагында пенициллинди массовый өндүрүш болгон. 1945-жылы Флеминг, Флори жана Чайндарга Нобель сыйлыгы берилген.

Антибиотиктин кайсы топко кирерин, кандай ооруларга каршы колдонуларын жана тура колдонуу үчүн кандай сактык чараларын аткаруу керектигин билбей туруп, анны эч качан колдонбоңуз.

Антибиотиктерди эгерде тура колдоно билсек, антибиотиктер ото маанилүү жана пайдалуу дары болуп эсептелет. Антибиотиктер менен сульфа (сульфаниламид) дарылары бактериядан пайда болгон белгилүү бир инфекцияларга жана ооруларга каршы колдонулат.

Антибиотиктердин түрлөрү көп. Кеңири таралган, белгилүү антибиотиктерге:

- Пенициллиндер
- Ампициллиндер

- Тетрациклиндер
- Стрептомицин
- Левомицетин
- Эритромицин
- Сульфаниламиддер

Антибиотиктерди колдонуу эрежелери

1. Эгерде антибиотикти катип жана кандай ифекцияларга каршы колдонуу керектигин так билбесеңиз анда, колдонбоңуз.
2. Сиз дарылаганы жаткан инфекциялага каршы берилүүчү антибиотикти гана колдонушуңуз керек.
3. Антибиотикти колдонордун алдында анын зыяндуу жактары жана бардык сактык чаралары жөнүндө билип алганыңыз оң.
4. Антибиотиктин керектүү гана дозасын бериңиз (аны ашык да, кем да берүүгө болбойт). Дарынын дозасы айбандын оорусуна, жашына же салмагына жараша өлчөнөт.
5. Эгерде антибиотикти таблетка түрүндө ичиргенде жакшы жардам берсе, анда аны сайып берүүнүн эч муктаждыгы жок денеге дары саюуну өтө зарыл болгондо колдонуңуз.
6. Антибиотикти оорудан толук айыкмайынча же ысытма басылып, инфекциянын башка белгилери тарагандан кийин да, жок дегенде 2 кун ичирүү керек.
7. Эгерде антибиотиктин таасиринен улам тери исиркектенип кычышса, дем алуу орлосо же башка бир терс (коркунучтуу) реакция жүрсө, анда оорулуу малга антибиотикти ичирүүнү дароо токтотуп, андан кийин бул антибиотикти эч качан колдонбошу керек.
8. Антибиотиктерди өтө зарыл, башка айла жок болгон учурда гана колдонуңуз. Эгерде жөнү жок көп жана узакка пайдалансаңыз, алардын дарылык касиети жоголо баштайт.

**Антибиотиктердин белгилүү бир түрлөрүн колдонуу эрежелери**

1.Пенициллинге аллергиясы бар айбандарга эритромицин антибиотигин же сульфаниламид сыяктуу бактерияга каршы дарыларды колдонуңуз.

2.Пенициллин же кен таасирлүү башка антибиотик менен дарылаcа боло турган ооруларга тетрациклин, ампициллин же тар таасирлүү башка антибиотиктерди колдонууга болбойт. Кен

таасирлүү антибиотиктер тар таасилүү антибиотиктерден айырмаланып, бактериянын көптөгөн түрлөрүн жок кылып коюшкан.

3.Левомицетинди дайыма өмүргө коркунуч туудурган ич келте ооруларга гана колдонуңуз. Левомицетин күчтүү жана коркунучтуу дары болгондуктан, аны эч качан жеңил сыркоолорго колдонбоңуз, жаны туулган айбандарга да эч качан бербеңиз.

4.Тетрациклинди же левомицетинди эч качан денеге сайууга болбойт.

5.Стрептомициндин пенициллин менен аралашмасы (ампициллин жокто же инфекциялардын башка бир өзгөчө түрлөрүнө колдонулушу мүмкүн, бирок эч качан демейдеги суук тиймеге, тумоого же дем алуу жолунун кеңири таралган вирустук инфекцияларына колдонулбаш керек.

6.Стрептомицин тобундагы бардык дарылар (канамицин, гентамицин кошулуп) ото уулуу болушат. Коп учурларда алар жеңил инфекцияларга каршы сунушталып, пайдасынан зыяны көбүрөөк болот. Андыктан бул дарыларды максаттуу түрдө коркунучтуу инфекцияларга гана колдонуңуз.

7.Ампициллин сыяктуу антибиотиктер денеге пайдалуу бактерияларды кайра калыбына келтирип, денедеги бактериялардын табигый тең салмактуулугун демейдеги абалына жеткире алат.

**Эгерде антибиотик жардам бербесе, эмне кылуу керек?**

Кеңири таралган инфекциялардын көбүнө антибиотиктер дароо же бир-эки күндүн ичинде таасир эте баштайт. Эгерде сиз колдонуп жаткан антибиотик жардам бербесе, мунун төмөнкүдөй себептери болушу мүмкүн;

1. Ал сиз ойлогондой оору эмес. Чаташып, башка дарыны колдонуп жатышыңыз мүмкүн. Адегенде кандай оору экенин тактап билип, андан кийин туура дарыны колдонуңуз.

2.Антибиотиктин дозасы туура эмес өлчөмдө берилиши мүмкүн. Муну текшериңиз.

3.Бактериялар сиз колдонуп жаткан антибиотикти тоготпой калышы мүмкүн (демек, бул антибиотик зыяндуу бактерияларды жок кыла албайт). Бул оруну дарылоого сунуш кылынган башка антибиотиктерди колдонуп корунуз.

4.Бул оруну кантип дарылоону анча жакшы билбей жатышыңыз мүмкүн. Эгерде оорулуу малдын абалы оорлоп баратса, ветеринардык врачка жардамга кайрылыңыз.

**Антибиотиктерди ченеми менен колдонуунун мааниси**

Бардык эле дарыларды колдонуунун оз ченеми болуш керек. Бул айрыкча, антибиотиктер үчүн өтө маанилүү (төмөндөгү себептерден улам):

1.Уулануу жана зыяндуу реякциялар. Антибиотиктердин пайдасы да, зыяны да бар. Алар бактерияларды жок кылып тим болбостон, денеге да залакасын тийгизиши (аллергиялык реякцияны пайда кылат, денени уулandырат) мүмкүн. Антибиотиктерди жөнү жок колдонуудан жыл сайын көптөгөн айбандар өлүмгө учурашат.

2. Табигый тең салмактуулуктун бузулушу. Денедеги бактериялардын баары эле зыяндуу эмес. Алардын кээ бири дененин кадимкидей иштөөсүнө жардам берет. Антибиотиктер көп учурда зыяндуу бактериялар менен кошо пайдалуу бактерияларды да жок кылып коюшат. Антибиотик берилген жаш айбанда оздун же теeринин кычыткы инфециялары өрчүйт. Мунун себеби, антибиотиктер кычыткыны жөнгө салуучу бактерияларды да кошо кырып койгондугунда. Ошондой эле себептерден, ампициллинди же кен таасирлүү башка антибиотиктерди узак кабыл алган малдардын ичи өтүшү мүмкүн. Антибиотиктер тамак сиңирүү үчүн зарыл болгон бактериялардын кээ бир түрлөрүн жок кылып, ичегидеги бактериялардын тен салмактуулугун бузат же башкача айтканда, ичеги дисбактериозуна алып келет.

3. Дарыга туруштук берүү. Антибиотиктерди ченеми менен колдонуу эмне үчүн керек? Анткени, антибиотиктерди канчалык көп, узак колдонсо, алардын пайдалуу таасири да ошончолук азаят.

Бир эле антибиотик эч жөнү жок кайра-кайра колдонула берсе, бактерия ага көнүп калат да, акырында антибиотикти такыр эле тоготпой калат (бактерияны өлтүрө албай калат). Демек, бактериянын жаңы тукумдары антибиотикке туруштук берип калышат.

Азыр дүйнөнүн бардык жерлеринде көптөгөн коркунучтуу оорулар антибиотиктерди тоготпой калышты (аларга туруштук бере башташты). Мунун негизги себеби, антибиотиктердин жеңил илдеттерге каршы өтө көп колдонулуп жатканында.

Жеңил илдеттердин көбүнө антибиотиктерге колдонуунун эч кереги жок. Теринин женил илдеттеринин демейде суу (самын колдонуп), ыссык компресс менен же жашыл дары (зеленка) сүйкөп эле айыктырса болот. Көп учурда ич өткөктө антибиотиктер менен дарылоонун зарылдыгы жок. Алар кайра зыян келтириши мүмкүн. мындай, учурда суюктукту коп ичирип, жаш малдарга маал малы менен жетиштүү өлчөмдө, бат-бат азык берип туру керек.

**Жыйынтык**

Бул докладдын негизинде, антибиотиктер, адамдардын жана жаныбарлардын организмине оң таасирин гана эмес тура эмес колдонсо тез таасирин тийгизээрин билдик. Андыктан антибиотик колдоноордо медицина кызматкерлеринен жана ветеринардык-медицина кызматкерлеринен консультатция алып, андан кийин гана колдонуңуз.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Мазгов И. фармакология 1989г. Москва
2. Лазарева Д. Н. Действие лекарственных средств при патологических состояниях. М., 1990.
3. Лакин К. Н., Крылов Ю. Ф. Биотрансформация лекарственных веществ. М., 1981.
4. Лоуренс Д. Р., Бенитт П. Н. Клиническая фармакология. М., 1991.
5. Машковский М. Д. Лекарственные средства. М., 2005. Т. 1, 2.
6. Сотскар Р. С, Бандакар С. Д. Фармакология и фармакотерапия. М., 1986.
7. Федюкович Н. И. Современные сахароснижающие препараты. Минск, 1998.
8. Федюкович Н.И. Фармакология: Учебник для медицинских училищ и колледжей. — 5-е изд. — Ростов на Дону: Феникс, 2007.
9. Харкевич Д. А. Руководство к лабораторным занятиям по фармакологии. М., 1988.


*  *  *

УДК 633.88

# ЧАЛКАН-КРАПИВА ДВУДОМНАЯ-U+RTICADIOICA ДАРЫ ӨСҮМДҮГҮНҮН НООКЕН РАЙОНУНДА КЕЗДЕШИШИ ЖАНА ЭЛДИК МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУЛУШУ
# РАСПРОСТРАНЕНИЕ КРАПИВЫ ДВУДОМНАЯURTICADIOICAВ НООКЕНСКОМ РАЙОНЕ И ЕГО ИСПОЛЬЗОВАНИЕ В НАРОДНОЙ МЕДИЦИНЕ
# RASPR1:49 PMOSTRANENIYEKRAPIVYDVUDOMNAYAVHOOKENSEOIOBLAST'IISPOL'ZOVANIYINARODNOYMEDIUNE

***Байышбек кызы А.***
***ЖАМУ, Медициналык колледжи***
***"Дарылоо иши "бөлүмүнүн***
***ЛД-2-15 тайпасы***
***Жетекчиси: Боркошова С.М.***

***Аннотация:*** *Бул макалада изилдөөнүн актуалдуулугу изилдөө обьектиси, предмети, максаты, милдети, күтүлгөн жыйынтык жазылды .*

*Чалкан өсүмдүгүнүн Жалал-Абад облустунун Ноокен районунун айылдарында кездешүүсү берилди.Чалкан дары өсүмдүгүнүн элдик медицинада колдонулушу жана химиялык курамы айтылды .*

*Чалкандан даярдалган гербарийлер, тундурма , эритмелерди, кээ бир ооруударга колдонулгандыгы жана эксперименттин жыйынтыгы берилди.*

***Аннотации:*** *В этой статье показаны актуальность исследования, объект исследования, цель и предмет исследования результаты исследования.*

*Растение крапива встречается во многих местах района НоокенЖалал-Абадской области.Использование растение крапивы в народной медицине показан его химический состав. Изготовление гербарий из крапивы показано использование крапивы и его настоя в виде лечения некоторых болезней. Данырезультатыэкспериментов.*

***Annotation:*** *This article shows the relevance of the study, the researchobject, purpose and object of the study, the results of research. Nettle plant is found in many places of the district Nooken Jalal-Abad oblast.The use of nettle plant in folk medicine and its chemical composition pokzalos. Manufacturing herbarium nettle and reflected the use of nettle and its infusion in the treatment of certain bolezney. Danyexperimentalresults.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Флора, медицина, фармакогнозия, фитотерепия, БАД, эксперимент, интернет, гербарийлер, иммунитет, аш көк.*

***Ключевые слова:*** *Флора, медицина, фармакогенозия, фитотерепия, БАД, эксперимент, иммунитет, гербарии, интернет, петрушка.*

***Key words:****Flora, medicine, pharmacjgenesis, phytherapy, herbary, internet parsl.*

**I. Актуалдуулугу:** Дүйнөдөгү маданий өсүмдүктөрдүн келип чыгуу борборунун бири болгон Борбордук Азия айыл чарба жана дары өсүмдүктөргө абдан бай. Өлкөбүздүн медицина тармагында өсүмдүктөрдөн дары препараттардыбиологиялык активдүү кошулмаларды алууда негизги булактардын бири флора кызмат кылат.

Жалал-Абад облустунун флорасы республикада негизги орунду ээлейт. Бул токойлор өсүмдүктөргө абдан бай. Табыйгый дары өсүмдүктөрдөн жасалган биологиялык активдүү кошулмалар, бирикмелер, тундурмалар жана ширелер адамдын организими үчүн абдан пайдалуу.

Медицинанын жетишкендигине карабастан дары өсүмдүктөр жана препараттар организимге жеңилирээк таасир этет, кошумча терс таасирлерди бербейт. Акыркы убакта дарылоонун көп түрүндө синтетикалык, химиялык препараттар терс таасирин берүүдө, кээ бир оорулар үчүн жаман абалга алып келүүдө. Элдик дарылоонун каражаты кээбир күчтүү жана эскирген оорулар үчүн байыркы элдик медицина эффективдүү таасир берүүдө.

**II. Изилдөө обьектиси:** Жалал-Абад облустуна караштуу Ноокен районунун айылдары: Тоскоол-Ата, Кочкор-Ата, Бүргөндү.

**III. Изилдөө предмети**: Фармакогнозия-фитотерепияалык препараттарды туура пайдалануу.

**IV. Изилдөөнүн максаты:** Ноокен районунун Тоскол-Ата жаратылыш токойунун даары өсүмдүктөрүнөн (**чалкан-крапива двудомная urtika dioica**) алынуучу биологиялык активдүү кошулмалардын, тундурмалардын жана ширелердин организимге тийгизген оң таасирин изилдөө. Чалкан дары өсүмдүгүнүн экологиялык жактан таза жаратылыш аймагынан жыйноонун мезгилин, сырьёну кургатуунун жана пайдалануунун ыкмаларын үйрөнүү. Дары-дармек өсүмдүктөрүнүн ичинен чалкан дары өсүмдүгүнүн элдик медицинада кандай ооруларга дарылык касиети бар экендигин илимий медициналык жана илимий булактардан изилдеп жана интернеттен керектүү маалыматтарды жыйноо жана жазуу .

**V. Изилдөөнүн негизги милдетери:** Илимий элдик медициналык адабияттардан, фондук материалдарды жана нукура элдик маалыматтарды интернет булактарынан изилдөө менен темага дал келгенин алуу**.** Талаа экспедициясына чыгуу (Тоскол- Ата Кочкор-Ата, Бүргөндү айылына) жана чалкан дары өсүмдүктүн жалбырагын, тамырын жыйнап, гербари жасоо жана тамырын жалбырагын кургатып, элге сунуштоо.

**VI. Практикалык мааниси:1.** Изилдөөнүн жыйынтыгында теориялык-практикалык жактан адамзаттын организимине зарыл болгон, биокошулмалардын тундурмалардын, кайнатма ширелердин жана биопрепаратардын даярдалуусу жана пайдалануусу жөнүндө медицина багытындагы студенттерге жана жалпы элге сунуштоо

### Чалкан-крапива двудомная Urtica dioica,Чалкандар тукуму-Urticaceae,
### Дарылык сырьёсу-жалбырагы.

Чалкандын гүлдөрү бир жыныстуу, майда жөнөкөй, төрт бөлөк гул кабыгы мешок сыяактуу, бутактуу топ гүлгө топтолгон. Мөмөсү бозомтук сары жумуртка сымал жангагча гүл калканчанын ичине жайгашкан. Май-Сентябрь айларында гүлдөйт. Чалкан Кыргызстандын бардык калк жашаган жерлерде облустун нымдуу жерлеринде Арстанбап–Ата, Кара-Алма, Ноокен районунун

айылдарында бактардын арасында, арыктын бойлорунда отоо чөп катары жолугат.

**Даярдоо:**

Чалкандын жалбырактарын гүлдөгөн мезгилинде жыйнашат. Көбүнчө чалканды чаап же кыркып салышат да, соолутушат, дүүлүктүргөн ачуусу жоголгондо жалбырактарын кол менен сыйрып алууга болот. Сырьёнун жакшы желдеткичи бар тунуке чатырлардын же бастырмалардын алдына кагазга же кездемеге жука кылып жайып кургатышат. Күнгө кургатууга болбойт, анткени жалбырактары оңой майдаланылат.Жалбырактын борбордук тамырчалары жана жалбырак саптары упурап сына баштаганга чейин кургатылат.[1]

**Химиялык курамы:** Жалбырактары витаминдерге бай С, К, В2 витаминдери, каротин (А-провитамин) понтотен кислотасы, органикалык кислоталар, өзгөчө кумурска кислотасы, хлорофилл, ашаткыч заттар, уртицин-гликозиди, гистамин, азоттуу негиздердин тактары, фловоноиддер, микроэлементтер, ситостерин, мом жана темир туздары көп.

**Колдонуу**: Суудагы демдемеси жана суюк экстрак түрүндө ички органдардан кан акканда кан токтотуучу препарат катары колдонулат. Чалканды кан токтотуучу таасири анда К витамини болушу менен шартталат. Жалбырактары поливитаминдүү чөп кошулмалардын курамында жана ошондой эле "аллахол" препаратынын курамына кирет. Чалкан теринин (жараны айыктыруучу жана заттардын алмаштыруусун жакшыртуучу дары катары колдонулат. Чалкан ошондой эле организимде темир жетишсиз болуп анемия менен ооруганда жана ичеге-карын ооруларында да пайдаланылат.[4 ]

**Демдөө ыкмасы:**

Бир чоң кашык майдаланган жалбырагын бир стакан кайнак сууда 25 минут демдеп, кийин оoздун ичин чайкоого болот. Чалкан кандын уюу деңгээлин жогорулатып гемоглобулиндин санын көбөйтөт жана **кандагы канты** азайтат. Мындан тышкары заара кубалоочу, жаратты бат айыктыруучу, организимди чыңдоочу касиетке ээ.

**Чачка кам көрүү жана төгүлүүнүн алдын алыш үчүн**чалкандын кургатылган жалбырагын 6 аш кашык алып, үстүнө 1 литр сууга кайнтып тундуруп алып чачты жууса болот. Жумасына 2 жолу жууганга болот жана мыкты натыйжаны берет. **Баалуу азык** жаш жалбырагынан жана жаш бутактарынан щи даярдап, жалбырагынан

салат жасаса болот.**Чалкандан салат:** жалбырагын жууп, ачуу дамы кетиши үчүн 30 мүнөт муздак туздуу сууга чылап коюу зарыл. Анан жалбырактарын туурап салат катары колдонсо болот**. [2]**
**Даярдоо:** Жалбырактарын 5 минута кайнак сууга салуу кажет. Андан соң чыгарып алып майдалап тууроо керек.



**Илимий теманын үстүндөгү экспедиция.**

Жетекчибиз Боркошова Сабира Муктаровна менен биргеликте 2017-жылы март, апрель айларында ийримдеги кыздар, балдар менен чогуу илимий теманын үстүндө иштөө үчүн Тоскол- Ата, Кочкор-Ата, Бүргөндү айыл аймагын изилдеп чыктык. Бул жерден чалкандын жалбырагын, тамырын жыйнап келдик. Гербарий жасоо үчүн даярдап кургаттык. Дары чалканды медициналык колледжинин №211 канасында кургаттык.

**Кочкор –Ата, Тоскол-Ата, Бүргөндү аймагындагы экспедиция.**

2016-2017-жылдындагы апрель, май айында жетекчи менен биргеликте 3 студент жана мен сиңдим менен чогуу экспедицияга чыктык. Бул жерден чалкандын жалбырагын тамырын, жыйнап келдик.

**62 жаштагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин медициналык колледжинин окутуучусу Токонов Тынчтыкбек агайга жүргүзүлгөн эксперимент.**

Токонов Тынчтыкбек агай акыркы 2016- жылдан бери кант диабети менен ооруп жүргөн, агай буга чейин ооруканада дарыланып, бир топ дарыларды ичкен. Азыркы күндө да ичип жатат, агайдын кандагы

кантын нормасы 13-8 кийин 14-7 болгон. Ал эми азыркы учурда чалкандан даярдалган тундурманы ичип жатат.

**17 жаштагы Жалал-Абад облустунун Ноокен районунун Бүргөндү айылынын тургуну Байышбек кызы Айданага жүргүзүлгөн эксперимент.**

Менин бир тууган синдим Байышбек кызы Айдананын чачы калың кайратуу эле жакынкы аралыктан бери төгүлө баштаган. Теориялык билимдин негизинде синдиме чалкандан тундурма жасап бердим, жумасына 2жолу тундурма менен чачын жууп, чачы төгүлбөй калды, эң сонун натыйжа берүүдө.

**15 жаштагы Жалал-Абад облустунун Базар-Коргон районунун тургуну Алимова Элизагаэксперимент.**

Байкемдин үйүнө 2016-жылдын 5-апрелинде конокко барсам синдим аябай ооруп температурасы көтөрүлүп жатыптыр, мен анын колундагы сыздоок экенин көрдүм да, бак ичиндеги жаңыдан чыга баштаган чалкандан үзүп келдим, андан соң аны жууп алган билимиме таянып, чалкандан жанчып жаратына бинт менен таңып койдум, бат эле 3-4күн ичинде айыгып калганын билдирди.

**Изилдөөнүн жыйынтыгы:**

**1**.Жалал-Абад облустунун Ноокен районунун аймагынан жыйналган чалкан дары өсүмдүгүгүнөн биокошулма, тундурма бирикмелер даярдалып жана гербарийлер жасалды.

**2**.Чалкандан алынган биокошулма, тундурма бирикмелердин кайсыл ооруга жардам берерин, жана колдонорун билип, кант диабетине, тери жарат оорусуна (сыздоок) күнүмдүк тамак ашта салат катары, чач түшө баштаганда, организимге оң таасирин кайсыл учурда көрсөтөрүн илимий жактан изилденип сунушталды.

3. Ар бир адам өзүнүн ден-соолугу үчүн абдан жакшы кам көрүүсү зарыл, ар дайым эле дары препараттарды колдонуу бир жагына оң таасир берсе, экинчи жагына терс таасир бериши мүмкүн.

4. Ошондуктан чалкан дары өсүмдүгүнөн алынган тундурма, бирикмелерди, салаттарды ар бир инсан өзүнүн ден-соолугун сүйсө, жогоруда көрсөтүлгөн ыкма боюнча үй шартында оңой даярдап колдонсо болот. Табияттагы дары чөптөрдөн алынган биологиялык активдүү кошулмалардын организим үчүн туура пайдаланса, эч кандай терс таасири жок. Сиздер үчүн биздин сунушубуз жакшы натыйжа берет деген ойдобуз.

**Колдонулган адабияттардын тизмеи:**

1. Алимбаева П. К.Нуралиева Ж.С "Дартка дабаа өсүмдүктөр". Бишкек 1991-жыл 128. 41-42-43бет.
2. Давлетмуратов .С. Утенияазов К. Лекврственная растения в Каракалпакии, применяемые в научной медицине Нукус ( Каракалпаки) "Каракалпакстан" 1990 г. стр.34 – 35-36 стр.
3. Кыргызстандан чыккан гезит-журналдар Супер ИНФО 15- бет.
4. Кузнецова М.А. Рыбачук И.З.Учебная литература Фармакогнозия 1 часть 228 стр.239-240-241-242-243

* * *

УДК 576 89

# АНТИПАРАЗИТАРДЫК КАРАЖАТТАРДЫН ТААСИРИНИН ЖАНА КОЛДОНУУСУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ
# ОСОБЕННОСТИ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ И ВОЗДЕЙСТВИЯ АНТИПАРАЗИТАРНЫХ ВЕЩЕСТВ
# FEATURES OF USE AND EFFECTS OF ANTIPARASITIC SUBSTANCES

***Беркулов Э.***
***ЖАМУ, Табигый техникалык факультет***
***Гр: В-1-14***
***Жетекчиси: Ташматова А.***

***Аннотация:*** *Кыргызстанга алынып келинген жаны антипаразитардык дарылар алып келинген дарылар менен тааныштыруу жана аларды ветеринариялык иште колдонуунун принциптерин түшүндүрү камтылды.*

***Аннотация:*** *Произведено ознокомление с использованием с новопривезенными в Кыргызстан новыми антипаразитарными препаратами, и методами их использования в ветеринарии.*

***Annotation:*** *Introducing new antiparasitic medicines that transporting to Kyrgyzstan and theit using in veterinary.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Антигельминттер, афсорбция, некроз, дезинфекция, фармакодинамика, паразитардык, инвазиялык, экстенс*

*эффектүүлүк, интенс эффектүүлүк, физиологиялык процесс, аноэроб, ректалдык, дегельминтизация, эпизоотия.*

***Ключевые слова:*** *Антигельминты, некроз, афсорбция, дезинфекция, фармакокинетика, паразитарные инвазии, физиологические процессы, дегельминтизация, эпизоотический, рекатальный, аноэроб, экстенс эффективный, интенс эффективный.*

***Key words:*** *Anthelminthes, necrosis, absorption, disinfection, pharmacokinetics, parasitic infestations, physiological processes, dehelminthization, epizootic, recatal, anaerobic, extensive effective, intensively effective.*

**Мителерге каршы дары каражаттары**

Антигельминттик каражаттар (анти-каршы, гельминт-курт) деп малдын организмин мите курттардан арылтуу максатында колдонулуучу дары заттары аталат. Ветеринарияда мите курттардын тузулушунун жана биологиясынын өзгөчөлүктөрүнө, ошондой эле мителик кылуучу ордуна жараша ар кандай фармакодинамикага жана мителерди кыруу жөндөмүнө ‘neħrey’ дары заттары колдонулат.

Антигелминттердин таасир беру механизми дагы эле толук изилденип бүтө элек. Муну табигый көрүнүш катары эле карасак болот, себеби колдонулуучу дары заттары түркүн жана мите курттардын биологиялык өзгөчүлүктөрү дагы ар башка. Дарылардын мите курттарга каршы эн бир баалуу тасирлерин ḃу бири болуп шартталган же тандалган адсорбация менен мите курттун денесинде некрозду пайда кылып же митени айрым бир физиологиялык тутумунун дарыга өтө сезгичтиги. Мындай таасирдин түрүнүн баалуулугу мите курттун физиологиялык процесинин оз убакытка эле иштен чыгып калышы анда кайтарылгыс өзгөрүүнү пайда кылат же өлүмгө алып келет. Ушундай тасир берүүчү көптөгөн уу дарылар кандайдыр бир деңгээлде малга дагы жагымсыз таасир тийгизет. Ошондуктан мындай учурда эффективдүүлүгүн жогорулаатуучу жана жагымсыз таасирин азайтуучу бардык шарттарды так колдонуу талап кылынат. Көп сандаган анти гелминттиктер нерв-булчуң процесинин тескелүүсүн бузат. Мисалы курамында сантонин, ареколин бар дарылар тасма курттарда узакка созулган наркотикалык абалды, ал эми жумуру курттарда параличти пайда кылуучу дуулугууну жаратат.

Белгилүү бир убакыттан соң мите курттардын айрым бир бөлүгүнүн жашоо тиричилиги кайра калыбына келет. Эгер ушул убакыттын ичинде ичинде мите курттарды организмден чыгаруу чаралары өз убагында жүргүзүлсө, анда дезинвазия эфективдүү аткарылган болот.

Акыркы жылдары мите курттардын өзүнчө бир кубаттуулук же пластикалык процесстерин бузуучу атайын антигельминттер синтезделүүдө (анаэроб дем алуусун бузуу, гликолиздин ырааттуулугун бузуу, ферменттик процесстерди начарлатуу жана башка)

Мителерге жагымсыз шарт түзүү менен, айрым бир антигельмиттиктер аларды өлүмгө дуушар кылса, экинчилери шал кылат, үчүнчүлөрү катуу дүүлүктүрөт жана башка ушул сыяктуу. Ар кандай фармакодинамикадагы каражаттар белгилүү бир митенин түрүнө гана так таасири бар.

Дары заттарынын антигельмиттик таасири түркүн даражада байкалат. Кайсы бир антигельминттиктер организмди мителерден толук арылтса, айрым бир антигельминттер толук арылта албайт. Ошондуктан тигил же бул дарынын эфективдүүлүгүн төмөнкүдөй кылып эсептөө кабыл алынган: экстенс эффектүүлүк (ЭЭ) тигил же бул мите курттардан толугу менен арылган малдын пайызы; интенс эфектүүлүк (ИЭ) – организмден чыгарылган мителердин, жумурткалардын, личинкалардын, санынын организмдеги баштапкы абалындагы бардык санына болгон катышынын көрсөткүчү.

Мындан тышкары, мите курттардын бөлүнүп чыгуу көрсөткүчү дагы колдонулат, бул мите куртардын кандайдыр бир деңгээлден чыгып кетүүсү байкалган малдардын пайызы.

Малдар үчүн уулуу эмес антигельминттер жок. Көпчүлүк учурда дары каражаттарынын антигельминттик дозасы азыраак денгээлде ууланууну пайда кылат жана ошондой эле аййрым бир учурда дары уулуу да болушу мүмкүн.

Дарынын касиеттеринин ичинен анын ээрүү даражасы, синуусу жана органикалык заттарга туруктуулугу эң чоң мааниге ээ. Дарылардын сууда жакшы ээрүүсү тамак сиңирүү органдарындагы мите курттар менен күрөшүүдө жагымсыз фактор болуп эсептелет, себеби мындай шартта дары затын мите курт дагы, ичеги дагы өзүнө сиңирип алат. Ал эми айрым бир учурда дары заты мите куртка караганда ичегиде көбүрөөк сиңиши мүмкүн.

Антигельминттик каражаттар мите куртардын анатомия биологиялык өзгөчөлүктөрүнө жана алар кайсы тайпага тийешелүү экендигине жараша таасир берет. Антигельминттик каражаттар малдын түрүнө жараша ар кандай уулуу таасирге ээ болгондуктан, аларды тандоодо малдын түрү дагы чоӊ мааниге ээ болот. Мисалы, тооктор үчүн уулуу болгон төрт хлорлуу комуртек иттер үчүн дагы анча уулуу эмес, ал эми койлорго берүүгө өтө этият болуу керек болсо, уйларга берүүгө болбой. Мындан тышкары, бир эле мите курттун тирүү малдын бир түгүндө оӊой эле дарыланса, башка бир түрүнө кыйындыкка турат. Мисалы, мышык менен иттин аскаридоз сантонин 70-90% эффективдүүлүктү берсе, түлкүлөрдүн аскаридозунда 40-50% гана эффективдүүлүктү бере алат.

Малды дарылоодо мите курттар жайгашкан чөйрөөдө антигельминттердин концентрациясы мителерди ишеничтүү жок кылууга жетишээрлик болуусу зарыл. Ошондуктан дарыны тандоодо анын дозасы жана колдонуу формасы белгилуу бир даражада мителердин жашаган жери менен шартталат. Ичегинин ичинде жайгашкан мителерге таасир этуу кыйын, ал эми мителер бордо, дем алуу органдарында, өзгөчө мээде, булчуӊ этте, тутумдаштыргыч ткандарда жайгашса аларга таасир этүү өтө татаал. Мителер бир эле учурда коп сандаган малдарды жабыркаткандыктан, аларды дарылоо жалпы түрдө жүргүзүлөт. Бул чараларды мүмкүн болушунча эффективдүү болуп, мал озу дарылоодон азырак жабыркашы мүмкүн үчүн дарыны колдонуу эрежеси так сакталышы керек.

Дарыларда берүүнүн ыкмаларын жана формалары мите курттар менен болгон ооруударда чон мааниге ээ. Дарылар оозу аркылуу порошок, таблетка, дроже, суспензия, эритме, тоют менен, капсула түрүндө зонддун жардамы менен берилет. Мите курт жоон ичегиде жайгашкан учурда айрым бир дарылар ректалдык жол менен берилет, ал эми мителер ткандарда болсо дары булчуӊ этке сайылат.

Антигелмиттиктер бир баш малга өзүнчө жана көп баш малга чогуу дагы колдонулат. Жакшы эрибеген дарылар үчүн алардын кандай көлөмгө чейин майдаланышы жана ичегиде канчалык денгээлде текши жайгашкандыгы чоӊ мааниге ээ. Мындай дарыларды эмульсия түрүндө берсе жакшы эффект болот. Антигелминттерди беруунун ырааттуулугу дарынын өзүнө жана ал ооруга жараша болот. Мите курттар тоют сиӊирүү органдарында жайгашса, дарыны бир же

эки жолу беру жетиштүү, ал эми мителер ткандарда жайгашкан учурда коп ирет берилет. Бир дозаны болуп берүүдө мал аны жакшы көтөрөт, ошондой эле айрым учурда эффективдүүлүгү да жогорулайт. Антигелминттик каражаттар түзүлүшү боюнча да, касиети боюнча да ар башкача болушат. Айрым бирлери антигелминттик катары гана белгилүү болсо, айрым бирлери кошумча касиетке ээ. Көпчүлүк антигелминттиктер көптөгөн мителерге таасир берет бирок ар кандай деңгээлде.

Малдарды дегельминтизациялоонун жыйынтыгында ылаңдын бардык белгилерин жоголуп, тоют сиңирүүсү жана зат алмашуусу жакшырып, мунун жыйынтыгында кунардуулугу жогорулайт.

Профилактикалык дегельминтизациянын эпизоотияга каршы чараларды өткөрүү планын негизинде жөргүзүү зарыл.

Инвазия пайда болгон учурда диагноз аныкталаары менен дарылоо дегельминтизациясына киришүү керек. Андан соң колдонулган дары каражатынын экстенс инвазиясын жана интенс инвазиясын аныктап, эгер муктаждык болсо дарылоону кайталап өткөрүү керек.

Профилактикалык дегельмитизация – бул план менен өткөрүлүүчү иш чара, ал эми дарылоо аргасыздан жасалуучу иш.

Инвазия көпчүлүк учурда мал жайтка чыккан маалында – жайында, бир аз азыраак куз жана жаз мезгилдеринде пайда болуп, мэзгилдик мүнөзгө ээ.

**Жыйынтык:** Бул докладдын негизинде антигелмиттиктердин паразиттерге, инвазиялык ыландарга эффективдүү таасир берип жаныбарлар арасында ыландардын азаюусуна жардам берет экендигин түшүндүк.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Балткайс Я. Я., Фатеев В. А. Взаимодействие лекарственных веществ. М., 1991.
2. Бароян Р. Г. Клиническая фармакология (для акушеров, гинекологов). М., 1997.
3. Белоусов Ю. Б., Моисеев В. С, Лепахин В. К. Клиническая фармакология и фармакотерапия. М., 1993.
4. Кевра Н. М. Растения против радиации. Минск, 1993.

5. Кукес В. Г. Клиническая фармакология. М., 1991. Курбат Н. М., Станкевич П. Б. Рецептурный справочник врача. Минск, 1998.
6. Курлович Л. Д. Основы фармакологии (практикум). Минск, 1997.
7. www.wikipedia.org


* * *

УДК 619

# ЖАНЫБАРЛАР ЖАНА АДАМДАР АРАСЫНДАГЫ БРУЦЕЛЛЕЗДУН ЖУГУУ ЖОЛДОРУ, САКТАНУУСУ ЖАНА КАРШЫ КҮРӨШҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ
# ПУТИ ЗАРАЖЕНИЯ БРУЦЕЛЛЕЗОМ МЕЖДУ ЖИВОТНЫМИ И ЧЕЛОВЕКОМ ПРЕДОХРАНЕНИЕ И СТРАТЕГИЯ ПРОТИВОДЕЙСТВИЯ БОЛЕЗНИ
# WAYS OF TRANSMISSION OF BRUCELLOSIS BETWEEN ANIMALS AND HUMANS AND PROTECTION STRATEGY TO COMBAT THE DIEASE


***Жумабеков А.***
***ЖАГУ, Табигый техникалык факультет***
***группа: В-1-13***
***Жетекчиси: Исмаилов К.***



***Аннотация:*** *Бул докладда бруцеллез оорусунун маалыматы жана азыркы учурдагы Жалал-Абад обласындагы эпизоотологиясы. жана ага каршы колдонулуучу био препараттарды пайдалануу жактары кеңири камтылды*

***Аннотация:*** *В докладе привидены эпизоотологические ситуации и ваксинации бруцеллеза на территории Жалал-Абадской области.*

***Annotation:*** *In the report, ghost epizootic situations and waxing of brucellosis in the territory of the Jalal-Abad region.*



***Ачкыч сөздөр:*** *Эпизоотия, Эпидемия, КБР, аборт, дезинфекция, серология, бурсит, абсец.*

***Ключевые слова:*** *Эпизоотия, Эпидемия, КБР, аборт, дезинфекция, серология, бурсит, абсец.*

**Key words:** *Epizootic, Epidemic, CBD, abortion, disinfection, serology, bursitis, abscess.*

Кыргыз Республикасында бруцеллез айылчарба малдарынын жана үй айбандарынын дээрлик бардык түрүндө катталууда. Өзгөчө бодо жана майда малдардын бруцеллезу – эпизоотологиялык жана эпидемиологиялык чоң мааниге ээ. Жалал-Абад, Баткен, Ош облустарында, элдер арасында жана жаныбарларда оорунун жогорку деңгээли байкалууда. Өзгөчө копту абалды, ооруган адамдардын 25% балдар жана 18-ге чейинки өспүрүмдөр түзгөндүгү жаратууда. Ушуга байланыштуу бруцеллез менен күрөшүү үчүн, жаңы ыкмаларды жана каражаттарды издөө ветеринардык илимдин жана жалпы коомдун актуалдуу проблемасы болуп калууда.

Түзүлгөн кырдаалга байланыштуу, бруцеллез чыгатурган очокторду алдын алуу жана аны жок кылуу үчүн натыйжалуу иш-чараларды уюштурууда, эфективтүү иш алып бару керектиги келип чыкты.

**Бруцеллез** (лат. brucellosis) - жаныбарлардын жана адамдын нерв, жүрөк-кан тамыр системасын жана сөөк-муундарын жабыркатуучу жугуштуу оору. Бруцеллёзду бруцелла уруусундагы бактериялар козгойт. Ал сырткы чөйрөнүн таасирине (суукка) туруктуу келет.Азыр бруцеллёз социалдык уй-булолук ооруга айланып жатат, жылына 4,-4,5 мин киши ооруйт, бул тукумсуздукка алып келип, калктын генофондуна терс таасирин тийгизуудо

Бруцеллездун козгогучу болуп Brucella уруусуна кирген микроорганизмдер эсептелет. Эл аралык классификация боюнча Brucella уруусу өз алдынча алты түрдөн турат. B. melitensis түрү - кой-эчкилерде, B. abortus - бодо малда, B. suis – чочкодо, B. neotomae – чөлдөгү бадал келемишинен табылган. B. ovis түрү кочкорлордон, ал эми B. canis – иттерден бөлүнүп алынган. Бул бруцеллездун 6 түрүнүн ичинен, адам баласы үчүн 3 түрү, атап айтканда B. melitensis, B. abortus, B. suis чоң коркунучту туудурат.

Адам баласына жана жаныбарларга өзүнүн патогендүүлүгү боюнча - B. melitensis түрү чоң мааниге ээ.

Мындан сырткары бруцеллалардын түрлөрүнүн бир жаныбардан экинчисине өтүшү да эпизоотологиялык белгилүү бир мааниге ээ. B. melitensis түрүнүн кой-эчкиден уйга, чочкого

өткөндүгү, B. suis түрүнүн – чочкодон эчкиге жана койго өткөндүгү аныкталган.

Бруцеллалар - шар, таякча сымал формада болушат. Алардын шар формасындагысынын чоңдугу 0,3-0,6 мкм, ал эми таякча сымалдары 0,6-2,5 мкм болот. Бруцеллалар сырткы чөйрөдө туруктуу болушат.

Бруцеллаларды кайнатканда жана дезинфекциялык көптөгөн каражаттардын таасири астында өлүшөт.

БРУЦЕЛЛЕЗДУН ДҮЙНӨДӨ ТАРАЛЫШЫ

Азыркы учурда бруцеллез жаныбарлар арасында Жер ортолук деңиз бассейниндеги өлкөлөрдө, Кичи Азияда (Турция, Иран), Түштүк, Түштүк-Чыгышта (Индия, Лаос) жана Борбордук Азияда (Казахстан, Кыргызстан), Африкада, Борбордук жана Түштүк Америкада (Мексика, Бразилия, Чили, Парагвай, Гватемала, Колумбия) кеңири тараган.

Ошол эле учурда Европада, Англияда, Данияда, Германияда, Финляндияда, Швецияда, Норвегияда, Швейцарияда, Чехословакияда, Румынияда, Австралияда жана Японияда бул ооруну айыл чарба малдарынын арасында толугу менен жок кылууга жетишишкен. Болгарияда, Югославияда бруцеллезго каршы жеткиликтүү иштер жасалууда, ошонун натыйжасында ылаң айрым региондордо гана сейрек катталууда.

АДАМДАР ЖАНА ЖАНЫБАРЛАР АРАСЫНДАГЫ БРУЦЕЛЛЕЗДУН КОЗГОГУЧУНУН НЕГИЗГИ ЖУГУУ ЖОЛДОРУ ЖАНА ӨТКӨРҮҮ ФАКТОРЛОРУ

**Өткөрүү жолдору**

Контакттуу (жандыктарга же алардан алынуучу продукцияларга контакт болгондо - жабыркаган же жабыркабаган тери аркылуу).

Контакттуу жана ооз аркылуу (оозго бруцелла менен булганган кир колду салганда ж. б.).

Алиментардык (жетиштүү кайнатылбай даярдалган – сүт, каймак, быштак, брынза жана эт азыктарын колдонгондо).

Аба-чаң аркылуу (бруцеллалары бар - жүндү, терини иштеткенде, мал сарайларды тазалоодо, лабораторияда бруцелла культурасы менен иштеген учурда ж. б.).

**Өткөрүү факторлору**

Аборт болуп өлүү түшкөн күмөн, анын чөбү, каканак суусу жана Сырткы чөйрөнүн булганган объектилери - кык, төшөлгө, топурак, турмуш тиричиликте жана өндүрүштө колдонулуучу шаймандар.

Мал чарбасынан алынуучу продукциялар: сүт жана сүт азыктары, эт жана эт азыктары, жүн, тери ж. б.).аркылуу

**Бодо малдагы бруцеллездун белгилери**

Уйлардын бооз мезгилинин экинчи жарымында музоо салышы бруцеллездун белгиси болуп эсептелет. Ылаң чоң малдар арасында негизинен аборт кылган уйдан чыккан нерселер аркылуу тарайт ( аборт болгон күмөн, эмбриондун суюктугу жана жатындан чыккан нерселер аркылуу). Мал тууганда бөлүнүп чыккан нерселерде абдан көп сандагы жугуштуу бактериялар топтолуп кошо бөлүнүп чыгышат. Ылаң өтө жугуштуу жана соо малдарга ооруган малдан тез эле жугуп бат эле жайылат. Ылаңга чалдыккан мал адата бир эле жолу музоо салат, калган учурда кадимкидей эле тууй берет. Бирок ал уй ылаңды алып жүрүүчү жана таркатуучу болуп кала берет.

**Кой-эчкидеги бруцеллездун белгилери**

Майда малдагы бруцеллездун клиникалык негизги белгиси болуп койлордун козу салышы эсептелет. Ылаңдан таза эмес оторлордо мындай патологиялык көрүнүш туут бүткөндөн кийин деле байкалат.. Мындай оторлордон жаш токтулардын абортту көп байкалат. Ылаңга чалдыккан кой-эчкилер козгогучту алып жүрүүчү болуп кала беришет, ошол эле учурда козгогучту сүтү менен жана тууганда жатындан бөлүнүп чыккан нерселери менен кошо бөлүп чыгара беришет. Ылаңдаган эчкинин сүтүндө Бруцеллдин концентрациясы, койдукуна караганда жогору болот. Клиникалык диагностиканын орду - кой-эчкидеги аборт болгон учурларды убагында аныктоодо, патматериалдарды, жана кандын сары суусун серологиялык, бактериологиялык изилдөө үчүн өз убагында текшерүүдө турат. Мындан сырткары майда мал кармаган фермада аборт болгон учурда, керектелүүчү механизмдер оң абалда жана дезинфекцияга колдонулуучу каражаттар өз ордунда болуусу зарыл. Аборт жасаган малды өзүнчө кармай турган жайдын болгону эпизоотиялык чоң мааниге ээ. Бул жумуштар клиникалык диагностиканын ажырагыс курамдык бөлүгү болуп эсептелет

**Чочкодогу бруцеллездун клиникалык белгилери**

Чочкодогу бруцеллездун мүнөздүү белгиси болуп, аборттун массалык түрдө өтүшү эсептелет. Аборт чочконун бооз мезгилинин биринчи жарымында да, экинчи жарымында да боло берет (көбүнчө 10-12 жумалык бооз мезгилинде). Мегилжиндер аборт болгон күмөндү жеп салгандыктан, бооз мезгилинин башталышында болгон аборттор байкалбай өтүшү мүмкүн. Аборт жасаган чочконун кыйналып калтырак басканы байкалып, көбүнчө жатышат. Сүткө толуп чыккан желининен 4-5 күнгө чейин сүт агат. Айрым учурларда аборттон кийин чочкодо арткы бөлүгүнүн жана буттарынын шал болгону, тери астындагы кыртышта абцесс, муундарда бурсит, гигрома пайда болгону байкалат. Каман чочколордо бруцеллезго мүнөздүү болуп орхит жана эпидидимит пайда болуп, энинин бирөө же экөө тең чоңоюп кетет.

**Иттеги бруцеллездун клиникалык белгилери**

Brucella canis - бруцелланын иттерге тийиштүү түрү болуп эсептелет. Иттер ылаңдаган малга же алардын продуктыларына контакт болгондо Br. abortus, Br. melitensis жана Br. suis түрлөрүн жуктурушат. Иттерге Br. abortus жана Br. melitensis түрлөрүнүн жугушу оңой деп эсептелет. Иттер, мышыктар, жапайы айбандар бруцеллалар бар материалдарды (күмөн, чөбү, каканагы) жеп - инфекцияны механикалык таркатуучулардан болушат. Br. canis иттерде аборту, орхитти, эпидидимитти жана простатитти пайда кылат. Ошол эле учурда ылаң байкалбай өтүшү да мүмкүн, ит аборт жасаганда же тукумсуздуктун белгилери билингенде гана ылаңга күмөн санашат. Br. canis адамдарга да жугат, бирок сейрек учурда.

**Кочкорлордогу инфекциялык эпидидимиттин (Br. ovis) белгилери**

Ылаң курч же өнөкөт формада өтөт. Курч өткөндө, кочкорлордун жалпы абалы начарлап, тоютка табити тартпайт, дененин температурасы 41- 42°С жетет жана эндин жана анын придаткасынын экссудативдик сезгенчи байкалат. Эндери 3-5 эсе чоңоюп кетет. Калта экссудаттын толгонуна байланыштуу сезгенип бир нече эсе чоңоюп кетет. Калтанын териси чыңалып ысып жана кызарып чыгат, ооруксунат. Эндин придаткасынын бир жак бөлүгү, кээде эки жак бөлүгү тең тооктун жумурткасындай болуп чоңойгон учурлары кездешет. Спермиогенездин бузулушу, койлордун

боозушун төмөндөтөт. Ылаң башталгандан 2-3 жума өткөндөн кийин жогорудагы белгилер жоголуп температура калыбына келет, калтанын шишиги кичирейет, бирок формасы баштыка окшоп калат жана ылаң өнөкөткө айланат.

**Жылкыдагы бруцеллездун клиникалык белгилери**

Жылкылар Br. abortus же Br. suis түрүн жуктурушу мүмкүн, бирок бул боюнча ылаңдаган жылкынын эпизоотологиясы же патогенези жөнүндө маалымат өтө аз. Ириндүү бурсит, жалпыга белгилүү өркөчтөгү спускной свищ бруцеллезго байланыштуу көп кездешүүчү белгилерден болушат. Аборт болгон учурлар да катталат. Ылаңдаган жылкынын башка жылкылар үчүн, же башка малдар жана адамдар үчүн оору жуктуруучу булак болоору такталган эмес.

Жалал-Абад областындагы бруцеллез оорусун жуктурган малдардын саны:

| | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 |
|---|---|---|---|---|---|
| КРС | 291 | 337 | 244 | 177 | 286 |
| МРС | 16 | 7 | 16 | 25 | 16 |
| ЛОШАДИ | | 2 | 2 | | |

**Адамдардагы бруцеллездун клиникалык белгилери**

Адам баласы инфекциянын «акыркы алып жүрүүчүсү» болуп саналат. Себеби, ооруган адамдан башка адамдарга, жандыктарга оору жукпайт, өтө сейрек учурда гана жугушу мүмкүн.

Инкубациялык мезгил (билинбеген) бир жумадан бир нече айга жетиши ыктымал, көпчүлүк учурда 1-3 жумага созулат. Бруцеллёз клиникалык белгилердин ар түрдүүлүгү менен өзгөчөлөнөт, оорунун жүрүшү жана оордугу да ар түрдүү болот. Оору жай башталганда: башында алсыроо, уйкунун качышы, кээде кыжырдануу, баш оору, булчуңдардын, муундардын ооруганы, аппетиттин төмөндөшү, температуранын 37,1-37,3°С жогорулашы байкалат. Бруцеллез көп

учурда курч өтүп төмөнкү белгилер байкалат: температура 39-40°С көтөрүлүшү, озноб, алсыроо, тердөө, булчуңдардын, муундардын катуу оорушу, кыймылдын оорлошу. Кан тамырлардын, нерв системасынын жана сөөк-муун аппараттарынын жабыркашы, айрым учурда психикалык жабыркоо да бруцеллезго мүнөздүү. Оору орточо 3 айга, кээде 1-2 же андан көп жылга созулат. Бруцеллездун кесепетинен туруктуу болуп кетпей калган организмдеги өзгөрүүлөр майыптыка алып келиши мүмкүн. Бруцеллез менен ооруган боюнда бар аялдардын боюнан түшүшү толук мумкун мүмкүн.

**Адамдардагы оорунун маанилүү белгилери болуп төмөнкүлөр эсептелет:**

Бруцеллез менен ооруган адамдарда адатта калтыроо абалы коштоп жүрөт.

Көпчүлүк учурда ооруну B. melitensis түрү козгойт.

Оору адамдын жаш өзгөчөлүгүнө карабай жуга берет.

Оору катаалдашканда бардык органдагы системаны жабыркатышы мүмкүн.

Оору өнөкөткө айланган инфекциянын кесепетинен, рецидив формасында сакталып калышы мүмкүн. .жана бул ылан менен ооруган адамга даарылоого көп акча каражаты сарпталат.

Жалал-Абад областындагы бруцеллез оорусун жуктурган адамдардын жылдык корсоткучунун саны:

| 2009-Ж | 2010-Ж | 2011-Ж | 2012-Ж | 2013-Ж | 2014-Ж | 2015-Ж | 2016-Ж |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1146 | 1323 | 1452 | 832 | 484 | 397 | 327 | 338 |

**Бодо малдагы бруцеллезду көзөмөлдөө боюнча оперативдик пландын негизги элементтери**

Бодо малдарды (саан уйлар, кунаажындар жана букалар) жылына эки жолу РБП менен кандын сарысуусун же сүткө шакекче реакциясын кою менен жана бул реакцияларды РА, РСК же ELISA тестери менен бекемделип өткөрүлүп турат.

Тестирлөөгө кеткен чыгымды жана жумуштун көлөмүн азайтуу үчүн, сүттү массалык тестирлөөнүн пайдасы чоң;

Бодо малдарды тестирлөө кабыл алынган эл аралык сапат стандартка ылайык жүргүзүлүшү керек.

Базарлардагы ветеринардык санитардык экспертиза лабораторияларында иштеген ветеринардык адистер жүргүзгөн тестирлөөлөр, эл аралык сапатты көзөмөлдөө стандартына жана сүткө шакекче реакциясын коюу үчүн жасалган СОПко ылайык жүргүзүлүшү шарт.

Малдар, малдын ээси, сүт жана сүт азыктарын саткандар серологиялык тестирлөөнүн негизинде жана бададагы ылаңдын бар-жогуна жараша бруцеллездон тазалыгы боюнча аккредитациядан өтүүлөрү керек;

**Жылкылардагы бруцеллезду көзөмөлдөө боюнча оперативдик пландын негизги элементтери**

Кыргызстанда бээнин сүтүн дары катары колдонуу өтө популярдуу болуп калды. Көптөгөн адамдар бээнин сүтү организмди чыңдоочу, шлактардан жана уулардан тазалоочу заттарды камтыйт деп эсептешет.

Улуттук рецеп менен жасалган кымыз кычкыл келет (pH болжол менен 3,5) жана бруцеллезду жугузуу коркунучу жок. Бруцеллалар кымыздыкына окшош кычкыл чөйрөдө өспөйт жана патогендүүлүгүн сактап кала албайт.

Бээнин сүтүн адата саар замат эле жылуу ичишет. Мындай жаңы саалган сүттү колдонгондор үчүн коркунуч туудурушу толук мүмкүн жана бруцеллезду жуктуруп алуу коркунучу бар.

Мамлекеттик ветеринардык органдар, бруцеллезго карата жасалуучу серологиялык изилдөө иш пландарына, коммерциялык багытта атайын уюшулган ден соолукту чыңдоо жайларында колдонула турган саан бээлердин сүтүн изилдөөнү да кошушу керек;

Бул программаны трипанасомозго текшерүү программасы менен кошо жүргүзсө болот.

Территориялык ооруканалар жана жергиликтүү ветеринардык адистер, адамдардагы бруцеллезду козгоочу факторлорго өзгөчө көңүл бурушу зарыл. Адамдар бруцеллез менен ооруганда, жылкыдан алынган азыктардын - бруцеллезго байланыштуу эпидемиологиялык кырдаалга канчалык таасир тийгизээрин аныктоо максатында кызматтык иликтөө жасалышы зарыл

**Рев-1 колдонууда адамдар колдонуучу сактануулар**

Рев-1 вакцинасы тирүү вакцина, ошондуктан адамдарда бруцеллезду козгошу мүмкүн. Боюнда бар аялдар вакцинациялоого катышууга болбойт. Вакцинация жасап жаткан убакта, башка элдерди жана жумушчуларды оорудан коргоо максатында баардык коопсуздук чараларын жасоо керек. Кокустуктан көзгө чачырап кетпеши үчүн, коргонуу көз айнегин тагынуу керек. Кокус вакцинаны жуктуруп алсаңыз, тезинен медициналык талаптарды аткарышыңыз зарыл.

Вакцинациялоо учурунда тамеки чегүүгө, ичкенге, тамактанууга болбойт.

**Өзүңдү бруцеллезду жуктуруудан кантип сакташың керек**

Бодо жана майда малдын бруцеллезунун башкы белгиси болуп, ылаң жуккандан кийинки биринчи жолку аборт же жетилбей туулган төл эсептелет.

Сиздер көрбөгөн чоң коркунуч - бул малдын кийинки тууттарынын жана бооз мезгилинин кадимкидей эле өтүшү, төлдүн жетик туулушу, ошол эле убакта, мал тууганда бөлүнүп түшкөн чөбүндө жана суюктуктарында көптөгөн адам баласы жана башка жандыктар үчүн коркунучтуу бактериялардын болгондугу. Ылаңдаган малдын сүтүндө да бруцелла болушу мүмкүн, бирок сүттү кайнатуу аны залалсыздандырат жана тамака колдонууга жана айран, сыр жасоого болот.

**Сиз өзүңүздү, үй бүлөңүздү жана малдарыңызды оору жугуу коркунучунан төмөнкүлөрдү жасоо менен азайта аласыз:**

- малды тейлегенде, өзгөчө туудурганда колду самындап жууш керек;
- малдарды төлдөтүү үчүн өзүнчө короону колдонуу;
- чөбүн көмүү;
- короону акиташ менен дезинфекциялоо;
- сүттү колдоноордун алдында кайнатуу;
- малды вакцинациялоо;
- кулагында эни бар, эмделген малды гана сатып алуу;
- эгер мал сатып алууда анын эмделгени тууралу документи жок болсо, канын бруцеллезго текшерт;

**Оорунун жугуу коркунучу жогоруу болгон факторлор:**

- аборт жасаган малга менен иштеген учурда,

- мал багууда,

мал ташуудагы же жеткирүүдөгү кокустуктар (травма),

**Бруцеллёз оорусу көбүнчө мал этинен жуккандыктан этти туура тандай билиңиз**

1- Эт сатып алаардан алдың, сатуучудан эттин ветеринардык-санитардык текшерүүдөн өткөндүгү тууралуу жазылган китепчени сураңыз. Бул сиздин укугуңуз.

2- Негизинен этти базардан сатып алган жакшы. Анткени дүкөндөрдөгү эттер таңгакталгандыктан, алардын көпкө сакталуусу үчүн химиялык заттар да кошулат.

3- Таза, жаңы союлган малдын этинен кызыл түстөгү маңыз чыгып турат.

4- Жаңы этти манжа менен басып көрүңүз, пайда болгон чуңкурча бат түзөлөт.

5- Эгер тоңдурулган эт болсо, манжа тийген жерине кызыл так түшүп калат. Ал эми кайра-кайра тоңдурулган этте кызыл так пайда болбойт жана майы ачык кызыл тартып калат.

6- Бузулуп кеткен эт жыты өтө жагымсыз жана өңү абдан кочкул кызыл болот

7- Жаш малдын эти ачык кызыл түстө жана майы агыш болот.

8- Чоң малдын эти кызыл түстө болот.

9- Карыган малдын эти кочкул кызыл түстө болуп, майы саргыч тартып калат. Мындай малдын эти катуу болуп, кеч бышат.

**Жыйынтык**

Кыргызстандын азыркы учурдагы эпизоотиялык жана эпидемологиялык абалын жакшыртып, антропонозооноздук ооруларга каршы профлактикалык иш чараларды жургузуп, ошондой эле бул ооруларга богот койсок. Ёлкё ичинде ондурулгон айылчарба продуктуларын чет мамлекеттерге тосколдуксуз экспорт кылуу менен биргеликте мамлекеттин экономикасы көтөрлуп калктын жакырчылыктан чыгуунун бирден бир приоритеттуу кадамдары болуп калмакчы.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. М .К. Юсковец «Бруцеллез с/х жвотных»
2. Боровков М .Ф. Ветеринарно-санитарная экспертиза 2007г

3. Исмаилов. К « Айыл чарба жаныбарларынын Эпизоотологиясы» 2016-ж
4. И.А. Бабакулов «Эпизоотология» 1981-год
5. Кыргыз Совет Энциклопедиясынын. « Ден-соолук» медициналык энциклопедия

* * *

УДК 316.812.4

# ОЦЕНКА К ПЛАНИРОВАНИЮ СЕМЬИ СРЕДИ НАСЕЛЕНИЯ ГОРОДА ЖАЛАЛ-АБАД
# ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНЫН КАЛКЫНЫН АРАСЫНДАГЫ ҮЙ БҮЛӨНҮ ПЛАНДАШТЫРУУНУ БААЛО
# EVALUATION TO PLANNING A FAMILY AMONG THE POPULATION OF THE CITY OF JALAL-ABAD

***Кулматов Н.М.***
***ЖАГУ, Медицинский факультет***
***группа: ЛДк-3-13***
***Руководитель: Журабекова Г.Ч***

***Аннотация***: *В данной статье рассмотрены особенности репродуктивного поведения , уровня информативности девушек и юношей по вопросам планирования семьи.*

***Аннотация:*** *Бул макалада жыныстык жүрүм-турум өзгөчөлүктөрүн, маалымат жаштар жана*
*үй-бүлөөнү пландаштыруу боюнча аялдардын абалын сүрөттөйт.*

***Annotation:*** *This article describes the features of reproductive behavior , the level of informativeness of girls and boys on family planning*

***Ключевые слова:*** *планирование семьи, ИППП, контрацепция*

***Ачкыч сөздөр:*** *үй-бүлөнү пландаштыруу, жыныстык жол менен жугуучу оорулар, контрацепция*

***Key words:*** *family planning, sexually transmitted infections, contraception*

**Актуальность:** Планирование семьи помогает женщине упорядочивать наступление беременности в наиболее приемлемые сохранения своего здоровья сроки и не в ущерб здоровью детей ; снижает риск формирования бесплодия, а также заражения заболеваниями, передающимися половым путём.

Планирование семьи дает возможность мужчине и женщине вести половую жизнь, не опасаясь нежелательной беременности, не подвергая себя стрессам, и непрерывно продолжать учёбу, изучать профессию, строить карьеру.

Медико-социальная значимость проблемы планирования семьи определяется отсутствием у населения, в частности у подростков и молодежи представления о планировании семьи, сексуальности, (для подростков характерна гиперсексуальность), экстренной контрацепции, безопасном сексе, в связи с чем раннее начало половой жизни, плохая информативность об инфекциях передающихся половым путём, повышает риск наступления нежелательной беременности, повышает рост искусственных абортов и родов, инфекций передающихся половым путем, бесплодию. Беременность и роды в подростковом периоде, как правило, сопровождаются осложнениями, что в большей степени определяет высокий уровень материнской смертности по сравнению с другим странам (более чем в 2,5 раза).(1,2,3)

Число зарегистрированных случаев ИППП составляет до 200 % в год, 48,7 % всех заболеваний приходится на возрастную группу 20-29 лет т.е. на наиболее сексуально активную категорию населения, 17.4 % всех случаев составляют подростки.

Ежегодно в Кыргызстане около 9000.абортов, которые составляют одну треть в структуре причин материнской смертности.(5) В общем числе прерываний беременности на удельный вес абортов у подростков до 18 лет приходится 1200 абортов 13-15%

Важно отметить, что в настоящее время Кыргызстан занимает одно из ведущих мест в Средней Азии по уровню потребления наркотиков и злоупотреблению алкоголем среди подростков и молодежи, распространению ВИЧ, гепатитов В и С, туберкулёза, ИППП. Резко повысилась роль болезней с наследственной этиологией. (4)

В связи с вышеперечисленными пунктами большое значение имеет планирование семьи, планирование деторождения.



**Цель и задачи исследований: Цель работы -** изучение особенностей репродуктивного поведения, уровня информативности девушек и юношей, материнской смертности , младенческой и перинатальной смертности по вопросам планирования семьи.

**В соответствии с поставленной целью в работе были определены следующие задачи**

1) Изучить статической данные материнской смертности
2) Изучить статической данные младенческой и перинатальной смертности среди населения города Жалал-Абад

**Научная навизна исследований:** Нами первые изучено статические данные по вопросам планирования семьи среди населения города Жалал-Абад

**Материалы:**
**Интервал между родами за 2016**

| **Наименование** | **Всего** |
|---|---|
| Число родивших всего | 2531 |
| Первородивших | 685 |
| С интервалом 1 год и менее | 186 |
| 2 год | 661 |
| 3 год | 458 |
| 4 год | 243 |
| 5 и более | 298 |






**Выводы:** результаты полученные в ходе исследования что касается молодежи, собирающейся создать семью, то есть необходимость создания программ санитарного просвещения по вопросам контрацепции и ИППП, профилактики аборта, повысить доступность лечения ИППП, проводить активные мероприятия по пропаганде здорового образа жизни, формирование у подрастающего поколения ответственного сексуального поведения



**Список использованной литературы:**

1. Мак Коли Э, Лискин Л - Репродуктивное здоровье подростков: проблемы и их решение // Планирование семьи. 1996 . №3 с.21-24
2. В.И.Краснокольский, И.С.Савельева – Планирование семьи и репродуктивное здоровье девочек и подростков и молодых

женщин //Вестник Российской Ассоциации Акушеров - Гинекологов №1 1.98

3. О.И.Дунайцева-Роль врача общей практики в планировании семьи // Альманах клинической медицины , 2004 г. стр 387-394,
4. Р.Х.Чекушин, Т.С.Сырнев – добрачное обследование как один из методов решения проблемы планирования семьи в России // Успехи современного естествознания . 2004 . №6. стр. 79-80
5. Г.М.Савельева, Т.А.Лобова – Анализ особенностей репродуктивного поведения женщин – путь к разработке программы снижения числа абортов. //Вестник Российской Ассоциации Акушеров - Гинекологов №1 1.98
6. Старостина Т.А., Н.И. Размахнина, И.Г. Торганова И.Г. Планирование семьи. - М., - «Медицина»., - 1996. - 78 с

* * *

УДК 616.155.194

# РАСПРОСТРАНЕННОСТЬ АНЕМИИ СРЕДИ СТУДЕНТОВ ГОРОДА ДЖАЛАЛ-АБАД

# ДЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНДАГЫ СТУДЕНТТЕРДИН АРАСЫНДА АНЕМИЯНЫН ТАРАЛУУСУ

# PREVALENCE OF ANEMIA AMONG STUDENTS IN JALAL-ABAD CITY

***Мейманова К.***
***ЖАГУ, Медицинский факультет,***
***группа: ЛДк 1-14***
***Руководитель: Жуманалиева М. Б.***

***Аннотация:*** *Анемический синдром крайне неблагоприятно влияет на организм человека, что обусловлено развитием процессов гипоксемии и гипоксии. У студентов отмечается нарушение менструального цикла, обеднение эмоциональной сферы с преобладанием плохого настроения, вялость, плаксивости, раздражительности, повышается утомляемость, значительно*

*падает способность концентрации внимания, что приводит к снижению успеваемости в учебе и снижает иммунитет. Несмотря на успехи современной медицины, достигнутые в диагностике и лечении заболеваний системы крови, в частности анемии проблема для Республики Кыргызстана и продолжает оставаться актуальной.*

***Аннотация:*** *Анемиялык синдром адамдын организминде гипоксемия жана гипоксия процессинин өсүүсү менен организмге терс таасирин тийгизет. Студенттерде менструалдык циклдин бузулуусуна, маанайдын түшүүсү менен эмоциялык сферанын начарлоосуна, ыйлоокулук, алсыздык, чарчоонун көбөйүүсүнө, көңүл буруунун төмөндөөсү менен сабакка жетишүүнүн начарлоосуна жана иммунитеттин түшүүсүнө алып келет.Заманбап медицинанын кан ооруларынын, ошондой эле анемиянын диагнозунда жана даарылоодо жетишкен ийгиликтерине карабастан, Кыргыз Республикасында анемия проблемасы актуалдуу болуп калууда.*

***Annotation:*** *Anemic syndrome badly effects on the human body, which is due to the development of hypoxemia and hypoxia. Some students have menstrual disorder, depletion of the emotional sphere with predominance of bad moods, lethargy, tearfulness, irritability, fatigue increases, the ability concentrate decreases, which leads to a decrease in academic performance and lowers immunity.Despite the successes of modern medicine, achieved in the diagnosis and treatment of blood system diseases in particular anemia, the problem for the Kyrgyz Republic continues to be actual.*

***Ключевые слова:*** *анемия, эритроцит, гемоглобин, проблема, актуальность, студенты, распространенность, диагностика, цель, юноши, девочки.*

***Ачкыч сөздөр:*** *анемия, эритроцит, гемоглобин, проблема, актуалдуулук, студенттер, таралуу, диагноз, максат, жигиттер, кыздар.*

***Key words****: anemia, erythrocyte, hemoglobin, problem, relevance, students, prevalence, diagnosis, goal, boys, girls.*

**Актуальность:**

Проблема распространенности анемии является актуальной для врачей всех специальностей. Анемии является самой распространенной патологией в мире. Проблема распространенности

анемических состоянии в мире изучено недостаточно. По данным ВОЗ в 1993-2005гг. анемиям были подвержены 1,62 млрд. человек, что составляет 24,8% населения Земли.

Несмотря на успехи современной медицины, достигнутые в диагностике и лечении заболеваний системы крови, в частности анемии проблема для Республики Кыргызстана и продолжает оставаться актуальной.

Проблема анемии у юношей и девушек, особенно среди студентов практически не изучена. Современная диагностика анемии, особенно среди молодых людей важно, так как анемия на ранних стадиях существенно снижает работоспособность и сопротивляемость организма к инфекциям, что приводит к ряду патологических изменений в организме. В связи с этим возникает необходимость проводить клинические, лабораторные исследования у юношей и девушек, на основании которых проводить лечебно-профилактические мероприятия среди студентов.

Анемический синдром крайне неблагоприятно влияет на организм человека, что обусловлено развитием процессов гипоксемии и гипоксии. У студентов отмечается нарушение менструального цикла, обеднение эмоциональной сферы с преобладанием плохого настроения, вялость, плаксивости, раздражительности, повышается утомляемость, значительно падает способность концентрации внимания, что приводит к снижению успеваемости в учебе и снижает иммунитет.

Частота распространения анемии в различных странах:

- В США 12-20% женщин страдают ЖДА
- В Норвегии 87,5%
- В России 50-60%
- В Казахстане 60-70%

До настоящего времени проблема анемии в полной мере не решена ни в одной стране мира, поэтому поиск решения является одной из серьезнейших задач в медицине.

**Цель**

Целью настоящего исследования является изучение распространенности анемии среди студентов г. Джалал-Абад и разработка тактики комплексной профилактики и лечения анемии.

**Задачи:**

- Изучить распространённость анемии среди девушек и юношей студенческого возраста.
- Изучить успеваемости студентов, страдающих анемии
- Студенты страдающих анемией взять в учет студенческой поликлиники города Джалал-Абад и проводить комплексное лечение
- Проводить среди студентов профилактические мероприятие: конференция, круглой стол, флэш моб на тему «ЗОЖ»

**Материалы и методы исследования.**

Представляемая научная работа является результатом многолетних наблюдений (2011-2016гг) студентов с/п «Алтей». Джалал-Абадского медицинского колледжа и (2013-2016гг) санаторий профилакторий ЖАГУ

- По медицинским картам проведена ретроспективный анализ.
- Нами проанализировано медицинские карты студентов санаторий-профилакторий
  «Алтей» ЖАМК 6800 студентов из них 5200 девушки 76,4% и 1600 юноши 23,5% и 1145 студентов санаторий-профилакторий ЖАГУ из них 640 девушки 55.8% и 505 юноши 44,1%.
- В соответствии критериями ВОЗ классические гематологические признаки анемии выявлены у студентов ЖАМК 5430 студентов (80%) из них 4600 девушки 84,7% , 828 юноши 15,2% .
- Первая степень или легкая форма 3260 студентов из них 2800 девушки 85.8% и 460 юноши 14,1%,
- Вторая степень средне тяжелая форма 2168 студентов из них 1800 девушки 83% 368 юноши 16,9%.
- Тяжелая форма у двух студента
- Признаки анемии выявлены у студентов ЖАГУ 859 студентов (75%).
- Первая степень или легкая форма 558 студентов из них 408 девушки 73,1% и 150 юноши 26,8%
- Вторая степень -средне тяжелая форма 301 студентов из них 200девушки 66,4% и 101 юноши 33,5%.

- Таким образом, распространенность анемии у студентов г. Джалал-Абад составила 79%.
- При исследовании успеваемости студентов (по итогам экзаменационных сессии) страдающих анемией отличников нет, учатся на оценку «3», «4»

**Результаты исследования и их обсуждение.**

- Общий результат всего -7945 студентов.
- Из них у 6289 студентов выявлено анемия-79%.
- Первая степень (легкая форма) -3818 студентов (48%)
- Вторая степень (среди тяжелая форма) – 2469 (31%)
- Третья степень (тяжелая форма) анемии зарегистрирована у 2 студентов.
- Анемия среди студентов часто встречается у девушек

Практическая значимость.

- Научно-практическая ценность полученных результатов заключается в разработке наиболее эффективных методов диагностики и коррекции анемии среди молодежи студенческого возраста.
- Ранняя диагностика и своевременное лечение позволяет не только оздоровить молодежь в высших учебных заведениях, но и существенно улучшить успеваемость.

**Выводы:**

- Анемия является распространенной патологией среди студенческой молодежи.
- Настоящим заболеванием страдали 4208 девушки % девушек и 1079 юноши % юношей
- Основным этиологическим фактором анемии у студентов является дефицит железа %
- Анемия является одной из причин недостаточной успеваемости у студенческой молодежи.
- Проводить профилактические работы: конференции, лекции, круглый стол, флэш-моб на тему «ЗОЖ».
- Ранняя диагностика и диспансеризация студентов из группы риска анемии и осуществление контроля лабораторных показателей не реже 1 раза в течение 3-6 месяцев.

**Список использованной литературы:**


1. Конь И Я , Куркова В И  Роль алиментарного фактора в развитии железодефицитной анемии  у детей  2001г
2. Румянцева А.Г. Коровина Н.А. Чернов В.М. Диагностика и лечение железодефицитной анемии  методическая пособия для врачей педиатров и гематологов2004-46с.
3. Финогенова Н.А. Чернов В.М.Морщакова Е.Ф. Анемия  у детей, дифференциальная диагностика, лечение. Пособие для врачей педиатров и гематологов 20004- 216с
4. Красильникова М.В. Железодефицитные состояния у подростков2006-24с


*   *   *

УДК 57.089.32

МАЛДАРДЫ ЖАСАЛМА УРУКТАНДЫРУУ
ИСКУССТВЕННОЕ ОСЕМЕНЕНИЕ ЖИВОТНЫХ
ARTIFICIAL INSEMINATION OF ANIMALS

***Ниматилла уулу Н.***
***ЖАМУ, ТТФ ветеринардык медицина кафедрасы***
***В-1-13 тайпасы***
***Жетекчиси: Эркинбаева А.Т.***

***Аннотация:*** *Бул илимий темада айыл чарба малдарын жасалма уруктандыруу жана уруктандыруунун методдору, ыкмалары берилди.*

***Аннотация:*** *На этой научной теме онублика вано искусственное осеменение и методы искусственных осеменение сельскохозяйственных животных.*

***Annotation:*** *Artificial insemination and methods of artificial insemination of agricultural animals are presented on this scientific topic.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Жасалма уруктандыруу цервикалдык урукту куюуучу шприц жыныс коңулу жыныс коңулунун күзгүсү буканын уругу.*

***Ключевые слова:*** *Искусственное осеменение цервикалный катетер влагалиүа влагалиүное зеркало эякуляция.*

***Key words:*** *Artificial insemination cervical vaginal catheter vaginal mirror ejaculation*

Ветеринардык акушерство жаныбарлардын көбөйүшү үчүн зарыл шарттарды,ургачы жаныбарлардын уруктануу процессин, бооздугун, бооздукту аныктоо методдорун, тууттун жүрүшүн жана тууттан кийинки мезгилди изилдеп текшерет. Жасалма уруктандыруу – бул атайын аспаптардын жардамы менен ургаачы малдын жыныс мүчөлөрүнө урукту киргизүү. Сүт эмүүчүлөрдө жасалма уруктандыруунун илимий фактысы 1780 жылдан бери белгилүү. Көрүнүктүү италия окумуштуусу Ладзоро Спаллонцали итти жасалма уруктандырып 62 күндөн кийин 3 күчүк алган. Ушул тажрыйбалардан кийин сүт эмүүчүлөрдө жасалма уруктандыруу көп жыл бою колдонбой, өспөй келген. XIX кылымдын экинчи жарымында жасалма уруктандырууга акушер – гинекологдор кызыгышып аны тукумсуздук менен күрөшүү катары колдонгон. Малды жасалма жол менен уруктандыруу методу малдын бардык түрлөрүнүн тукумдук жана продуктылуу сапаттарын тез жогорулатуу чыгымдалган тоютту жана жумшалган эмкегти жакшы актай турган асыл тукум малдын санын тез көбөйтүү. Табигый жол менен уруктандыруу методунун артыкчылыгы ар бир жогорку баалуу тукумдук эркек малдан куудурууга караганда бир нече эсе көп тукум алууга мүмкүндүк бергендигинде. Бул болсо, жасалма жол менен уруктандырууну жүргүзүү үчүн тукумдук жактан мыкты эркек малды тандап алууга жана аны малдын санын кыска мөөнөттө сапат жагынан жакшыртууга максималдуу пайдаланууга мүмкүндүк берет. Мисалы, Киевдеги «Терезино» жасалма уруктандыруу станциясинда элита – рекорд классындагы Бляк деген тукумдук бука менен бир жылда 4910 уй жана кунаажын уруктандырылган. Жасалма жол менен методу жыныс жолу аркылуу жугуучу ылаңдардан малды сактоого, ошондой эле алдын алууга, малдын түрүндө жукуштуу ылаңдар болгондо ал ылаңдарды жайылтпай эле малды уруктандырууга мүмкүндүк берет. Жыныс системасы дартка чалдыккан малды уруктандырууда да ушул методду пайдалануу мүмкүн, мындай учурда табигый жол менен уруктандырганда мал боозубай калат.

**Уйларды жасалма уруктандыруу ыкмалары**

Уйларды жасалма уруктандыруунун Үч ыкмасы бар:

- Визо-цервикалдык (шприц-катетер менен жыныс коңулун ачуучу күзгү аркылуу жатын моюнчасына уруктандыруу)
- Мано-цервикалдык (кол менен жыныс коңулу аркылуу жатын моюнчасына)
- Ректо-цервикалдык (жатын моюнчасына уруктандыруу, аны түз ичегиги аркылуу кол салып бекитип кармап туруп)

**1. Визо-цервикалдык:** 1%-түү натрий хлордүү же эки көмүр кычкылдуу сода эритмеси менен нымдалган жана 30-40

(10 даанадан бир баштыкта), 2 мл. өлчөмдөгү шприц, тутумдаштыргыч муфта жана беш бармактуу полиэтилген мээлейи түзөт. Шприцтен башкасы уруктандырууга колдонулгандан кийин жок кылынат. Уруктандыруу үчүн мээлей кийген кол менен уйдун жыныс эриндерин ачышат да экинчи колу менен түтүкчөнү уругу менен киргизет. Аны жыныс керегеси аркылуу 20-30 грудста 15-20 см багыттайт да арылатып горизонталдык түрдө жатын моюнчасына түртүп жеткирет. Түз ичегиге мээлейчен салынган кол менен жатын моюнчасын бекитип ыңгайлуу абалга алып келет да, ага жыныс коңулү аркылуу урук түтүгүн киргизет жана урукту жатын моюнчасынын каналына куят. Бул ыкманын артыкчылыгы болуп аспаптарды жугушсуздандыруу жана эритмелерди даярдоо муктаждыгынын жоктугу, жатындан жана жыныс коңулүнөн аккан илешкээктин сапатын контролдоо мүмкүнчүлүгү жана малдарды муздак жана оруксунтуу таасирлерден сактоо саналат. Ошондой эле, мында жыныс органдарын массаждоо менен уруктардын жумуртка түтүкчөсү аркылуу уруктануу жүрө турган жерге карай жылышына жагымдуу шарт түзөт. Уйларды жасалма уруктандыруунун фермердик чарбалардын шартына эң кеңири таркалган жана ыңгайлуу ыкмасы болуп ректоцервикалдык ыкма болуп эсептелет. Мындагы эң чечүүчү маселе болуп уруктандыруунун учурунда жатын моюнчасын туура бекитип кармоо болуп эсептелет. Жатын моюнчасын кармап бекитүүнүн төмөндөгүдөй жолдору бар.

**Уйларды ректоцервикалдык ыкма менен уруктандыруу үчүн аспаптар жана аларды пайдалануу.**

Азыркы кезде фермерлер уйларды түтукчөлөргө сакталаган урук менен жаңы аспаптарды колдонуп уруктандырышууда. Мында, уруктандыруучу аспаптын курамына кармагычы жана кыскычы бар металл түтүгү, өзөкчө жана коргогуч кабыкча (түтүкчө түрүндө) кирет.

Адатга колдонулуучу аспаптар менен уруктандырууда - оператор бир жолу колдонулуучу полистрол түтүкчөлөр сакталган баштыгын алып, анын бир бурчу 96%-түү спирт менен нымдалган кебез тыгыны менен сүртөт да кайчы менен кыркат же түтукчөнүн учу менен тешет. Андан соң түтүктүн 1/3 бөлүк узундугун чыгарат да аны полиэтилен же резина моюнчасы аркылуу стерилдүү шприц менен туташтырат.

Андан кийин баштыжчадан сууруп алат да, баштыкчанын бурчун бүктөп кыскыч менен же чаптап бекитет.
Түтүкчөдө сакталган урук менен уруктандырууда болсо, алгач коргогуч кабыкчалар салынган баштыктын бурчун спиртелген тыгынчалар менен сүрткөндөн кийин кайчы менен бир коргогуч кабыкча баткандай кылып кесет жана андан кабыкчаны 20-30мм узундукта чыгарат.

Сол колго уруктандыруучу аспапты, ал эми оң колго эритилген уругу менен түтүкчөнү алат. Мында уругу менен түтүкчөнү 2-3 жолу силкип коюш керек, аба шарикчеси тыгын жак учун карай жылыш үчүн. Уруктаңдыруучу аспаптын озөкчөсүн 90 мм ге артка тартат да аспаптьш ичине көңдөйчөгө уругу менен тутүкчөнү киргизет (такалганга чейин). Анын учун жугушсуздандырылган кайчы менен тыгын жагын аба көбүкчөсүнөн кийинки жеринен перпепдикулярдуу кылып кыркат. Кайчы курч болушу керек, антпесе начар кыркылган түтүкчөнүн учу ийилип калат да урук толук чыкпай коргогуч кабыкчада калышы мүмкүн. Андан сон уругу менен түтүкчө орнотулган металл аспапка стерилдүү коргогуч кабыкчаны кийгизишет.

Оператор бир колу менен (мээлей кийген жана сууланган) малдын жыныс эриндерин ачат да, башка колу менен уруктандыруучу түтүкчөнү жыныс коңулуна киргизет. Сийдик чыгаруучу түтүкчөнун тешигине туш болуп калбас үчүн, уруктандыруучу аспапты алгач 10 - 15см ге ылдыйтан жогору карай түртөт да анан 20-30° бурч менен алга жылдырат. Андан кийин оператор мээлей кийген колун түз ичегиге салат да жатын моюнчасын кармап жыныс коңулунун буктөлмөлөрү жазылгандай кылып бекитет жана уруктандыруучу түтукчөнү алга жылдырып жатын моюнчасыка алып келет.

Андан ары, жатын моюнчасын сөөмөй же ортоңку манжалар менен бекитип, баш бармак менен жатын моюнчасынын каналынын тешигин табат жана ага чыпалактын көзөмөлү астында түтүкчөнү багытайт. Уруктандыргыч түтүкчөнүн моюнчасын алакандап толук кармап жогору көтөрөт да акырын буралаган кыймыл менен аны түтүкчөгө жылдырат. Уруктандыргыч түтүкчөнү манжалардын контролу менен 2-4 см тереңдикке жылдырат да, акырындатылган басым менен урукту чыгарып куят. Андан кийин уруутандыргыч

аспапты акырындап жыныс коңулунан, ал эми берки колун түз ичегиден чыгарат.

**Жыйынтыктоо**

Айыл чарба малдарын жасалма уруктандыруунун мааниси өтө чоң. Азыркы экономикалык шарттын төмөн болуп жаткан учурунда элибиздин жашоосу көбүнчө мал багып мал кармоо менен болгондуктан, малдын асыл-тукумдуулугун жогорулатуу, сапатын жакшыртуу, жаңы пародаларды чыгарып сүт багытындагы, эт багытындагы малдарды көбөйтүп, өстүрүп мал-чарбасында экономикалык көрсөткүчтөрдү көтөрүү керек.

Жасалма уруктандыруунун пайдалуу жагы жугуштуу ооруларды, айрыкча жыныстык жактан өтүүчү оорулардын алдын алат жана малдардын кысыр калуусу боюнча дагы пайдасы чоң.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Сыдыков Р.Э. Искусственное осеменение коров и овец в условиях высокогорья, Киргизиздат – 1964
2. Шипилов В.С. и.др. Практикум по акушерству, гинекологии и искусственному осеменению сельскохозяйственных животных, Москва, Агропромиздат 1988,
3. Бочаров И.А. и др. Акушерство, гинекология и искусственное осеменение, Ленинград – 1967.
4. Айыл чарба инвестициялары жана кызмат көрсөтүү долбоору. «Уйларды жасалма уруктандыруу.»Бишкек – 2012


* * *

УДК 636.033+615+33

# ОПРЕДЕЛЕНИЕ В МЯСЕ ЯДОВИТЫХ ВЕЩЕСТВ И АНТИБИОТИКОВ
# ЭТТИН КУРАМЫНДАГЫ УУЛУУ ЗАТТАРДЫ ЖАНА АНТИБИОТИКТЕРДИ АНЫКТОО
# DEFINITION OF TOXIS SUBSTANCES AND ANTIBIOTICS

***Нуралы уулу Б.***
***ЖАМУ, ТТФ***
***группа: В-1-12***
***Жетекчиси: Момунжанов С.***

***Аннотация:*** *Определение в мясе ядовитых веществ и антибиотиков. Отбор и пересылка проб и минерализация материала. Определение ядовитых веществ изолируемых перегонкой с водяным паром. Исследование продуктов убоя животных на наличие антибиотиков.*

***Аннотация:*** *Эттеги уулуу заттарды жана антибиотиктерди аныктоо. Текшерүүгө жөнөтүлүүчү эттин бөлүгүн тандап алуу жана минерализациялоо. Текшерүүгө бөлүнгөн этти суунун пары менен аныктоо. Союлган малдын продукциясындагы антибиотиктерди аныктоо.*

